**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Кол жазма укугунда**
УДК: 372.878.14.23.07.

**МУРАТОВА АЙНУРА МУРАТОВНА**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Орусбаева Токтобүбү Абдысаматовна

**Бишкек – 2019**

# Мазмуну

**КИРИШҮҮ**…………………………………………………………………......3

**I ГЛАВА. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ**

**1.1.** Улуттук музыканын табияты жана педагогика, психология жана музыкатаануу илимдеринде изилдениши..........................................................10

**1. 2.** Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери жана деңгээлдери........................39

**Биринчи глава боюнча корутунду**.................................................................52

**II ГЛАВА. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДДОРУ**

**2.1**. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары..................................................53

**2.2.** Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун технологиялары.................................................................62

**2.3.** Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун балдардын музыкалык ишмердүүлүктөрү аркылуу калыптандыруу................75

**Экинчи глава боюнча корутунду**...................................................................94

**III ГЛАВА. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИ УЮШТУРУУ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ**

**3.1.** Эксперименталдык иштин аныктоочу этабы............................................ 96

**3.2.** Эксперименттин калыптандыруучу этабы жана жыйынтыктары...........108

**Үчүнчү глава боюнча корутунду** ..............................................................138

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР**.........................................138

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**............................142

**ТИРКЕМЕЛЕР**.........................................................................................162

# КИРИШҮҮ

**Ишке жалпы мүнөздөмө.** Коомдун алга умтулуп өсүүсүндө, руханий жан дүйнөсү бай, ата-баба мурастарын ыйык тутуп, баалап, сактап, аны өнүктүргөн болочок адистерди тарбиялоо башкы талаптарынын бири. Улуттун руханий салт-санаасын чагылдырган улуттук музыка азыркы күндүн массалык-маалымат каражаттары аркылуу тарап жаткан зомбулуктан, кайдыгерликтен “сактап калчу” эң күчтүү каражат.

Улуттук музыка – элдин кулк мүнөзүн, жашоо шартын, салт-санаасын, өзгөчө чагылдырган этнопедагогиканын негизги элементтеринин бири. Улуттук музыканын баалуулуктары мектепке чейинки педагогдордун педагогикалык ишмердүүлүгүндө чыгармачылыкка, профессионалдуулукка шыктандыруучу баалуу каражат. Ошондой эле улуттук музыканын баалуулуктарын мектепке чейинки педагогдордун окуу процессинде тааныштырып, билимдерин баютуу, ал аркылуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу, чыгармачылыгынын өнүгүшүнө шарт түзүп, кесипке багыттап окутуу алардын кесиптик компетенттүүлүгүндө чоң таяныч.

Бүгүнкү социалдык-экономикалык абалга байланыштуу “Манас” эпосу баштаган улуттук баалуулуктарды жакшы өздөштүргөн болочок педагогдор Г.Н. Волков белгилеген *“эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт”* – деген этномаданий билим берүүнүн парадигмасын ишке ашырат.

**Проблеманын изилдениш деңгээли:** Улуттук баалуулуктарды – тарых, каада-салт, элдик музыка, элдик педагогиканы бир катар эмгектерде ар кандай аспекттен, ар кандай өлчөмдө талдоого алынган (Алимбеков А.А, Аманалиев Ж.А., Анаркулов Х.А., Имаева Н.И., Измайлов А.Э., Рахимова М.Р., Калдыбаева А.Т., Коңурбаев Т.А., Орусбаева Т.А., Түнгатарова Н.К., Үмөтов Т.Э., Усенко Л.В., Умурбекова Т.А.).

Тикеден-тике элдик музыка аркылуу нравалык-эстетикалык тарбия берүү маселелери да бир катар эмгектерде каралган (Асафьев Б.В., Бабенко

А.Г., Безбородова Л.А., Белов В.Н., Волков Г.Н., Никитин Н.Н., Кабалевский Д.Б., Покровский Д.Б., Школяр Л.В.).

Кыргыз музыкасы аркылуу келечек муундарды бала бакчада, мектепте, орто, жогорку окуу жайларда эстетикалык жактан тарбиялоонун илимий методикалык-практикалык негиздери Абышев К.Н., Абдыкеримова М.А., Арзыгулова А.Т., Балтабаева Т.М., Гребенников В.М., Жутанова М.А., Иманбаева Ч.Н., Күренкеева Ч., Борбодоев Ж.М., А. Мастрянская, Н.С. Шадиев, В.Т. Стаценколордун эмгектеринде колго алынган.

Ал эми улуттук музыкалык маданият проблемалары В. Виноградов, А.В. Затаевич, Б. Алагушев, К.Ш. Дүйшөлиев, С. Субаналиев, М. Касей, Б. Сабыр уулу, А. Кайбылдаев тарабынан илимий-теориялык негизде талданган.

Педагогикалык маданиятты калыптандыруунун теориялык-методологиялык маселелери Арчажникова Л.Г., Кузьмина Н.В., Поздняк Л.В., Сластенин В.А., Щербаков А.И., Ядешко В.И. ж.б. эмгектеринде негизделген.

Ал эми мектепке чейинки педагогдордун жогорку, орто окуу жайларында бала бакчада ар кандай топтор менен музыкалык-эстетикалык тарбия берүү маселелери А.В. Антонов, С.В. Громакова, Е.А. Дубровская, М.Б. Зацепин, Т.С. Комарова, О.П. Радынова, Т.Н. Таранова, Т.Н. Овчинниковалардын илимий эмгектеринде талдоого алынган.

Музыкалык тарбия берүү проблемасы Э.Б. Абдуллин, В.В. Алеев, О.А. Апраксина, Т.П. Плеснина, Б.А. Брылин, Н.В. Соколова, Шамина, Л.Л. Куприянова, Д.А. Рытованын эмгектеринде изилденген.

Аталган эмгектердин маанилүүлүгүн, баалуулуктарын баса белгилебей коюуга болбойт, бирок, аталган изилдөөлөр мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгусун калыптандырып, кесиптик даярдоодо илимий-методикалык жактан камсыздоо үчүн жетишсиз. Азыркы күндө педагогика илиминде мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгууларын калыптандырууну атайын изилдөө предмети катары караган эмгектер жок.

Мектепке чейинки билим берүү адистигинде мектепке чейинки педагогдорду даярдоодо кесиптик компетенцияларын толук калыптандыруу

үчүн алардын бала бакчада музыкалык тарбия берүү боюнча теориялык жана практикалык билим-билгичтиктерин калыптандыруу зарыл. Мына ушул процессте алардын билим жана тарбия берүү маселелерин улуттук музыка аркылуу ишке ашыруу даярдыгы жетишсиз. Ушундан улам төмөндөгү **карама-каршылыктар** келип чыгат:

– мектепке чейинки педагогдорду кесиптик даярдап, компетенцияларын калыптандырууда улуттук музыканын мүмкүнчүлүктөрүнүн эске алынбагандыгынын ортосунда;

– мектепке чейинки педагогдордун бала бакчада улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуп, иш алып барууга даярдыгынын жетишсиздиги;

– бала бакчада балдардын эстетикалык табитин калыптандырып, улуттук музыка аркылуу кыргыз элинин улуттук маданияты менен тааныштыруу талаптарынын ишке ашырылбагандыгынын ортосунда.

Демек, *мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну кандай болушу зарыл жана аларды кантип калыптандырууга болот?*

Бул проблеманы чечүү үчүн педагогикалык шарттарды, технологияларды аныктап, мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууга шарт түзүү талабы келип чыгат, ушул жагдайларды эске алуу менен илимий изилдөөгө **"Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары"** аттуу тема тандалып алынды.

**Диссертациялык иштин темасы** И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмунун, критерийлерин, деңгээлдерин, педагогикалык шарттарын аныктоо жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

Максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Мектепке чейинки педагогдорго билим берүүдө улуттук музыканын ордун ачып көрсөтүү.

2. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмунун, критерийлерин жана деңгээлдерин айкындоо.

3. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо

4. Аныкталган педагогикалык шарттардын, методдордун эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү, илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Иштин методологиялык негизи болуп төмөнкүлөр саналат:** изилдөө проблемасы боюнча педагогикалык, психологиялык, музыкалык адабияттарга анализ жасалып, алдыңкы окумуштуулардын жана окутуучулардын тажрыйбалары каралды, алар Алиев Ю. Б. [16], Бабанский Ю.К. [38], Беляев М.Ф [53], Божович И.Л. [60], Выготский Л.С. [79], Теплов В.М. [202] ж.б.

Кыргыз улуттук музыкалык маданиятынын стилдик жана жанрдык өзгөчөлүктөрүн талдоодо Алагушев Б.А. [13,14], Виноградов В.С. [69], Дүйшалиев К.Ш. [100, 101], Затаевич А.В. [110,111], Субаналиев С.С. [196,199], Слезко А.К. [193] Янковскийдин В.В. [225], улуттук музыканын эл оозунан жыйнап, аларды нотага түшүрүп, системалаштырган музыка таануучу-изилдөөчүлөрдөн Валиханов Ч. [66,67], Зеланд Н. [113], Краснов А. [138], Назайкинский Е.О. [159], Радлов В. [178], Эйхгорндун А. [219] эмгектерине таяндык. Ошону менен бирге кыргыз улуттук музыкасы боюнча маалыматтарды тактоодо кыргыз элинин тарыхын жана адабиятын изилдеген илимий маалыматтарга, изилдөөлөргө кайрылдык: Абрамзон С.М. [3], Айтматов Ч.Т. [5], Айтмамбетов Д. [6], Акматалиев А. [7], История Кыргызской ССР [119], Кайбылдаев А. [124,125], «Манас» эпосу боюнча энциклопедиянын №1-, №2-томдору [151], Тынай уулу Эсенжан [206].

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** улуттук музыканын орду, мектепке чейинки педагогдорго билим берүүнүн компоненти катары ачылып көрсөтүлдү; мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун

калыптандыруунун мазмуну, критерийлери, деңгээлдери жана педагогикалык шарттары аныкталды, педагогикалык шарттар аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыктыруунун натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилди.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** изилдөөдөн алынган теориялык жоболор, жыйынтыктар, "Эстетикалык билим берүү (музыка)" курсу боюнча улуттук музыканы камтыган типтүү программа, ОМК, тапшырмалар сиситемасы, тесттер мектепке чейинки билим берүү адистигинде окуган педагогдор үчүн колдонулса болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө түзүлгөн улуттук музыканын үлгүлөрүн камтыган "Ырда, бөбөк" ноталык хрестоматия (270б.) мектепке чейинки педагогдорду даярдоодо колдонууга сунушталат. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун критерийлери, компоненттери бул адистикте иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары колдонулат.

**Изилдөөнүн эксперименттик базасы:** И. Арабаев атындагы педагогика факультетинин мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасы.

**Педагогикалык эксперимент үч этапта** жүргүзүлүп, изилдөөгө 120 мектепке чейинки билим берүү бөлүмүнүн келечектеги мектепке чейинки педагогдору катышты.

**1-этап.** (2014-2015-жж.). Көйгөйдү үйрөнүү жана изилдөө боюнча тажрыйбалык-педагогикалык иштер. Мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык маданияты, музыкалык билим деңгээли, улуттук музыкага кызыгуусу талдалып, эксперименттин максаты, милдеттери аныкталды.

**2-этап**. (2015-2016-жж.). Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун аныктоочу эксперименталдык иш, анын жүрүшүндө анкеталык сурамжылоо, тесттер, суроо-жооп, анализ, синтез аркылуу алардын музыкалык билим деңгээлдери аныкталып, мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун **жогорку, орто, төмөн ченемин** аныктадык.

**3-этап** – текшерүүчү-жыйынтыктоочу. (2016-2017-жж.) Жыйынтыктоочу этапта эксперименттик топ менен текшерүүчү топтун жыйынтыктары белгиленген үч деңгээлдик – жогорку, орто жана төмөн көрсөткүчтөр менен салыштырылып, анализделди.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Улуттук музыка мектепке чейинки педагогдордун: жалпы жана *профессионалдык компетенцияларын калыптандырууда күчтүү каражат* катары *рухий* өсүүсүнө чоң өбөлгө болот; *ички жана сырткы гармониялуулукка* жол ачат; педагогикалык билимдердин булагы; улуттук рухий баалуулуктарды *билип, сактап, өнүктүрүп, өстүрүүсүнө* шарт түзөт; атуул катары *калыптанышына,* адеп-ахлактык, эли-жерин сүйүүгө, элдик каада-салттарды билүүгө шарт түзүп, чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн калыптандырууга жол ачып, көркөм-эстетикалык табитин өстүрөт жана калыптандырат.

2. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу өз ара бири-бири менен тыгыз байланыштагы бир нече компоненттердин байланышынан турат: *аксиологиялык, когнитивдик, эмоционалдык, практикалык, рефлексивдик.* Критерийлик мүнөздөмөнүн көрсөткүчү улуттук музыкадагы этнопедагогиканын осуяттарын окуп-үйрөнүп, билим, билгичтиктери менен бала бакчада балдардын адеп-ахлактык, этномаданий, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык көз караштарын камсыз кылганга, көркөм-эстетикалык табиттерин калыптандырганга, тарбиянын маани-мазмунун билгенге, педагогикалык технологиялар менен иш алып барууга даяр болушу. Критерийлердин көрсөткүчтөрү аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу процессинин ***жогорку, орто, төмөн деңгээлин*** аныктоодон эксперименттин жүрүшү көз каранды.

3. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруучу милдеттердин чечилиши тандалып алынган *педагогикалык шарттардан, технологиялардан, уюштуруу формаларынан көз каранды.*

4. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун ийгиликтүү натыйжасына аныкталган педагогикалык шарттарга таянып жүргүзүлгөн эксперимент аркылуу жетишүүгө болот.

**Изденүүчүнүн илимге кошкон жеке салымы:** мектепке чейинки педагогдорго билим берүү процессинде улуттук музыканын орду талдоого алынды; улуттук музыкага кызыктыруунун педагогикалык шарттары, аныкталды; тапшырмалар системасы, тесттер, кроссворддор аркылуу улуттук музыкага кызыктырууну окуу процессинде ишке ашыруунун технологиялары сунушталды, окуу-иш планы, типтүү программа, ОМК иштелип чыкты.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** илимий иштин негизги материалдары илимий-практикалык конференцияларда баяндама катарында окулду. 20 илимий макала, андан 10 макала чет өлкөдө жарык көрдү.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана тастыктоо:** илимий-изилдөө иштин жыйынтыктары республикалык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды. И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысында; КББАнын Кабарларында, Абай атындагы Казах Улуттук педагогикалык университетинде Эл аралык симпозиумда, (Алма-Ата); Л. Н. Гумелев атындагы Евразия Улуттук университетинин Жарчысында (Астана); Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии, научный журнал “Интернаука” (Россия), Вестник Белорусский государственной университет культуры и искусств (г. Климовск); Республиканский научно-технический журнал Известия вузов Кыргызстана; С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы (Нарын), КУИА «Айтматов окуулары – 2016” илимий-практикалык конференцияда, VIII, IX республикалык илимий-практикалык симпозиумда.

**Илимий иштин түзүлүшү**: диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундулардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Жалпы 175 бет, 6 кроссворд, 3 таблица, 1 схема, 2 диаграмма, 12 тиркеме бар.

# I ГЛАВА. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

## I. 1.УЛУТТУК МУЗЫКАНЫН ТАБИЯТЫ ЖАНА ПЕДАГОГИКА, ПСИХОЛОГИЯ, МУЗЫКАТААНУУ ИЛИМДЕРИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

Коомдун заманбап өнүгүү мезгилинде билимдүү гана эмес, рухий жактан бай, жалпы адамзаттык, улуттук баалуулуктарга кызыгып, аны чыгармачылык менен өркүндөтүп, кайра келечек муундарга өткөрүп берип, коргоп, сактай ала турган жаштарды тарбиялоо маанилүү болуп эсептелет. Азыркы заманбап окутууда мектепке чейинки педагогдордун улуттук баалуулуктарга кызыгуусун калыптандырууда улуттук музыка аркылуу, ага кызыгуусун арттырып, терең билим берип, билим алууга шарт түзүп берүү негизги жолдорунун бири.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук баалуулуктарга жана музыкага кызыгуусу коомдун рухий жактан өсүүсүнө өбөлгө болот. Ошондуктан философиялык-маданий жана психология-педагогикалык изилдөөлөрдүн башкы маселеси болуп адамзаттык маданияттын, анын ичинен музыкалык маданияттын өнүгүүсү эсептелет. Себеби кылымдарды карыткан улуттук маданият, элдик акылмандуулук азыркы муундарга руханий жактан калыптанып, ички жана сырткы гармониялуулукка жол ачат. Улуттук музыкада улуттук баалуулуктун, көз караштын, улуттук каада-салттын өзгөчөлүктөрү чыгылдырылган. Андыктан улуттук музыка боюнча билим берүүнү жандандырып, келечек муундарга ал аркылуу билим жана тарбия берүү маселесин бала бакчада, мектепте, орто жана жогорку окуу жайларда ишке ашырып, жолго коюу зарыл.

Улуттук баалуулуктарды философиялык, психологиялык жана педагогикалык өңүттөрдө өзүнө камтыган руханий мурастардын башында “Манас” эпосу турат. Эпос кыргыз элинин каада-салты менен үрп-адатын, психологиясы менен философиясын, эстетикалык табити менен этикалык

нормаларын, жаратылыш жана коом, математика менен физикалык кубулуштарын, элдин тарбиясын, медицинасын, диний көз караштарын жана географиясын кеңири баяндаган энциклопедия болуп саналат, башкача айтканда улуттук педагогикалык ойлордун генезиси жана эволюциясы “Манас” эпосунда кеңири камтылган. “Манас” – кыргыз элинин тарыхы, маданияты жана педагогикасы.

Түркolog Радлов В.В. түрк тилдерин жана адабиятын тарыхый салыштырма метод менен изилдөөнүн негиз салуучуларынын бири катары *эпос айтуучулук искусствосунун* гүлдөшүнүн себеби, элдик речтин ыргактуу музыкалуулугунда жана эмоционалдуулугунда деп эсептеген. Ал “Манас” эпосунун биринчи орус тилинде, андан соң немис тилинде котормосунун жана ага карата кеңейтилген түшүндүрмөсүнүн автору болгон. “Бул эпос – гректердин эпосундагыдай эле бүтүндөй элдин руханий турмушун жана адеп-ахлагын даана сүрөттөп берет” – деп жазган ал. [119.118-б.].

“Манас” эпосу бүгүнкү күндө өз алдынча улуттун баалуулуктарын таанытып, тарбия берүүчү чоң мектеп. Улут-улут болуш үчүн ар дайым өз дөөлөттөрүн сактап, коргоп, жайылтып, өнүктүрүп турушу зарыл. Кыргыз элинин залкар жазуучусу Ч. Айтматов “адамзаттын агып турган тиричилиги ар дайым мектепке чейинкико умтулганы менен, өткөн тарыхы, тажрыйбасы анын түпкү күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчилеген мурасы болуп келет. Мунсуз коомдук жана маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес” – деп белгилеген. Ал “Манас” баштаган бийик гуманизмге, акылмандуулукка жана ыймандуулукка сугарылган элдик чыгармалар баланы тарбиялоодо, инсан катары калыптандырууда түгөнгүс азык жана ишеничтүү таяныч экендигин белгилеп, чыгармачылыгында элдик жомокторго, уламыштарга өзгөчө маани берген [5].

***“Манас”*** эпосу – бул улуттук оозеки поэзиянын гана эмес, музыкалуу, обондуу ыр маданиятынын туу чокусу. Анын өзгөчөлүктөрүнүн бири – жалпы турпатында поэтикалык жана музыкалык башаттардын айкалышып турганында.

Эпостун поэтикалык тексти, андагы ой-сезим толкундары музыка, обон ыргактыры менен коштолуп, толукталып, көркөмдүүлүгү, таасирдүүлүгү күчөтүлүп турат. “Манас” эпосунда элдик арман, кошок, угузуу, жар чакыруу, керээз, санат-насыят, макал-лакап, күлкү-тамаша, ашыктык ырлары камтылган.

“Манас” эпосунун эң башкы музыкалык өзгөчөлүгү анын жеке жана музыкалык аспаптын коштоосуз аткарылгандыгы, ал ырды, обонду, ымдоону, жандоону, артисттик чеберчиликтин бардык түрүн камтыган формадагы улуттук чыгарма. Эпостун эпизоддору салтанаттуу, созулуңку, жайлатылган, ылдамдатылган жүрүштө, баяндамалуу, пунктирдик ритмде. “Манас” айтуучу бир эле учурда өзүн *обончу, аткаруучу, айтуучу, артист* катары көрсөтөт. Ушундан улам манасчы *“жалгыз актёрдун театры”* деп аталган. “Манас” эпосунун музыкалык интоноцияларын обондор дүйнөсү, кыргыз эпикалык речитативдин энциклопедиясы деп айтсак болот [150].

Мына ушул улуу мурастан азыктанып, элибиздин адабиятынын, маданиятынын өсүп-өнүгүүсү үчүн келечек ээлерен тарбиялоодо жана билим берүүдө элдик педагогика, элдик музыка, элдик адеп-ахлак, элдик салт-санаага окутуп үйрөтүү зарыл. “Манас” эпосунун мазмунунда уникалдуу педагогикалык күч жатат. Эпосто элдин жашоо шарты, эмгекчилдиги, эли-жерин сүйүү, бири-бирине гумандуу, улууларга жана аялзатына урмат мамиле, улуттук каада-салт, чынчылдык, жаратылышка болгон аяр мамиле, элдик майрамдар жакшы чагылдырып берилет, мына ушуларды билүү мектепке чейинки педагогдорго билим берүүдө жеке инсандык маданиятын калыптандыруу менен бирге, өз тарбиялануучуларына татыктуу билим жана тарбия берүүгө даяр болуусуна жол ачат [185, 18-б ].

“Манас” эпосунун обондорун жазып алуу, талдоо, иликтөө иштери 20-жылдардын аягынан башталган. Музыка изилдөөчү А. Затаевич [110] “Манастын” төрт обонун жазып алган. Ал “Манас” эпосунун обону” аттуу макаласында үзүндүлөрдүн негизинде эпостун кандай обондо ырдаларына, ар бир ырдын башындагы муунга айтуучу музыкалык басымды өзгөчө жасарын,

добушка бөтөнчө чабуул коюларын жана айрым муундарга “ээ”, “оо” деген созулмалуу кыйкырык мүнөздүүлүгүн, жети муундагы ырлар менен обондун байланыштыгын айтат. Булар 1939-жылы “Манастын” обондорунун үзүндүлөрү”, “Кыргыздардын музыкалык фольклору” деген жыйнакка басылып чыккан. “Манастын” обондору ар кыл өлчөмдө, ар кандай жүрүштөрдө, түркүн диапозондо, түрдүү музыкалык интонацияда айтылган. Азыркы мезгилге чейин бир да эпос "Манас" сыяктуу ыргакта айтылбайт. Бул кыргыздын салттуу элдик поэзиясы түрүндө сакталып келет. "Манас" эпосунун бардык варианты 6-7 муундан турат.

Ч. Валиханов “Манас” эпосун изилдөөдө “Манас” бул бардыгын өз боюна камтыган энциклопедия, буга Манастын образы далил деп белгилеген [66]. Изилдөөчү Т. Ормонов да “Манастын образы кыргыз элинин идеалдуу инсанынын калыптануусун идеалы, анын образы бүгүнкү күндө да өзүнүн тарбиялык маанисин сактап келет” деп баса белгилеген [166]. Мына ошондуктан “Манас” эпосунунун тарбиялык маанисин музыкалык чыгармалар аркылуу балдарга жеткирүү, алардын адеп-ахлак жана эстетикалык баалуулуктарнын калыптануусуна шарт түзүү үчүн мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдор билим алуу процессинде эпос боюнча жакшы маалыматтарга ээ болуусу зарыл.

“Манас” эпосун кыргыз улуттук аспаптык музыкасы – комуз күүлөрүндө терең философиялык негизде чагылдырылып келген. “Манас” эпосуна арналган күү түрмөктөрү *“Каныкейдин арманы”, “Чоң кошун”, “Семетей күү”, “Алмамбеттин арманы”, “Алмамбет менен Чубак”, “Чоң казат”, “Каныкейден каалгыма”*. Бул күүлөрдүн ар бири программалуу залкар күүлөр. Күүлөр аркылуу “Манас” эпосунун каармандарынын образдарын ачып берип, адабий чыгарманы музыкалык өңүттө кабыл алып, андагы негизги идеяны кабыл алууга багыттоо да мектепке чейинки педагогдордун билим алуу процессинде улуттук музыкага кызыгуусуна шарт түзөт.

“Манас” темасына арналган күүлөрдүн ичинен комузчулар арасында *“Каныкейдин арманы”* аттуу элдик күү өтө кеңири тараган. Эпикалык күүнүн

башкы темасынан алынган баатырдык эпостун обону муңайыңкы кайрыктарда вариацияланып, маңызын, көркөмдүк каражаттарын, таасирлерин байытып, уккулуктуулугун арттырат. Бул “Каныкейдин арманы” элдик күү кеңири тарап, К. Орозовдун,. Ы. Тумановдун, Ш. Шеркуловдун, А. Эшмамбетовдун аткарууларында көркөмдүккө көтөрүлгөн. Ушундан улам “Каныкейдин арманы” кыргыздын элдик күүлөрүнүн классикасына айланган.

“Манас” эпосундагы эпизоддордун ичинен эң кызыктуусу, элдик баатырлардын баатырлыктарын терең чагылдырган күү “Чоң казат”. Бул күүдө бүтүндөй психологиялык окуяны күчтүү жана көркөм баяндоо, сүрөттөө аркылуу залкар комузчуларды өзүнө тарткан. Бул күүнүн негизинде”Манас” эпосунун обонунан бир үзүндү алынып, аны бирде марш, бирде салтанаттуу, бирде муңдуу, бирде ойлуу мүнөздөрдө кайра- кайра кайталап ойношкон. Күүнүн кайрыктарында Манастын он эки кандын колун Таласка жыйнаганы, Каныкейдин “Чоң казатка” аттанган жоокерлерди жабдыганы, алардын жүрүшү, Чубак менен Алмамбеттин чатакташканы, Алмамбеттин туулган жерин көрүүсү, сыр тартышканы, Кошой менен Жолойдун күрөшү, Коңурбай менен Манастын сайышы сыяктуу согуштук окуялар баяндалат. “Чоң казатка” байланышкан дагы бир күү “Алмамбет менен Чубак”. Бул күүдө баатырдык, тайманбастык, эрдик, айлакерлик, акылмандык жагынан Манастан кем калышпаган Чубак менен Алмамбеттин эрдиктери чагылдырылган. Ал эми эли-жерине болгон сагыныч “Алмамбеттин арманы” күүсүндө чагылдырылган. Күүнүн чертилиши салмактуу, кайгылуу жүрүштө, Алмамбеттин муңун элестетет.

“Манас” эпосунун экинчи бөлүгү “Семетей” эпосуна “Семетей күү” жана “Айчүрөктүн Семетейдин ак шумкарын ала качышы” деген күүлөр арналган. Бул күүлөрдө Семетей менен Айчүрөктүн образдары терең ачылып көрсөтүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда “Манас” эпосунун окуялары, обондору кыргыз элинин элдик педагогикасынын  ар тараптуу өнүгүшүнө чоң таасир берип келет.

Улуттук улуу дөөлөттөр боюнча Алимбеков А.А. мындай деп белгилейт, урпактарды улуттун уңгулуу дөөлөттөрдүн мураскери катары *калыптаныш тагдыры таалим-тарбия аркылуу* гана ишке ашырылат. Кыргыз коомунун тарыхынын акыркы жылдарында балдарды өз улутунун руханий дөөлөттөрүн улантуучусу катары тарбиялоого жетишээрлик шарт болгон жок. Ушул эле педагог оюн андан ары мындай деп улантат, бул жерде интернет жана башка маалымат булактары аркылуу байма-бай берилип турган кызыктуу кинотасма, ыр, рекламалык роликтер балдарды түпкү улуттук баалуулуктардан алаксытууга өлчөмсүз салым кошуп жатканын да айтпай коюуга болбойт. Бул идеялардан тыюу жолу менен жеңүү бекер кеп. Алардын таасиринен улуттун баалуу идеялары аркылуу гана күрөшө алабыз. Келечектеги педагогдорду жогорку квалификациялуу адис катары даярдоо багытталган иш-чаралардын этномаданий мазмунунун көп кырдуулугу жана системалуулугунан көз каранды, демек мектепке чейинки педагогдорду этномаданий таалим-тарбия ишке даярдоо илимий маалыматтардын максималдуу көптүгүнөн эмес, алардын балдардын нарк-нускаларын өнүктүрүүгө жана өзгөртүүгө таасир көрсөтүүчү дараметинен көз каранды [19]. Бул азыркы күндө бала бакчада башка элдин маданиятына басым жасап, жомок окуп берүү, ыр ырдатуу, мультфилмдерди жана ар кандай чет элдик тасмаларды көрсөтүү, ошол кызыктуу рекламалык роликтер сыяктуу эле улуттук баалуулуктардан алыстатып, баалуу улуттук идеялар аркылуу таалим-тарбия бербегенибизди көрсөтүп турат. Демек, мектепке чейинки педагогдор этнопедагогикалык жактан, анын ичинен улуттук музыкага боюнча билимдеринин, көндүмдөрүнүн, кызыгууларынын терең калыптанышы менен балдарга өз элинин маданиятын дүйнөлүк маданияттын өрнөк үлгүлөрү менен жуурулуштуруп, билим жана маданият чөйрөсүнө баштоочу болушу шарт.

Волков Г.Н. “Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан (личность) болбойт, инсансыз улут болбойт” – деп белгилегендей,

коомубуздун татыктуу инсандарын тарбиялоо үчүн улуттун тарыхы, маданияты эң басымдуу, маанилүү орунда турат [74].

“Доордун да, жеке адамдын да маданий деңгээли өткөнгө жасаган мамилеси менен өлчөнөт” – деп орус элинин улуу акыны А. С. Пушкин белгилеп кеткен, демек жеке адамдын инсандык маданияты, анын өз элинин улуттук баалуулуктарына кылган мамилеси жеке маданиятынын көрсөткүчү.

Иптаров С. “элдин педагогикалык маданияты – бул баарыдан мурда, элдин тарыхый жактан калыптанып, таалим-тарбиялык максатты көздөгөн рухий жана материалдык дөөлөттөрдү *жаратуу, сактоо*, жана *жайылтуу* системасы болуп саналат, ошондуктан анын бир тарбына көңүл буруп, экинчисин унутуп койбостон, аларды комплекстүү, шайкеш өнүктүрүү жөнүндө кам көрүү зарыл деп белгилеген. Бул улуттук дөөлөттөрдү *өздөштүрүү, изилдөө* жана *окуп- үйрөнүү* менен тыгыз байланышта [117].

Азыркы күндө улуттук дөөлөттөрдүн чоң бир бөлүгү улуттук музыка өз деңгээлинде өздөштүрүлбөй, изилденбей, окуп-үйрөнүү процессинде да көңүл сыртында калган сыяктуу. Муну, Иптаров С. өз оюн улай мындай деп белгилеген, “бүгүн биз элдик педагогиканын дөөлөттөрүн таалим-тарбия ишинде кандайдыр бир экзотика, иллюстрация, жардамчы материал катары түшүнөбүз. Миңдеген жылдар элди эл кылып түптөп, сактап келген элдик улуу мурастар *жансыз экспонат* эмес, ал азыркы жандуу турмуштун өзү, анын өзөгүн түзгөн көөнөрбөс дөөлөт, дайыма кубаттуу таяныч. Бул улуу дөөлөттөрдү окуп-үйрөнүү процессине келсек, ата мекенин, эне тилин, өз кесибин сүйгөн, адеп-ыймандуу жаш муунду эмес, башка тилди, башка маданиятты, башка өлкөнү жактырган, улуттук дөөлөттөргө текебер мамиле кылган муунду өстүрдүк [117].

Демек, улуттук дөөлөттөрдү *окуп-үйрөнүү, сактоо, муундан-муунга өткөрүп* берүү келечек ээлерин тарбиялоочулардын бирден-бир башкы милдети, бул мектепке чейинки педагогдордун улуттук руханий жана материалдык дөөлөттөрү боюнча билимдеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануусун талап кылат.

Дүйшалиев К.Ш. “Кыргыз музыкалык фольклористикасынын предмети жөнүндө” деген эмгегинде “кыргыз элдик музыкалык маданиятынын тамыры байыркы замандарга кетет. Кыргыздардын музыкалык жана поэтикалык салттары көптөгөн кылымдар бою ички жана тышкы факторлордун астында трансформацияланып келген, бирок өзүнүн түпкү көркөм касиетин жоготкон эмес. Ушунун натыйжасында бул салттар улуттук музыкалык чыгармачылыктын белгилүү бир системасын түзүп, кыргыздардын музыкалык фольклору аяр сакталып, этностук чөйрөдө муундан-муунга өтүп келүүдө. Эң байыркы доорлордо аваздык жана аспаптык чыгармачылыктын негизги типтери жана формалары түзүлө баштаган. Феодалдык коомдо мурдатан келе жаткан жанрлар менен кошо эпикалык, дастандык чыгармачылык өнүккөн. Улуттук музыканын өнүгүшү аймактык-стилдик белгилери боюнча түндүккө жана түштүккө бөлүнгөн. Алардын ар биринин өздөрүнө гана тиешелүү тарыхый түрдө бөтөнчө социалдык-маданий шарттарда калыптанган этностук көркөм шарттары бар.

Искусство таануучу Дүйшалиев К.Ш. ар бир региондун улуттук музыкалык маданияты өз кезегинде ички фольклордук диалектилерге бөлүнүп, ага жараша жергиликтүү элдик чыгармачылык, ырчылык, күүчүлүк жана дастан айтуучулуктар салттар ар кандай экенин белигилейт [98].

Кыргыз улуттук музыкалык фольклористикасынын калыптануусунун алгачкы мезгилинде Затаевич А. “кыргыз музыкалуулугунун эң салмактуу борбору жана бул элдин чоң баалуулук, зордуулук жана оригиналдуулук боюнча музыканын кенч-казынасына олуттуу салым кошо ала тургандыгы ушул аспаптык күүлөрүндө” – деп баса белгилеген [111.39-б ].

Затаевичтин А. мындай бир жактуу тыянакка келүүсүнө 1928-жылы аспаптык музыканын эң мыкты үлгүлөрүн чыгаан комузчу жана кыл кыякчы чеберлерини аткаруусунда, ал эми аваздык фольклордун өтө аз санда, кыска лирикалык, тиричилик жана каада- салт ырлары түрүндө дасыккан кесипкөй ырчылардан эмес, эл арасында жөнөкөй ырчылардан жазып алуусу түрткү болгон.

А. Затаевичтин кыргыз элдик музыкасын чогултуудагы эмгектери баа жеткис, ал элдик музыканын үлгүлөрүн эл арасынан жыйноону жана аны кайра нотага түшүрүүнү баштап берген. Элдик музыканын жанрларын, элдик аспаптарды классификациялаган, жазып алынган ар бир музыкалык чыгармага кызыктуу адабий формада түшүндүрмөлөрүн да жазган.

Анын “Кыргыз аспаптык күүлөрү жана обондору” деген китебине М. Күрөңкөев, К. Орозов, Ж. Боогачинов, М. Баетов, А. Огонбаев, М. Мусулманкулов, Ы. Туманов, К. Акыевдердин ыр-күүлөрү да кирген. Ошону менен бирге А. Затаевич Т. Сатылганов менен бетме-бет отуруп иштешкен бирден-бир фольклорчу-музыкант болгон. Ал Т. Сатылгановдун он сегиз комуз күүсүн жогоруда аталган китебине киргизген. Жазып алынган чыгармалар аркылуу Т. Сатылгановдун комузда ойноо ыкмасын да таасын сүрөттөп берген [110].

Бул музыка таануучу тарабынан нотага түшүрүлгөн элдик музыкалык чыгармалар профессионал композиторлор тарабынан өз чыгармаларында тематикалык материал катарында колдонуп келинген. Кыргыз элдик музыкасын изилдеген окумуштуу-изилдөөчү А. Затаевичтин жасаган ишинин практикалык жана теориялык маанисин, жалпы маданий, тарыхый баалуулугун, көркөмдүгүн “Кыргыз аспаптык күүлөрү жана обондору” деген китептин баш сөзүндө В.Виноградов баса белгилеп кеткен.

Виноградов В.С., А. Затаевичтин баштаган ишин олуттуу толуктап, музыка таануучу катары элдик музыканттар жөнүндө көптөгөн эмгектерди жазган. Анын “кыргызская народная музыка” (Фрунзе,1958) деген китебинде кыргыз фольклордук музыкасынын өнүгүш тарыхын, стилдик, жанрдык өзгөчөлүктөрүнө теориялык жактан мүнөздөмө берип, белгилүү элдик чеберлердин чыгармачылыгын талдаган. Анын “А. Огонбаев” (М.,1960), “М. Күрөңкөев” (Фрунзе,1962), “Токтогулдун музыкалык мурасы” (М.,1961), “Кыргыз эл музыканттары жана ырчылары” (М.,1972) деген аталыштардагы элдик музыканы изилдеген китептери жарык көргөн [67].

Ал эми казак элинин көрүнүктүү изилдөөчүсү Валиханов Ч. төмөнкүлөрдү белгилеп кеткен “кыргыздар музыка менен төкмөлүктү абдан жакшы көрүшөт. Аларда “Манас” деген эпикалык поэма бар” деп белгилеп, эпоско тарыхый-адабий талдоо берген [66.208-б.].

Советтик белгилүү музыка таануучу В.М. Беляевдин кыргыз салттуу музыкасы боюнча көңүлүн эл арасынан фольклор жыйноо эмес, аларды системага салып, совет доорундагы элдердин музыкаларын салыштырып изилдеген. Анын “Очерки по истории музыки народов СССР” (М.,1962) деген китебинде “Кыргыздардын музыкалык маданияты” деп аталган бөлүгү улуттук музыкалык маданияттын этногенезисинин теориясына, жанрлардын түзүлүш системасына болгон көз карашы берилип, Т. Молдонун, Т. Сатылгановдун, М. Баетовдун, М. Күрөңкөевдин, А. Огонбаевдин чыгармачылыгы мүнөздөлгөн. [53].

Кыргыз улуттук музыкасына (мүмкүн түрк элдеринин музыкасына) чет элдик изилдөөчүлөрдөн биринчилерден болуп көңүл бургандар француз табият таануучу окумуштуулары Гийом Капю жана Пьер Габриель Бронвалло болушкан. Алардын “Борбордук Азиядагы кыргыздар менен сарттардын музыкасы” (Этнографическое обозрение” журналы) деген макаласында Г. Капю, Борбордук Азиядагы элдердин – кыргыз, казак, өзбек, түркмөн, уйгур, ооганстан, бадакшан элинин *добуш чыгаруу* искусствосун мүнөздөп жазган. Макала элдик аспаптардын сүрөттөрү, ырлардын жана күүлөрдүн ноталык мисалдары менен жабдылган, бирок кыйсы элдин аспабы же күүсү так жазылган эмес. Макалада Г. Капю кыргыздардын музыкасы турмуш-тиричилиги менен тыгыз байланышта деп белгилеген. Андыктан фольклор дайыма колдонмо мүнөзгө жана социалдык, адеп-ахлактык тарбиялык функцияга ээ. Дээрлик бардык салттуу чоң окуялар – деп белгилеген Капю майрам болобу, кыйгылуу болобу, дайыма салттуу музыкада “европанын трубадурлары” сыяктанган кыргыз кесипкөй ырчы-акындары бар экендигин эскерткен. Ал элдик музыканттардын күү черткенине назар салып, чертип

жатып комузду башка толгоого которгонун кызыктуу ыкма катары белгилеген [99.300-б.].

Бирок, бул ойду изилдөөчү Н. Зеланд кыргыздардын музыкалык чыгармачылыгындагы кесипкөй ырчы-музыканттардын бардыгын жокко чыгарат. “Кыргыздар оюна эмне келсе, ошонун барын ырга салат, кээде талаада хор менен ырдоону көрдүм, уктум, бирок кесипкөй ырчылары жок” [113. 29-б.], ошол эле учурда А. Краснов өзүнүн кесиптештерин актоо ирээтинде “кээ бир болуштуктар өздөрүнүн *балалайкалары (комузду белгилесе керек)* менен айылдан айылга кыдырган ырчылары менен өтө белгилүү” – деп жазган [138.481-б.].

Ал эми австриялык музыкант Август Ф. Эйхгорн *“кара кыргыздардын”* фольклорунун этика менен эстетикасына, аваздык жана аспаптык салттарына, эпикалык айтуучулугуна, айрым жанрлардын коомдогу аткарган ролуна жана функциясына жараша баа берген. Анын изилдөөсүнүн ийгиликтери, ал элдик аткаруучулук өнөрдүн формаларын жана жанрларын, анын ичинде, акындардын айтыштарын, жеке жана топ түрүндө ырдоону, музыкалык оюндарын баяндап жазгандары. Музыкант эл ичинен 5 аспаптык пьеса, 25 аваздык, 2 аваздык-аспаптык чыгарма жазып алып, элдик музыканын стилдик өзгөчөлүктөрүн белгилеп, нотага түшүрүп, кыргыз этномузыкасы менен башка элдердин музыкасындагы айрым окшоштуктарды белгилеген.

Бул фольклорчу-музыканттын келечектеги музыка изилдөөчүлөрүнө арнаган осуяты өзгөчө орунду ээлейт. Анда “кимде-ким кыргыздар өз музыкасын суктануу менен көңүл коюп, өтө толкундана ага жан дили менен берилип укканын көрсө, кимде-ким шайыр жана тамашалуу чыгармаларды дене кыймылы, көңүл толгоолору менен коштоп укканын байкаса, ал кыргыз музыкасына жеңил карап, көңүл кош карабайт, бирок бала кыял сыяктуу болгон мындай музыкада терең сыр жаткандыгын мойнуна алууга аргасыз болот” – деп белгилеп өткөн [219. 80-б.].

Сырттан келген фольклорчу-изилдөөчүлөр менен катар жергиликтүү музыка таануучулар да улуттук музыканын изилденишине көптөгөн

эмгектерин жумшашкан. Мында музыка таануучу Б. Алагушовдун эмгектерин баса белгилеп өтсөк болот. Ал элүүдөн ашык эл шайырлары жөнүндө эмгектерин жараткан. Алар Айдараалы, Ниязаалы, Музооке, Эркесары, Токтогул, Муратаалы, Карамолдо, Атай, Чалагыз, Калык, Муса, Самара, Мыскал жана башкалар тууралуу эмгектери. Б.Алагушов тарабынан эки фольклордук чоң жыйнак түзүлгөн, биринчиси К. Орозовдун чыгармачылык жолун жана чыгармаларын толук камтыган, ал эми экинчиси элдик ырлардан азыркы күндүн обончулары менен композиторлорунун чыгармаларын сөзү жана нотасын кошо камтыган эмгек. Анын "Кылымдардын кылдары" деген китебинде жогоруда аты аталган комузчулардын чыгармачылыгы, алардын чыгармалары аркылуу кеңири ачып берилген. Ал Т. Бөрүбаев, С. Мусаев, К. Камбаровдор менен бирдикте "Кыргыз музыкасынын антологиясы" деген 36 граммпластинкадан турган аудио жазууну жарыкка чыгарышкан. Граммпластинкада улуттук музыканын ар түрдүү жанрлары камтылып, кайра аларга түшүндүрмөлөрү тиркеме катарында берилген [12].

Искусство таануу илиминин доктору, музыка таануучу К.Ш. Дүйшалиевдин да улуттук музыканы чогултууда, классификациялоодо жасаган эмгектери абдан чоң. Анын биринчи "Киргизская народная песня" (М.,1982) аттуу монографиясы кыргыз элдик ырларынын обондук-интонациясына, ладдык системасына, формасына, түзүлүшүнө жана обон менен тексттин өз ара байланышына арналган. К.Ш. Дүйшалиев элдик музыканы теориялык жактан изилдөө менен гана чектелип калбастан, фольклордук чыгармаларды жыйноо, аларды кайра системага салып, нотага түшүрүп, элге тартуулап келет. Алардын ичинен "Манас" эпосунан "Каныкейдин Тайторуну чабышы", "Курманбек", "Жаныш-Байыш", "Саринжи-Бөкөй", "Ак Мөөр" эпостору жана бешик ырларынын, кошоктордун, жаштар ырларынын ар кандай түрлөрү (региондук) нотага түшүрүлгөн. Анын аваздык фольклор боюнча кандидаттык (1976) жана докторлук (1991) диссертацияларында элдик ырлардын музыкалык-поэтикалык жана жанрдык түрлөрүнүн типологиялык маселелери терең

талданган. Дүйшалиев К.Ш. “Кыргыз эл музыкасы” (Бишкек, 2007) деген эмгегинде кыргыз улуттук музыкасын аваздык музыкасы, эпикалык жанрлар, акындар чыгармачылыгынын жанрлары, кыргыз элдик музыкалык аспаптары жана аспаптык жанрлар деген бөлүктөр менен терең изилдеп, ар бир бөлүктү маңыздуу ачып берген. Кыргыз улуттук музыкасын ачып берүүдө анын ар бир жанрын мүнөздөп, кайра аларга мисалдары менен берген [100].

Этномузыка таануучу Г.М. Байсабаеванын “Манас” эпосундагы музыкалык-педагогикалык принциптер” деген илимий эмгеги жана ушул багыттагы бир нече илимий макаларында музыкалык этнопедагогика боюнча маалыматтарды топтоп, изилдеген. Ал “Манас кенчи” музыкалык-драмалык сценарий, “кыргыз күүлөрүнөн түзүлгөн сольфеджио” жана улуттук музыканы камтыган окуу программаларын түзгөн.

Ал эми *органология (аспап таануу илими)* боюнча музыка таануучу С. Субаналиев өзүнүн илимий иштерин жүргүзгөн. Анын улуттук музыканын аспаптык бөлүгүн изилдөөгө арналган кандидаттык диссертациясынын өзөгүн улуттук музыкалык аспаптардын жаралыш тарыхы, эмнеден жасалгандыгы, түрлөрү, аткаруу ыкмалары боюнча илимий маалыматтар түзөт. “Кыргыз музыкалык аспаптары” (Фрунзе, 1986. 1991.) аттуу монографиясында улуттук музыкалык аспаптар боюнча теориялык маалыматтар терең берилип, 30дан ашык музыкалык жана музыкалык эмес аспаптар толук классификацияланган. Музыка таануучу С. Субаналиев кыргыз музыкалык маданиятынын үч аймактык бөлүнүшүн белгилейт, түштүк аймагы Ош, Джалал-Абад, Баткен областы, түндүк аймагы Ысык-Көл, Нарын, Чүй өрөөнү жана түндүк-батыш аймагы Талас, Чаткал, Кетмен-Төбө жана Аксы өрөөнү. Мына ушул ар бир аймактын өздөрүнө таандык акын-айтуучулары, төкмө акындары, аткаруучулары, комузчулары, ырчылары бар. Алардын чыгармаларынын обондору, ладдык мүнөзү, ритмикалык сүрөттөлүштөрү, бай мазмуну ар бир угуучуну өзүнө тартып турат деп белгилөө менен, улуттук музыкалык аспаптардын жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн терең талдаган [196.12-13-б.].

Белгилүү комузчу Ч. Исабаев аткаруучулук өнөр менен гана чектелип калбастан, элдик ырларды, күүлөрдү бир тональностуу ( ля мажор) системага салып, нотага түшүрүп, комуз күүлөрүнүн бүгүнкү күнгө чейин сакталып калышына шарт түзүп, комуз үйрөнүүчүлөргө нота менен ойноого мүмкүнчүлүк ачып берген  Ал “Комуздун тандалма күүлөрү” деген китебин түзгөн, бул китеп бүгүнкү күндө эң керектүү окуу куралы катары музыкалык мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында колдонулуп келет

Бүгүнкү күндүн белгилүү кыргыз композитору А. Жээнбаев да өзүнүн чыгармачылыгын улуттук музыка менен тыгыз байланыштырып, эл арасынан активдүү жыйноочулардын бири. Ал кыргыз композиторлор союзунун кызматкерлери менен бирдикте 89 күүнү жана 154 ырды нотага түшүрүп, басмага даярдаган.

Аманова Р.А. “кыргыз элдик профессионалдык салттык ырчылыгы” деген темада кыргыз улуттук музыканын аваздык бөлүгүн терең ачып берген илимий эмгегинде салттык ырлары биздин күнгө чейин жеткен чебер авазчылардын өнөрлөрүн изилдеген. Улуттун байлыгы Боогачы Жакыпбек уулу, Атай Огонбаев, Муса Баетов, Мыскал Өмүрканова, Калмурат Рыскулов, Токтосун Тыныбеков сыяктуу ырчылар улуттук музыканын бай казынасын жаратып, бүгүнкү күндө да ар бир угуучунун кызыгуусун жараткан алп чыгармаларын терең ачып берген.

Кыргыз улуттук музыкалык маданиятын изилдөөгө заманбап этномузыкалык билим керек, анда ал чыгармалардын тарыхын, теориялык аспектилерин, жанрларын жана алып жүрүүчүлөрүн изилдеп, таанып-билип, ал аркылуу улуттук музыканы кайра жаратып, угуучулардын кызыгуусун жарата алабыз деп белгилеген. Р. Аманова “кыргыз улуттук ырчылык искусствосу – бул биринчи кезекте аткаруучулук искусство” деп белгилеп, кыргыз ырчыларынын аткаруучулук чеберчилиги, үндөрүнүн күчтүүлүгү менен өзүнө тартып турат дейт [23].

Мына ушул сыяктуу кандидаттык диссертациясында жана илимий макалаларында А. Слезко элдик аспаптык пьесалардын стилдик жана формалык түзүлүш проблемаларын изилдеген [193].

Дагы бир илимпоз, музыка таануучу Е. Лузанованын этномузыкалык илимий иштери бар. Ал К. Дүйшалиев менен бирдикте “Кыргызское народное музыкальное творчество” деген элдик музыкалык чыгармачылыкты жана чыгармачыл инсандарды талдаган китепке авторлош.

Улутук музыканы ар тараптан изилдеп, педагогикалык ишмердиктери менен бирдикте алып жүргөн педагог, музыка таануучулар тарбынан фольклордук музыка боюнча көптөгөн эмгектер жазылган. Мисалы, Б. Феферман, Б. Кулболдиевдин “практический учебник игры на комузе” (Фрунзе, 1960), Б. Бейшенбиев “Комузда ойноо”(Фрунзе,1973), Ч. Исабаев “Комуздун тандалма күүлөрү” (Фрунзе,1987), З. Иманалиев, Ж. Үркүнбаев “Комуз черткенге үйрөтүү” (Фрунзе, 1988), Б. Алагушов, Т. Койгелдиева, Ш. Турдумамбетова “Кыргыз музыкасынын тарыхынан” (Фрунзе,1989), В. Роман “Кыргыз музыкалык адабияты” (Бишкек. 1995), К.А. Дүйшембиева «Кыргыз элинин байыркы оозеки музыкалык чыгармачылыгынын таржымалы» (Бишкек,2005), Р. Мадварова жана А. Кузнецовдун “Школа игры на темир комузе” (Фрунзе,1988), салттык музыка борбору “Устатшакирт” тарабынан улуттук музыканын аспаптык жана аваздык бөлүгүн, ошону менен бирге элге кеңири жайылган обончу-аткаруучулардын чыгармаларынан турган кыргыз эл аспаптарына ылайыкташтырылып нотага түшүрүлгөн ноталык жыйнактар сыяктуу китептер.

Салттык музыка борбор “Устатшакирт” улуттук музыкалык мурастарды сактоо менен катар жандандыруу маселелерин көтөрүп, С. Токтакунова, С. Шабданов, Н. Абдрахманов, З. Иманалиев, Т. Касаболотов, Н. Уралиев жана жаш окутуучу-музыканттар өздөрүнүн аткаруучулук-чыгармачылык чеберчиликтерин жаш муундарга үйрөтүп келет. Мында окутуу «устаттан шакиртке» жолу менен иш алып барылат. Мисалы, музыка таануучу Р. Сырдыбаеванын белгилөөсү боюнча «кезинде Т. Сатылганов эл ичинен

чыгармачыл, музыкалык жактан жөндөмдүү бала көрсө, аны өзүнүн тарбиясына алып, ага болгон өнөрүн үйрөткөн. Биз да ушул ыкма менен балдарды улуттук музыкалык мурастарга жакындатып, окутуп-тарбиялап атабыз. Биздин максат азырку улуттук музыканын залкарлары өздөрүнүн чыгармачылыгын келечек муундарга үйрөтүп, улантуучуларды тарбиялоо» – деп белгилеген [67].

Бүгүнкү күндө улуттук музыканын аваздык жана аспаптык бөлүгүн улуттук музыкалык аспаптарда заманбап аранжирлөө аркылуу К. Орозов атындагы Академиялык Эл аспаптар оркестри, “Устатшакирт” жана «Ордо-сахна» салттык музыкалык топтору, “Камбаркан” музыкалык-этнографиялык ансамбли, мультиаспапчы Н. Нышанов жетектеген кесипкөй фольклордук топ “Теңир-Тоо”, кыл кыяк күүлөрү музыка таануучу жана кыл кыякчы Б. Чытырбаев тарабынан, «адам-оркестр» аталган К. Азыкбаев, «Акак» комузчулар ансамбли жана башкалар тарабынан элге тартууланып келүүдө.

Ошону менен бирге улуттук музыкалык маданият аркылуу келечек муундарды – бала бакчада, мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында эстетикалык тарбия берүүнүн ар кандай илимий методикалык-практикалык жолдору да көптөгөн жергиликтүү окумуштууларыбыздын эмгектеринде чагылдырылган.

Абышев К.Н. “педагогикалык жогорку окуу жайларында студенттерди музыкалык-ырчылык фольклор аркылуу эстетикалык тарбиялоо” деген илимий изилдөө ишинде кыргыз фольклордук музыкасынын аваздык бөлүгү менен терең тааныштырылып жана ал аркылуу студенттердин эстетикалык табитин калыптандыруу, кыргыз элдик аваздык музыкасын практикалык негизде пайдаланып эстетикалык тарбиялоонун башаты катары караган [4].

Иманбаева Ч.Н. “Келечектеги башталгыч класстардын мугалимдеринин улуттук музыкалык маданиятка кызыгуусун калыптандыруу (кыргыз музыка өнөрүнүн негизинде)” деген илимий изилдөөсүндө замандын талабына ылайык жаш муундарды тарбиялоодо келечектеги мугалимдердин жалпы маданияты менен бирге, музыкалык маданияты калыптанып, улуттук

музыканын ар түрдүү жанрларын билип, талдап, ал аркылуу өздөрү тарбиялаган окуучулардын улуттук музыкага болгон кызыгууларын ойгото алышы керектигин баса белгилеген. Изилдөөдө «маданият» деген түшүнүктү талдап, анын негизинде кыргыз улуттук музыкалык маданияттын баалуулуктарын ачып берген. Андан ары изилдөөдө кыргыз музыкалык маданияты, музыкатаануу боюнча адабияттар изилденип, кыргыз улуттук музыкалык маданиятынын эстетикалык тарбия берүүчү баалуулуктары берилип, кыргыз музыкалык маданиятынын келекчектеги башталгыч класстардын мугалимдеринин кызыгуусун калыптандыруучу шарттары белгиленген. *«Кызыгуу»* жана *«музыкалык кызыгуу»* деген түшүнүктөр аныкталып, кыргыз музыкалык искусствосунун жанрлары аркылуу улуттук музыкага кызыктыруунун бөлүктүк компоненттери ачылган.

Иманбаева Ч. илимий эмгегинде тандалып уктурулган улуттук музыкалык чыгарма угарманга эстетикалык эргүү тартуулап, аны эстеп калууга шарт түзгөн, музыкалык кызыгууну ойгото алчу көркөм жанр болуусун белгилеген. Себеби, эстетикалык эргүүнү жарата алган чыгарма инсандын чыгармачылык активдүүлүгүн ойготууга жол ачат. Бул эмгекте Э – эрктик компонент, С – сезимдик компонент, Т – таанып билүүчүлүк компонент деген модель белгиленип, *эрктик компонент* менен студент музыкалык чыгарманы сезим менен кабыл алып, тандоого жана багыттоого даярдыгын баалап, музыкага кызыгуусун тарбиялоочу негизги көрсөткүч катары каралган, ал эми *сезимдик компонент* уктурулган улуттук музыкалык чыгарма ойлондуруучу же, кайгыртуучу, сүйүндүрүүчү сезим калтырган социалдык маанилүү кубулуш катары мүнөздөлөт, *таанып билүүчү компонент* кыргыз улуттук музыкасы боюнча жалпы билимдердин суммасы катары каралат: музыка искусствосунун көркөм каражаттары жана музыкалык искусство боюнча жалпы теориялык билимдер. Бул белгиленген компоненттер студенттердин психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен улуттук музыкага кызыгууларын аныктоого жол ачат [115].

Мастрянская Л.А. [154] "Бала бакчада кыргыз совет музыкасынын чыгармалары менен тааныштыруу аркылуу жогорку топтогу балдары эстетикалык тарбиялоо" деген иилмий эмгегин жазган. Бул эмгек бала бакчада билим жана тарбия берүү процессиндеги музыкалык педагогиканы камтыган бирден-бир эмгек. Илимий иш элдик музыка менен катар професиионалдык музыканы да камтып, музыкалык занятиелерди уюштуруу, аларда балдардын музыкалык ишмердүүлүктөрү аркылуу аларга эстетикалык тарбия берүү процессин ачып берген.

Шадиев Н.С. [213] "Студенттерди кенже класс окуучуларын кыргыз музыкалык фольклорунун каражаттары аркылуу нравалык-эстетикалык жактан тарбиялоого даярдоо" деген илимий эмгегинде фольклордук каражаттар аркылуу, педагогикалык шарттарды түзүп, нравалык-эстетикалык тарбия берүү процессин изилдеген. Нравалык-эстетикалык тарбия берүүнүн каражаттары катары элдик ырларды, эпосторду, элдик аспаптык музыканын үлгүлөрүн колдонгон.

Улуттук музыкалык маданият аркылуу тарбиялоо жана билим берүү маселеси бир топ чет элдик илимпоздордун да илимий-педагогикалык изилдөөлөрүндө каралган. Улуттук музыкалык маданият өзүнө жогорку окуу жайлардын окуу-тарбиялык процессинде инсандын гумандуулук, нравалык жана профессионалдык маданияты калыптанышына чоң таасир берүүчү педагогикалык мүмкүнчүлүктөрдү сиңирген. Окутуунун улуттук музыкага таянган гумандуулук технологиясы жана тарбиясы рухий жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды билип, анын натыйжасында ар бир адам улуттук баалуулуктарды билип, сактап, анан аны андан ары өнүктүрүп, өстүрүүгө шарт түзөт. Гумандуулук, инсандык, нравалык, профессионалдык адамдын мүмкүнчүлүктөрү улуттук музыкалык маданияттын калыптанышына таасирин тийгизет жана ири мааниге ээ. Жалпы маданияттын калыптанышы менен катар, музыкалык маданияттын калыптанышы мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдордун кесиптик компетенцияларынын калыптанышына чоң шарт түзөт.

Изилдөөбүздүн жүрүшүн чет элдик педагог-психолог изилдөөчүлөрдүн эмгектерине бурсак. Белгилүү окумуштуулар жаштарды *окутуп-тарбиялоодо* маданий агартуу иштерин улуттук музыкалык маданият аркылуу өзгөртүп, өнүктүрүп, калыптандырууну белгилеп кетишкен.

***Философия жаатындагы*** изилдөөлөр (Каган М.С. [119], Лосев А.Ф. [145], Тельчарова Р.А. [197,198], ***педагогика жаатындагы*** Алиев Ю.Б. [17], Арчажникова Л.Г. [32], Ветлугина Н.А. [68],. Громакова С.В [90], Груздова И.В. [91], Дубровская Е.А. [97,98], Комарова Т.С. [133], Малюков А.Н. [153], Радынова О.П. [181,182], Таранова Т.Н. [196], Шацкая В.Н. [210]), ***психология жаатында*** (Выготский Л.С. [81], Ковалев А.Г. [131], Леонтьев А.Н. [146,147], Теплов Б.М. [200,201]), Рубинштейн Л.С. [187], ***музыка таануда*** (Асафьев Б.В. [35,36], Кабалевский Д.Б. [120], Назайкинский Е. [159], Сохор А.Н. [194]) музыканын ролун инсандын руханий жана интеллектуалдык өнүгүүсүндө аныктап, анын семантикалык маанисин билдиришкен. Музыканын адамга тийгизген таасири өтө чоң жана универсалдуу. Бир дагы башка ишмердүүлүк ар бир адамдын жан дүйнөсүнө жол ача албайт деп баса белгилешкен.

***Философия жаатындагы*** изилдөөлөрдө Аристотель эң сонун пикирин калтырган: “музыка жандын нравалык жагына таасир тийгизүүгө жөндөмдүү, музыка жаштарды тарбиялоочу предметтердин катарына кошулат”.

Жалпы музыкалык маданият, ага болгон кызгуулардын калыптанышы боюнча Е.Н. Шиянов гумандуу маданиятты аныктоо менен анын гуманисттик баалуулуктарын чагылдырып, “бул билим, сезим, пикир алышуу, чыгармачыл иш-аракеттердин айкалышуусу” – деп белгилейт. Адам өзү жараткан дүйнөдө жашайт, тарыхый маданияттын баалуулуктарын баалайт, курчап турган дүйнөнү жаңыртат, өзүн калыпка салат жана байытат. Инсан чөйрөдөн алганынын бардыгын өзүнүн жеке маданияты катары эсептесе болот. Ошондой эле автор улуттук маданият инсандын ички байлыгы менен, анын рухий талаптары, шарттары, мүмкүнчүлүктөрү аныкталат дейт [216,105 - б].

Ал эми Арнольдов А.И. “маданият, анын ичинен улуттук музыкалык маданият – бул рухий баалуулуктардын өнүгүп туруучу системасы жана

адамзат чыгармачылыгынын процесси ..., жана бул инсандык мамилелердин, көз караштардын, баалоолордун, кызыкчылыктардын системасы” дейт [31].

Биздин изилдөөбүз үчүн көрүнүктүү орус окумуштуусу М.С. Кагандын “маданият – бул адамзаттын ишмердүүлүгү, ал материалдык дүйнөнү кайра жаратып, көркөм чагылдырып, предметтүүлүктүн формасын өзгөртөт” – деген чечими маанилүү [121]. Автор “адамзаттык ишмердүүлүк гана улуттук маданиятты жаратат, адамды биологиялык заттан маданияттуу кылат” – деп белгилейт.

Каган М.С. өзүнүн көз каршында улуттук музыкалык маданиятты системалык, тарыхый жактан калыптанган көп жактуу биримдиктүү *“адамдык ишмердүүлүктөрдүн, жөндөмдүүлүктөрдүн спецификалык жыйындысы”* – деп атайт [121. 173-бет)]. Автор жалпы маданияттын *үч катмарын* бөлүп көрсөтөт, алар: *материалдык, рухий жана көркөм катмар*. Анын ою боюнча көркөм маданият өз алдынча ийкемдүүлүккө ээ, анткени искусство өзүнүн айланасында адамзаттык ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн жыйнап алат (кайра жаратуучу, таанып-билүүчү, баалуулукка багытталган жана коммуникативдүү), ал бир эле убакта материалдык форма менен рухий мазмунду айкалыштырат. Ушундан улам адамдын маданий талаптары, кызыгуулары бөлүнүп чыгат, алар баалуу багытталууну, билимди, коммуникацияны, практикалык ишмердүүлүктүн ишке ашырылуусун көзөмөлдөйт. Адамдын сезимдик, интеллектуалдык жашоосу канчалык кенен болсо, анын рухий жан музыкалык маданияты ошончолук бай болот. Рухий маданияттын маанилүү аспектиси болуп музыкалык маданият эсептелет. Ал адамдын улуттук музыкалык баалуулуктарга болгон мамилеси, аларды колдоно билүүсү, ага кызыгуусу менен аныкталат.

Р.А. Тельчарованын изилдөөсүндө улуттук музыкалык маданият коомдун рухий жашоосунун философиялык-эстетикалык деңгээлинин маанилүү бөлүгү катары берилет. Музыкалык маданият “инсандын музыкалык ишмердүүлүгүнүн жыйындысы жана музыка жаатындагы музыкалык чыгармачылыгы”. Автор музыкалык-эстетикалык маданият чөйрөсүнүн

музыкалуулугун, мотивациялуулугун, маалыматтуулугун, баалуулугун баса белгилейт. Мотивациялык чөйрө (кызыкчылыктар, талаптар, сезимдер) инсандын музыкалык маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Ошону менен бирге Р.А. Тельчарова музыкалык-эстетикалык маданияттын өнүгүүсүнүн проблемасы музыкалык аң-сезим менен музыкалык ишмердүүлүктүн түзүлүшүн ачып берет. Автор музыкалык ишмердүүлүктүн негизги – адамдын өзү жана анын максаттары, мотивдери, кызыгуулары талаптары, эмоционалдык чөйрөсү, музыкалык жөндөмдүүлүктөрү экендигин далилдейт [200].

Таанып билүү философиянын негизги түшүнүктөрүнүн бири, ал инсандын жөндөмдүүлүктөрүн аныктайт. Музыкалык таанып-билүү, музыкага кызыгуу инсандын музыкалык жактан өнүгүүсүнүн маанилүү компонентине тиешелүү болот. Музыканы кабыл алууда музыканын жардамы менен пайда болгон ойлор аркылуу музыка өзүнө жол ачат. Бул образдар угуучунун аң-сезиминин чагылуусу болуп, “музыка угуп жатып аң-сезим кеңейтет, анын ичинде жашайт, себеби, музыкалык чыгармалар кандайдыр бир маалыматты берүүчү касиетке ээ. Алар мазмундук маалыматты берет жана анда сезимдер, образдык элестетүүлөр жаралып, музыкалык чыгарманын мазмуну музыкалык образга, музыкалык драматургияга ээ болот. Ошентип, музыканы кабыл алуу аркылуу музыкага болгон кызыгуулар калыптанат. Бул тууралуу улуу музыкант А.Г. Рубинштейн “Ар бир чыгарма жазган адам чыгармасына кандайдыр бир маанайды сиңирет, башкача айтканда, сюжет түзөт жана угуучу аны сезүүгө умтулуусу зарыл” деп баса белгилеген [187]. Демек, бул процесстер музыкалык ишмердүүлүктөрдүн негизинде ишке ашырылыт, анда ишмердүүлүк деген эмне?

Ишмердүүлүк проблемасы ***психологиядагы маанилүү*** маселелердин бири. Психологдор тарабынан ишмердүүлүк менен аң-сезимдин ортосундагы байланыш аныкталган.

А.Н. Леонтьевдин пикири боюнча адамдын психикалык касиети түрдүү психикалык ишмердүүлүк менен байланышкан, анткени тигил же бул

предметти же кубулушту таануу үчүн ошол кубулуштагы ишмердүүлүктү аныктоо керек [147]. Ал ошондой эле “адамдын ишмердүүлүгү анын аң-сезиминин субстанциясын түзөт” деп белгилейт.

Эмоциялар адамдын курчап турган дүйнөгө болгон мамилесин, таанып-билүүнүн өзгөчөлүгүн байытат. (С.Ф. Анисимов [25], С.Л. Рубинштейн[187]., Е.Н. Шиянов [216]).

С.Л. Рубинштейндин пикири боюнча эмоциялар индивиддин талаптары менен шайкеш байланыш түзөт. Эстетикалык эмоция аркылуу адам маданияттык мурастарга аяр мамиле жасайт [187]. Музыканы сергек, аң-сезим аркылуу кабыл алуу менен бирге адам эстетикалык толгонууга дуушар болот. Сезимдин ар түрдүүлүгү музыкалык чыгарманын тематикасына байланыштуу болот.

Ушул эле пикирди С.Л. Рубинштейн да билдирет, ал “ишмердүүлүк жана аң-сезим эки түрдүү аспектиге багытталган. Алар органикалык бир бүтүндүктү түзөт”. Башкача айтканда адам жана анын аң-сезими практикалык ишмердүүлүктө, анын ичинде музыкалык ишмердүүлүктө да ишке ашырылат. Инсандын музыкалык маданияты музыкалык ишмердүүлүктөн башталат, анткени анда “инсан калыптанып, өзүн-өзү калыптандырат. Ишмердүүлүктүн субъекти болуп туруп, жада калса анын жыйынтыгы да боло алат” деп белгилеген. [187]

Ал эми окумуштуулар сезимди “адамдын туруктуу психикалык абалы” деп аташат (С.Л. Рубинштейн) [187]. Сезимдер гана субъекттин маңызын мүнөздөйт. Бул тууралуу А.Г. Ковалев “*инсандын өтө аялуу билими”* деген. [131]. Адам үчүн музыкалык чыгармаларга эмоциялык таасирленүү, автордун берейин деген оюн түшүнүү өтө зарыл, анткени музыкадагы ар бир интонация “адамдын сезимдеринин күзгүсү” болуп саналат.

Музыканы кабыл алуу таанып-билүү процесси кызыгып, билимдерге ээ болуунун негизинде пайда болот. Атактуу психолог С.Л. Рубинштейн музыканы кабыл алуу ой-жүгүртүү процесси менен айкалышкан абалда болот деп белгилеген. Ой-жүгүртүү эмоционалдык-сезимдик чөйрөсүз мүмкүн эмес,

ал өз кезегинде музыкалык образды, драматругияны аныктаганга жардам берет, ошондуктан музыкалык-эстетикалык аң-сезимдин түзүлүшүн анализдөөдө эмоционалдык компоненттер бири-бирине таасир этет [187].

А.Н. Леонтьевдин изилдөөлөрүндө да адамдын ишмердүүлүгүнүн мотивациясынын ролу аныкталат. Талаптар мотивге негизделет, ал эми эмоциялар адамда шыктануу болгондо пайда болот жана ишмердүүлүктүн өнүгүүсүнө таасир этет.

Г.С. Тарасов өзүнүн "Музыкалык талаптардын психологиясы" деген эмгегинде музыкадагы талапты ал индивиддин инсандык бийик сапатка ээ болууга болгон умтулуусун атайт. "Адамдагы музыкалык талап "баалуу" тажрыйба менен үндүк тажрыйба айкалышканда пайда болот. Ал билимдин, музыканын мазумунун түшүнүүнүн натыйжасында жаралат. Музыкалык талаптардын негизинде музыкага, маданиятка болгон мамиле өзгөрөт жана талаптардын негизинде кызыгуу жаралат, демек талаптын өзү пайда болгон кызыкчылыктардын жыйындысы. Руханий кызыгуу проблемасы педагогика илиминдеги маанилүү маселелердин бири, анын ийгиликтүү түрдө ишке ашуусу педагог үчүн курчап турган чындыкты таанып-билүүгө жардам берет" деп белгилеген [199].

Кызыгуулар инсандык маданияттын бардык баалуу системасына сүңгүп кирет. Адам үчүн көп кырдуу, татаал, маанилүү, анын жашоого болгон көз-карашын өзгөртө турган категориялар бар. Психологдор кызыгуунун этимологиясын (*психологдор* А.Г. Ковалев [131], С.Л. Рубинштейн [187]), *философтор* М.С. Каган [121], А.Г. Здравомыслов [112]) инсандын таанып-билүүгө багытталган жана субъекттин объектиге болгон активдүү мамилеси деп аташат. С.Л. Рубинштейн кызыгуу – бул өзүнүн эмоционалдуулугу менен күчкө ээ болгон мотив деп белгилейт [187].

*Музыкалык кызыгуу "калыптанган талапты"* билдирет, башкача айтканда адамдын музыкалык маданиятка болгон мамилеси. *"Кызыгуу* белгилүү бир ишмердүүлүккө умтулуу болуп саналат. Өзүнүн табиятында ал

динамикалуу, активдүү, эгер ишмердүүлүк жоголсо, анда кызыгуу да жоголот деп белгилеген А.Г. Здравомыслов [112].

“Музыкалык кызыгуу” түшүнүгү идеясын анализдөөдө А.Н. Сохор өзүнүн маанилүү пикирин билдирген. “Музыкалык кызыгуу” түшүнүгүн анализдөөдө автор когнитивдик, эмоционалдык, жүрүм-турумдук маданий компоненттерин аныктаган. Кызыгуунун негизинде билим жатат. Билимдер жана эмоциялар кайсы бир иш-аракеттерге таасир этет, ошондой эле инсандын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет [194].

Е.Я. Бурлина [65] изилдөөлөрүндө музыкалык кызыгуулардын түзүлүшүн чагылдырып, музыкалык кызыгуулардын структурасын мүнөздөгөн жана алар *интеллект, эмоция, эрк* аттуу *үч компонентке* таянышкан. Демек, авторлор интеллектуалдык, эмоционалдык жана эрктик процесстердин биримдигине басым жасашат. Ошентсе да Е.Я. Бурлина [65] таанып-билүү адамдын эмоциясына карата багыныңкы мүнөзгө ээ болот, ошентип музыкалык кызыгуунун негизи таанып-билүүчү элемент болуп саналат деп белгилеген. Т.Д. Сусłованын изилдөөлөрүндө музыкалык кызыгуулардын көрсөткүчтөрүнө маани берилет. Аларга музыкага болгон аяр мамиле, музыкалык билимдердин жана билгичтиктердин жалпыланган мүнөзү, чыгармачыл иш-аракеттин өнүгүүсү кирет. Адамдын музыкага болгон кызыгуусу баарыдан мурда эмоция аркылуу болот. Жыйынтыгында музыкалык чыгарманы кабыл алууда ага даярданбаган угуучуда да күтүлбөгөн сезимдер пайда болот, башкача айтканда, кызыгуунун түзүлүшүндө *эмоциялык компонент эрктик компонентти* сүрүп чыгарат.

Музыкага болгон *таанып-билүүчү кызыгуу* эмоционалдык жактан өтө терең болот. Адам музыканы жан дүйнөсү менен сезе билбесе, анда кызыгуу пайда болбойт. Адам музыкалык чыгарманы угуп жатып толкунданса, ага кошумча музыкага болгон талабын канааттандырса, анда бул чыгарма ал үчүн баалуу болуп калат. Адамдын аң-сезиминдеги билимдер баалуу багытты жаратат. А.Н. Леонтьевдин эмгектеринде бул баалуулуктар инсандын маданий көрсөткүчү катары белгиленген. Аң-сезимде бекемделүү менен музыкага

болгон баалуу мамиле инсандын баалуу багытталуу системасына айланат. *Эстетикалык баалуулуктар канчалык түрдүү болгон сайын, анын руханий дүйнөсү ошончолук бай болот* [147].

Курчап турган чөйрөнү өздөштүрүү процессинде инсан дүйнөгө болгон өзүнүн баалуу көз-карашын билдирет жана ал аң-сезим менен ишмердүүлүктүн биримдиги болот. Баалуулуктар адам тарабынан өз алдынча калыптанат жана аларга даяр түрдө ээ болууга мүмкүн эмес, же башка бирөөгө да бере албайсың, башкача айтканда, “баалуу аң-сезим адам тарабынан субъект катары иштелип чыгат жана берилген маалыматты кабыл алуу, өздөштүрүү мүмкүнчүлүнө ээ болот. Музыкага болгон баалуу мамиле искусствонун таанып-билүү жаратылышын чагылдырат, музыкалык аң-сезимдин өнүгүүсүнө салым кошот.

Классикалык, элдик музыканын шедеврлери азыркы заманбап жашоодо өтө маанилүү, ал чыгармаларда жалпы адамзаттык баалуулуктардын мазмуну жана идеалы ачык чагылдырылган. Бул баалуулуктар жана идеалдар музыкалык чыгармаларга сиңирилип, адамдын аң-сезимине сүңгүп кирип жана анын таасиринин астында адамдын дүйнөгө, жаратылышка, жан-жаныбарларга болгон көз-карашын өзгөртөт. Улуттук рухий баалуулуктар адамзаттын жашоосунун маңызы жана шарты болуп саналат, ошондой эле эмоциялуу баалоо аркылуу мүнөздөлөт .

Л.С. Выготскийдин пикири боюнча жашоону музыкалык образдар аркылуу таануу менен адам руханий жана нравалык жактан тазаланат, калыптанат. “Музыка адамдын өзүнө көрүнбөгөн күчтөрүн ачат, бул “адамдын аалам менен болгон тең салмактуулугун сактап, жашоонун жоопкерчиликтүү көз ирмемдерин жөнгө салат. Музыка адамды терең ойлонууга, сезимдерин жөнгө салууга түрткү берет, инсанды “жаратууга” жардам берип, сезимдер маданиятын тарбиялап, адамды чыныгы жашоого үндөйт” [80].

Л.С. Выготский чыгармачыл элестетүү ишмердүүлүгү түздөн-түз адамдын иш-тажрыйбасына көз каранды болот деп жазган. “Канчалык адамдын тажрыйбасы бай болсо, анын элестетүү материалы ошончолук бай

болот жана интеллектуалдык жана эмоционалдык компоненттердин шайкеш болуусун зарыл деп эсептейт [80]. Чыныгы искусство чыгармасы адамдын сезимине жана ой-жүгүртүүсүнө таасир этет, башкача айтканда ички жан-дүйнөсүнүн баюусуна өз салымын кошот. Ошентип, музыка жалпы маданиятты калыптандыруучу милдетти да аткарат.

Окумуштуулар музыкалык маданияттын түзүлүшүн ишмердүүлүктүн жана аң-сезимдин көп кырдуу категориясына негиздейт (Каган М.С. [121], Сохор А.Н. [194], Тельчарова Р.А. [201], Тугаринов В.П. [204]).

Жалпы музыкалык маданияттын түшүнүгүн талдоодо маанилүү кадам А. Сохор тарабынан жасалган [194]. Ал бул түшүнүктүн ирettүүлүгүн түзгөн жана анын ою боюнча, музыкалык баалуулуктар, ишмердүүлүктөрдүн бардык түрлөрү жаралышы, сакталышы, кайра жаралышы, таралышы, өздөштүрүлүшүн камтыйт. Демек, бул жерде улуттук баалуу мурас-улуттук музыканы өздөшдөштүрүү да камтылгын.

Б.М. Тепловдун ою боюнча музыканы кабыл алуу активдүү процесс жана билүүгө багыттаган мүнөзгө ээ. Музыка сезимдерди гана чагылдырбастан, таанып-билүү аркылуу аларга ээ болууга жол ачат". Эмоцияны билдирүү аркылуу музыка бай мазмунга ээ болот. Жыйынтыгында жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсү байкалат жана аны андан аркы таанып-билүүсүндө колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот [202].

Музыканы ой-жүгүртүү катары мүнөздөө менен М.Ш. Бонфельд өз эмгегинде "музыка адамдын эмоционалдык-сезимдик аң-сезимине таасир берип, абстрактуу логикалык аң-сезимдик ой-жүгүртүүгө, музыкалык ой-жүгүртүүсүнө да таасир этет" деп белгилеген [61].

Ошол эле учурда Л.Г. Арчажникова [33] музыкалык ой-жүгүртүүнү музыкалык иш-аракет аркылуу кабыл алынат деген пикирин билдирген. Бул ошондой эле чыгармачыл ой-жүгүртүүнүн өзгөчө түрү. Ой-жүгүртүү процесси чыгармачыл мүнөзгө ээ, анткени анын максаты – бул музыканы топтолгон билимдердин негизинде жаңыча таанып билүү касиетине ээ болот.

Музыкалык ой-жүгүртүү проблемасын дирижёрлук-хордук ишмердүүлүктө С.И. Олефир иштеп чыккан. “Музыкалык ой-жүгүртүү” түшүнүгүндө С.И. Олефир эки нерсени бөлүп көрсөтөт, сезимдик жана рационалдык (логикалык). Сезимдик деңгээл анын оюу боюнча эрктик-эмоционалдык чөйрө менен, музыкалык элестетүүлөр менен аныкталат [164].

Музыкалык элестетүү музыкалык образдарды элестетүүгө жардам берет. Элестетүү менен ой-жүгүртүү ишмердүүлүгү бири-бири менен тыгыз байланышып, чыгармачыл ишмердүүлүк менен биримдикте болот. Элестетүүнүн негизин “ өзгөчө музыканы эсте тутуу жөндөмдүүлүгү түзөт”.

Музыкага таасирленүү эмоционалдуу аң-сезимди өнүктүрөт жана жаштардын музыкалык маданиятынын калыптанышына жардам берет. В. О Медушевский эмоциянын музыкадан алган эстетикалык маалыматын атап, анын эбегейсиз зор маанисин белгилеген [155].

Б.М. Теплов музыкалык чыгармаларды жан-дүйнөдөн өткөрүү эмоционалдык толгонуу болот деп эсептейт. Анын ою боюнча музыканы угуп гана коюу жетишсиз, андан сырткары анын ыраattуулугун сезе билиш керек [203]. Автордун изилдөөлөрүндө музыкалык чыгармалар аркылуу таасир алуу эмоционалдык таанып-билүүнү жогорулатат деп белгиленген. Эмоция субъект тарабынан гана кабыл алынбастан, андан ары “чайналып, иргелип, түрдүү иш-аракеттерде, кырдаалдарда колдонулушу мүмкүн”. Музыканын мазмуну болуп сезимдер, маанай эсептелет. Музыканын мындай өзгөчөлүгү адамдын ар тараптуу өнүгүүсүнө сөзсүз түрдө таасирин тийгизет. Адамдын эркинен жана каалоосунан тышкары сезимдердин көп түрдүүлүгү курчап турган чындыкты ага таандык кылат жана анын ишмердүүлүгүн багыттайт. Музыканы кабыл алуу жана баалоодогу жаралган сезимдер адамдын ишмердүүлүгүнө багыт берет. Мындай сезимди психологдор субъекттин музыкалык чыгармалар аркылуу башынан өткөргөн “туруктуу” абалы деп белгилейт.

Изилдөөлөрүндө Р.А. Тельчарова табиттин өнүгүүсүнө чоң маани берген. Музыкалык табит баа катары берилет, музыканы талкуулоо сезимдик кабыл алуунун негизинде жүрөт. Музыкалык табит музыкага болгон

мамиленин багыты жана мазмуну. Музыкалык табит идеалга таянуу менен өнүгөт. Идеал музыкалык-баалуулук мамиленин багытын аныктайт. Бул процесс адамдын өзүн-өзү аныктоо процесси. Музыкалык-эстетикалык аң-сезимдин негизги компоненти болуп музыкага болгон эмоциялуу мамиле эсептелет, ал кызыгууну, ой-жүгүртүүнү, элестетүүнү, табитти, баалоону, музыкага болгон баалуу мамилени өнүктүрөт [201].

Ал эми Л.Г. Арчажникова мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдун үлгүсүн мүнөздөө менен педагогдун эстетикалык методологиялык маданиятынын зарылдыгын баса белгилеген [33]. Ал өз изилдөөсүндө музыка аркылуу педагогдун методологиялык даярдыгынын мазмунун ачып, аткаруучулук милдеттерин атап көрсөтүп берген (таанып-билүүчүлүк, багыттоочулук, эвристикалык, аксиологиялык).

Ошондой эле Л.А. Рапацкая өз концепциясында мектепке чейинки педагогдун *көркөм маданиятын* инсандын кесиптик маанилүү сапаты катары чечмелейт. Мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдордун көркөм маданияты жалпы көркөм маданият билими, атайын жана жалпы музыкалык жана методикалык даярдыгы аркылуу аныкталат. Л.А. Рапацкая көркөм маданияттын негизги мүнөздөмөлөрүн талдоодо мектепке чейинки педагогдордун кесиптик талаптарын калыптандырууга мүмкүнчүлүк берип, музыкалык билим берүүнүн көркөм маданиятынын моделин иштеп чыккан, анын мазмуну болуп жалпы көркөм, музыка таануучу билимдер, кесиптик-педагогикалык билгичтиктер, эмоциялык баалуу багыттар жана чыгармачыл ишмердүүлүк эсептелет. Л.А. Рапацкая музыкалык билим берүүнүн көркөм маданиятын эффективдүү калыптандыруунун жолу түрдүү искусствонун байланышынан көз каранды деп белгилейт [183].

И.В. Арановская мектепке чейинки билим берүүдө мектепке чейинки педагогдордун музыкалык маданиятын аң-сезим жана билимге негизделген ишмердүүлүк аркылуу мүнөздөп, аны кабыл алуунун негизинде пайда болот дейт. Музыкалык маданияттын түзүлүшүнөн автор музыкалык баалоочу

элестетүүлөрдү бөлүп көрсөтөт жана чыгармачыл ишмердүүлүккө болгон умтулууну аныктайт [30].

З.И. Гладких мектепке чейинки билим берүүдө мектепке чейинки педагогдордун музыкалык-педагогикалык маданиятын аныктап, ошондой эле ал кабыл алууга, жаратууга, көркөм-эстетикалык педагогикалык баалуулуктарды жайылтууга салым кошот деп эсептейт [83]. Биздин изилдөөбүз үчүн автордун педагогдордун музыкалык-педагогикалык маданиятын калыптандырууну эмоциялык, когнитивдик, креативдик өнүгүүнүн негизинде жүргүзгөндүгү маанилүү.

Т.И. Суслова мектепке чейинки педагогдорду кесипке даярдоо өзүнө психологиялык, илимий-теоретикалык, практикалык жана психофизиологиялык даярдыкты камтырын белгилейт. Психофизиологиялык даярдык музыканы кабыл алуу, көркөм-образдуу ой-жүгүртүү, чыгармачыл ой-жүгүртүү, эстетикалык табит жана идеал болуп эсептелет деп белгилеген.

Ю.М. Алиевдин [16], А.Н. Малюковдун [153] эмгектеринде музыкалык маданият адамдын инсандык сапаты катары берилет. Ю.М. Алиев музыкалык маданиятынын өнүгүүсү музыкалык-эстетикалык идеалдардын, көркөм табиттин, музыкага болгон тандоонун негизинде болот деп эсептесе [16], А.Н. Малюков музыкалык көркөм маданият баалуу багыттардын өнүгүүсү аркылуу калыптанат деп айткан [153].

Ошентип, азыркы заманбап философиялык жана психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө музыкалык-эстетикалык маданияттын проблемаларын чечүүнүн маанилүүлүгү белгиленет. Музыкалык-эстетикалык маданиятты калыптандыруу, анын ичинде улуттук музыкалык маданиятты калыптандыруу мектепке чейинки билим берүүдө мектепке чейинки педагогдорду кесипке даярдоо процессинде чоң мааниге ээ, анткени алар улуттук музыкалык баалуулуктарды жайылтып, үйрөтүп, бала бакчада балдардын музыкалык маданиятынын фундаментин түзүшүп, жалпы маданиятын калыптандырышат.

## I. 2. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МАЗМУНУ, КРИТЕРИЙЛЕРИ ЖАНА ДЕҢГЭЭЛДЕРИ

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун эффективдүүлүгү окуу-методикалык жана оку-тарбиялык процесстин *мазмунунан* көз каранды. Изилдөөбүз мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууну максат кылып, улуттук музыканы руханий-педагогикалык дөөлөт катары баалап, аны активдүү өздөштүрүп, сактап, жайылтып, келечек муундарга таанытып, билим берүүчү кесипкөй адистерди калыптандыруу. Улуттук музыка мектепке чейинки педагогдордун кесиптик ар тараптан толук билим алуусунун бир бөлүгү, андыктан мектепке чейинки педагог улуттук музыка боюнча үзгүлтүксүз билим алууга умтулуу зарылчылыгы келип чыгат. Бул үчүн алардын жалпы жана улуттук музыкалык маданиятын, кызыгууларын, табиттерин, жөндөмдөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн аныктап алуу маселеси жаралат. Себеби булар теманын негизги мазмунун түзөт:

***Кызыгуу*** – бул чыныгы буюмдар менен кубулуштарды таанып-билүүгө карата жеке адамдын алган багыты, ал эмоционалдуулукка жана турмуштук маанилүү күчкө ээ болгон объектиге карата болгон жеке адамдын тандалма мамилеси. Кызыгуу адамдын керектөөсүнөн улам келип чыгат да, кандайдыр бир иштин түрүнө берилгендикти билдирет. Белгилүү бир нерсеге терең жана чындап кызыгуу бара-бара адамдын туруктуу керектөөсүнө айланат. Кызыгуу коомдук көрүнүш болгондуктан ал коллектив аркылуукалыптанып,руханий маданияттын жана социалдык мамилелердин өнүгүшүнөн көз каранды. Кызыгуу адамды автивдүү ишмердүүлүккө түртөт, демек кабыл алуу менен гана чектелбестен, кызыккан объектини толук өздөштүрүүгө аракет жасалып, адамдын мүнөзүн, жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун, билимди өздөштүрүүнүн бирден-бир түрткүсү болуп саналат. Ишке кызыккан адам ал ишти жеңил жана жогорку сапатта аткара алат, демек биз мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн түздөн-түз

билим берүү процессинде билим менен чыгармачылыкты айкалыштырып, билимдерин баалоо, жыйынтык чыгаруу аркылуу максатка жетсек болот.

Ал эми педагогикалык сөздүктө «кызыгуу»: («лат.сөзү interest – баалуу, негизги), ишмердүүлүктүн кайсы бир түрү аркылуу объекти же кубулушту таанып билүүгө умтулуу деп берилет. Кызыгуу билим алууга, ишмердүүлүккө чыгармачылык менен мамиле кылууга шыктандыруучу күчтүү каражат. Кызыгуу болгон учурда окуу материалы терең кабыл алынып, ийгиликке жетүүгө жол ачылат, ал эми кызыгуу жок болсо кабыл алуу татаалдап, кайдыгер гана окуу процесси ишке ашат.

Музыка таануу илиминде музыкага кызыгууну Ю.Б. Алиев жана Г.П. Стуловалар талдап, эмоционалдык өсүштүн, музыканы кабыл алуунун негизинде кызыгуу калыптанат деп белгилешкен. Д.Б. Кабалевский, Н.В. Шацкая, Л.Г. Арчажниковалар музыканын бардык жанрларын музыка угуу, музыкалык-чыгармачыл ишмердүүлүк аркылуу ар кандай методикаларды колдонуу менен кызыгууга жол ачууга болот деп белгилешкен.

Изилдөөдө музыкага болгон кызыгуунун кийинки деңгээлдерин баса белгилеп өтөбүз:

– калп эле кызыгуу (любопытство), бул музыка жаңырып атканда кызыгуу көрсөтүп, бирок ал кызыгуу туруктуу эмес;

– чын дилден билүүгө кызыгуу, талаптанып, билүүгө умтулуу (любознательность) музыкага кызыгуу менен мамиле кылып, ал музыканын жанрларын, формаларын, стилин билүүгө умтулуп, таанып билүүчүлүк активдүүлүгүн көрсөтөт;

– туруктуу кызыгуу, мында музыкага кызыгуусу абдан терең болуп, музыканын жанрларын, формаларын гана билип тим болбостон, аларды терең окуп, үйрөнүп, музыкалык чыгармачыл иш-чараларга катышып, өз алдынча да таанып билүүгө умтулат.

Ушундан улам ***музыкалык-чыгармачыл өнүгүүнү улуттук музыкага кызыктыруу маселесин чечүүчү жолу катары карап,*** мектепке чейинки педагогдордо чыгармачылыкты өстүрүп, жалпы жана жана жеке маданий

компетенцияларын калыптандырып, чыгармачыл педагог катары бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгү боюнча иштерди алып кетүүсүнө шарт түзсөк мезгилдин талабындагы профессионал педагогдорду даярдаган болобузбу?

Чыгармачылыкты жана музыкалык чыгармачылыкты процесс катары кароо анын жыйынтыктарына кеңири шарт түзүүнү талап кылат. Бүгүнкү күндө педагогдордун, ата-эненин маанилүү маселеси – баланын чыгармачыл жөндөмүн өз убагында байкап, өнүктүрүп, өз жеке индивидуалдуулугунун жетишкендиги катары сездирүү.

Гегель: *“Адам эки жолу төрөлүшү керек, биринчи жолу табигый, экинчисинде рухий”* – деп жазган. Инсандын рухий байлыгын калыптандырууда сулуулукка, көркөмдүккө, боорукердикке болгон умтулуу жатат, бул өз кезегинде адамды өнүктүрүп, дагы да кызыгууларын байытууга шарт түзөт.

Эң алгач *“чыгармачылык”* деген эмне экендигин тактап алуу зарыл. Чыгармачылык – бул өтө татаал процесс. Чыгармачылык – бул өзүн түрдүү жактан ачып берген, түрдүү чыгармачыл элементтер менен байланыштырган бирдиктүү бир система, ал: элестетүү, ассоциативдүүлүк, фантазия, кыялкечтик (Выготский Л.С. [81], Пономарев Я.А. [175], Эльконин Д.Б. [220], Леонтьев А.И. [146]). Бул адамдын өтө сезимталдуулугу. Ансыз бир дагы искусство ишмеринин эмгегин элестетүүгө болбойт.

*Чыгармачылык* – бул кайталангыс өзгөчөлүгү менен айырмаланган ишмердүүлүк. Чыгармачылык ой-жүгүртүүнүн өзгөчө жыйындысын пайда кылат, б. а. топтолгон “адаттагы тажрыйбанын” чегин бузуу жөндөмдүүлүгү.

Окутуу процессиндеги чыгармачылык тууралуу сөз кыла турган болсок, *педагогдун жана мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылыгы* деп бөлүп алуу шарт.

Педагогдун чыгармачыл ишмердүүлүгү окутуунун жаңы, кызыктуу процессин түзүүгө, туура программа тандоого, окутуунун белгилүү методдорунун жаңы комбинацияларын жаратууга, алардын өз алдынча

чыгармачылык менен аракеттенүүсүн түзгөн педагогикалык шарттар менен багытталат. Биринчи кезекте педагог мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдордун фантазиясын, стандарттык эмес ойлонуусун, элестетүүсүн өнүктүрүүсү керек. Эң башкысы – мектепке чейинки педагогдорго болгон аяр мамиле, анын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берип, инсанга багыттап окутууга, двергенттик ой-жүгүртүүгө багытташы зарыл, албетте, бардык мектепке чейинки педагогдорду музыкалык жактан чыгармачыл кылуу мүмкүн эмес, бирок чыгармачылык менен иш алып баруунун шарттарын түзүүгө болот.

Чыгармачылыкты өстүрүү, калыптандыруу бул психологиялык жана педагогикалык процесс, аны калыптандыруу үчүн мектепке чейинки педагогдордун *чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн* өстүрүүбүз зарыл.

Бул проблеманы изилдөөдө Б.М. Теплов [203] “Жөндөмдүүлүк” түшүнүгүнө ал ***үч белгини*** камтыган:

1. Жөндөмдүүлүк түшүнүгүнө жеке психологиялык өзгөчөлүктөрдү киргизет жана ал бир адамды экинчисинен айырмалайт;

2. Жөндөмдүүлүк деп бардык жеке өзгөчөлүктөрдү атоого болбойт;

3. “Жөндөмдүүлүк” түшүнүгү адамдын буга чейин билгичтиктерине, көндүмдөрүнө дал келбейт. Ушундан улам жөндөмдүүлүк тубаса болот деп айтууга болбой турганын байкайбыз. Жөндөмдүүлүк белгилүү бир ишмердүүлүктүн негизинде ишке ашат [203].

Чыгармачылыл жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү маселелери менен А. Г. Ковалев [131] алектенип, мындай деп белгилеген, ***чыгармачыл жөндөмдүүлүктөр*** – бул адамдын жеке сапаттары жана жөндөмдөрү, алар билимдерин, билгичтиктерин түрдүү жагдайларда колдоно алат. Чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдүн төмөнкүдөй *түрлөрү бар: көркөм чыгармачыл жөндөмдүүлүктөр, техникалык чыгармачыл жөндөмдүүлүктөр, математикалык чыгармачыл жөндөмдүүлүктөр ж.б.у.с.*

Жөндөмдүүлүк деген эмне? *Жөндөмдүүлүк деген* – бул инсандын жеке өзгөчөлүгү, ал кандайдыр бир ишмердүүлүктү ишке ашыруунун жолу, ал

билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө шайкеш келбейт. Жөндөмдүүлүктү классификациялоо төмөнкүчө ишке ашат:

– музыкалык;

– лингвистикалык;

– интеллектуалдык, чыгармачылык.

***Музыкалык жөндөмдүүлүк*** – бул жалпы жөндөмдүүлүктөрдүн бир бөлүгү. Бул жеке жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү үчүн жалпы жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү керек деген сөз. Ошентип, эгер биз музыкалык жөндөмдү өнүктүргүбүз келсе, анда барыдан мурда жалпы жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүбүз керек. Бул үчүн бардыгы менен: *адабият, живопись, бий, актердук чеберчилик, музыка* менен алектенүү талабы келип чыгат.

Музыкалык жөндөмдүүлүк боюнча Б.М. Тепловдун “Музыкалык жөндөмдүүлүктөрдүн психологиясы” деген иши өзгөчө орунду ээлейт. Анда музыкалуулуктун оригиналдуу концепциясы көрсөтүлгөн. Теплов музыкалууулуктун башкы көрсөткүчү деп музыкага болгон кызыгууну белгилеп, ал эми негизгиси үндүк жана ритмикалык кыймылды, ритмди сезүүнү көрсөтөт. Мында ал эки компонентти бөлөт – *перцептивдүү,* мелодиялык кыймыл менен байланышы, ошондой эле *репродуктивдүү* (күүнү сезе билүү жөндөмдүүлүгү). Музыкалуулуктун өтө маанилүү эмес компонентине ал тембрдик, динамикалык, гармониялык комплексти камтыйт.

Б.М. Теплов *жөндөмдүүлүктөрдүн чеги жок деп эсептейт.* Бир сөз менен айтканда чыгармачыл жөндөмдүүлүктөр – бул инсандын жеке психологиялык өзгөчөлүктөрү, анын жыйынтыгы болуп жаңы нерсе, объект үчүн, коом үчүн мааниге ээ болгон өзгөчөлүктөр эсептелет [202].

Чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү – инсандын жеке талантын, жаңы бир нерсени жаратууга умтулуусун, кругозорун кеңейтүүгө, өз таанып-билүүсүн калыптандырууга болгон аракетин табуу, коомчулукка ачып берүү.

Улуттук музыка аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууну өз ара бири-бири менен тыгыз байланыштагы бир нече **компоненттердин** байланышынан тургандыгы

аныкталды: *аксиологиялык, конгитивдик, эмоционалдык, практикалык, рефлексивдик же өзүн-өзү өнүтүрүү көрсөткүчтөрү* .

**Аксиология** – баалуу, кымбат нерселердин теориясы жана ошол туурасындагы илим болуп эсептелет. Аксиология – философиянын бир бөлүгү, грек сөзүнөн axia– кымбат, баалуу, logos – окуу дегенди билдирет.

Аксиологиялык компонент – жалпы адамзат тарабынан калыптанган тарыхый, маданий баалуулук, этнопедагогиканын бүтүн бир бөлүгү. Демек, улуттук музыка улуттук баалуулуктарды өзүнө камтыган, коом жана педагогикалык процесс үчүн баалуу, маанилүү билим, көз караштардын, идеялардын жыйындысы. Аксиологиялык көз караш төмөнкү окумуштуулардын эмгектеринде терең изилденген (философтор Б.Г. Ананьев, В.А. Василенко, О.Г. Дробницкий, Б.Г. Кузнецов, В.П. Тугаринов, В.А. Ядов), педагогдор (Б.Г. Гершунский, В.М. Розин, Ю.Б. Тупалов, М.И. Фишер, П.Г. Щедровицкий), социологдор (А.С. Богомолов, А.А. Ручка, А.Г. Зравомыслов, Ю.Л. Качанов), психологдор (А.Г. Асмолов, Б.Г. Ананьев, А.Г. Ковалёв, К.К. Платонов ж.б.).

**1. Аксиологиялык компонент** төмөнкүдөй көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт:

– улуттук музыка улуттук маданий баалуу мурас болуу менен катар, улуттук баалуулуктарды өзүнө сиңирген руханий-педагогикалык дөөлөт, аны урматтоо, барктоо, сактоо аркылуу, балдардын адеп-ахлактык, көркөм-эстетикалык сапаттарын калыптандыруу мектепке чейинки педагогдордун башкы милдети;

– улуттук музыка аркылуу жаш муундардын этномаданий, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык көз караштарын камсыз кылуу, аларды элдик маданияттын мураскери, сактоочусу, өнүктүрүүчүсү катары тарбиялоо зарылдыгын ишке ашырып, мектепке чейинки педагог өзүнүн атуулдук милдетин ачык-айкын түшунүүсү, жеткиликтүү иш алып баруусу;

у Улуттук музыкадагы улуттук маданий дөөлөттөрдү мектепке чейинки педагог өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө талдап, эски менен жаңыны кылдаттык менен айкалышытырып колдонуусу;

– улуттук музыкадагы руханий-педагогикалык дөөлөттөр менен башка элдердин руханий дөөлөттөрүнүн ортосундагы окшош баалуулуктарды көрө билүүгө, салыштырууга умтулуусу;

– улуттук музыканын мазмунунда камтылган этнопедагогиканын осуяттарын окуп- үйрөнүүгө аракеттенүүсү.

**2. Когнитивдик компонент:**

– улуттук музыкада этнопедагогикалык,этномаданий таалим-тарбиянын мыйзам ченемдүүлүктөрү тууралуу методологиялык, теориялык, практикалык билидердин жетиштүүлүгү;

– улуттук музыканын улуттун тарыхындагы ордун, негизги бөлүктөрүн, алардын маани-мазмундук касиеттерин билүү;

– улуттук музыка аркылуу этнопедагогика, элдик маданияттын өнүгүш диалектикасы жаатындагы теориялык билимдер;

– улуттук музыканын ар бир бөлүгүндө (вокалдык, аспаптык, акындык-төкмөлүк) камтылган элдик тарбиянын идеаларын, моделдерин таануу, интерпретациялоонун методологиялык, методикалык негиздерин билүү;

– улуттук музыка аркылуу этнопедагогикалык тарбиялоонун технологияларынын теориялык негиздерин жеткиликтүү билүү;

– улуттук музыканын бала бакчада, мектепке чейинки мекемелердин адистердин дардоодо таалим-тарбия процессинде колдонууга байланыштуу калыптанган тажрыйбаларды жана өз ишинде пайдалануунун методикалык негиздерин билүүсү.

**3. Эмоционалдык компонент:** музыка – искусство жанрларынын ичинен сезимдик таасир берген эң күчтүү искусство. Эмоция – музыкалык мазмундун берилиши, «сезимдердин тили», инсандын уккан музыкалык чыгармага карата болгон оң же терс мамилеси. Демек, эмоционалдык компонент бардык башка компоненттерге салыштырмалуу басымдуу орунда

турат, себеби, угуу, аткаруу аркылуу кабыл алган музыка менен мектепке чейинки педагогдордун кызыгуулары калыптанып, эстетикалык эргүү алып, музыканын көркөм каражаттарын (лад, темп, ритм, динамика, тембр) айырмалап, билимдерин байытып, бала бакчада балдар менен иштөөдө эмоционалдык туура таасир берүүчү музыкалык чыгармаларды тандоого багыт алышат. Эмоционалдык компоненттери ар бир мектепке чейинки педагогдордун кабыл алуусуна, темпераментине, билим деңгээлине, сезимдик туюсуна көз каранды:

– музыкалык чыгарманы сезим менен образдуу кабыл алууну;

– уктурулган музыка боюнча талдоо жүргүзүп, музыка жөнүндө жеке оюн айта билүүгө, өз көз карашы менен ой жүгүртүүгө;

– музыкада берилген музыкалык образ жана драматургияны талдап, сезе билүүсү.

**4.** Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыка боюнча руханий тарбия берүүгө **практикалык** жактан даяр болушун шарттаган компоненттер төмөнкүлөр:

– бала бакчанын окуу-тарбиялык ишинин максатына ылайык улуттук музыканын материалдарын туура тандап алууну билүү;

– улуттук музыканын руханий дөөлөттөрүн бала бакчанын окуу-тарбия ишинде колдонуу үчүн билим жана билгичтиктердин топтолушу;

– улуттук музыканын үлгүлөрүн бала бакчанын окуу-тарбия ишинен сырткары элдик майрамдарда, ар кандай иш-чараларда максатына жараша колдонууну пландаштыруу жана балдар менен иш алып барууну билүү;

– бала бакчада балдардын улуттук музыканы кабыл алуусун, кызыгуусун анализдеп, диагнистикалоо жөндөмү;

– бала бакчада балдардын улуттук музыка аркылуу билим жана тарбия берүү ишин ата-энелер менен биргелешкен ишмердүүлүгүн камсыз кылуу;

– улуттук музыканын көркөм-педагогикалык баалуулугун аныктоо билгичтиктерин өздөштүрүү.

**5.** Мектепке чейинки педагогдордун профессионалдык компетенцияларынын калыптанышын түзгөн маанилүү компонент **рефлексивдик же өзүн-өзү өнүтүрүү көрсөткүчтөрү** төмөнкүлөрдөн турат:

– улуттук музыкалык материалдардын негизинде бала бакчада таалим-тарбияны ишке ашыруу процессиндеги проблемаларды талдап, ондоого умтулуусу;

– улуттук музыканын материалдардын негизинде кызыгууларын, билим жана билгичтиктерин колдонуп, педагогикалык даярдыгын өз алдынча өнүктүрүүнүн стратегиясын жана тактикасын түзө билүүсү;

– улуттук музыканын идеаларынын негизинде тарбиялоо ишинин максаттарын ишке ашырууга, максатка жетүүгө боло тургандыгын көрсөтүү;

Мектепке чейинки педагогдор төмөнкүлөрдү **билүүсү, түшүнүүсү, аткара алуусу зарыл:**

- музыканы искусствонын бир түрү катары;

- музыкалык маданиятты калыптандыруу руханий маданияттын ажырагыс бөлүгү;

- профессионалдык жана элдик музыканын негизги жанрларын;

- улуттук музыканын негизги формаларын;

- улуттук аспаптардын түрлөрүн;

- өтүлгөн музыкалык чыгарманы, чыгармадан үзүндүнү угуп таба алуу;

- аспаптын коштоосунда, коштоосуз ырды көркөм аткара алуу;

- алган билиминин негизинде музыкалык чыгарманын негизги, жалпы учурун салыштырып ачып берүү;

- аспаптардын тембрларын, түрлөрүн ажырата билүү;

- өз алдынча музыкалык билимин баюутууга – музыкалык адабияттарды кошумча окуу, ар кандай концерттерге баруу, музыкалык спектаклдерди, телекөрсөтүүлөрдү көрүү;

- музыкалык материалдар аркылуу аваздык ырдоо ыкмаларын, хордо ырдоо ыкмаларын;

- музыкадагы көркөм каражаттарды колдоно билүүнү;

- алган билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү аркылуу сабактан тышкаркы музыкалык чыгармачыл ар кандай иш-чараларга катышуу.

Бул белгиленген компоненттердин бардыгын бир учурда колдонуу мүмкүн эмес, бирок ошондой болсо да улуттук музыкага кызыгуунун жаралышына ар бир компонент чоң салым кошот.

**Критерий** – бул эталон. Критерий өлчөмдүн, норманын ролун аткаруу менен идеалдуу үлгү катары кызмат кылат, үйрөнүлүп жаткан кубулуштун жогорку, эң жетиштүү деңгээлин туюндурат. Бул изилдөөдө мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун критерийлери катары төмөндөгүлөрдү белгиледик:

1.Улуттук баалуулуктарды таанытып, анын ичинен улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуп, таалим-тарбия берүүгө даяр болуп, туруктуу мамиле кылуу.

2. Улуттук музыканын баалуу үлгүлөрүн таалим-тарбия процессинде колдонуу үчүн методологиялык, теориялык, методикалык, практикалык билимдердин комплекси.

3. Улуттук музыканын ар жактуу үлгүлөрүн колдонуу аркылуу таалим-тарбия ишин уюштуруу жана аны ишке ашыруу үчүн кесиптик билим, билгичтик, компетенциялардын комплекси.

4. Улуттук музыка боюнча өзүнүн кесиптик билим деңгээлин аныктап, өз алдынча билимин, билгичтиктерин, кесиптик компетенцияларын, жөндөмдүүлүктөрүн, чыгармачылыгын өркүндөтүү, изденүү. Балдардын музыкалык ишмердүүлүгү аркылуу иш алып барууга даярдыгы.

Критерий өлчөмдүн, норманын ролун аткаруу менен идеалдуу үлгү катары кызмат кылат, бул изилдөөдө мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун критерийлери менен мазмундук компоненттерининин байланышын төмөндөгү моделде белгиледик:




**1-схема. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруучу мазмундук-структуралык жана критерийлик мүнөздөмөлөр.**

Белгиленген критерийлердин көрсөткүчтөрү аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу процессинин ***жогорку, орто, төмөн деңгээлин*** аныктадык, бул үчүн изилдөөнүн төмөнкү методдору колдонулду: аңгемелешүү, анкета, байкоо, окуу-тарбия процессин анализдөө, тренинг, өзүн-өзү, бири-бирин баалоо, жазуу иштери (тест,

кроссорд, дил баян) жана музыкалык викториналар, музыкалык-дидактикалык оюндар.

**Жогорку деңгээлде** *(аныктоочу этапта о% калыптадыруучу этапта 16, 7%, жыйынтыктоочу этапта* 78,6%) мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык, улуттук музыканын жанрлары, формалары, эл шайырлары, элдик аспаптар, аваздык музыка, акындык чыгармачылык боюнча билиминин, кызыгууларынын тереңдиги менен айырмаланып, тапшырмалар системасын тоскоолдуксуз, тез аткаруусу. Бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүндө окутуунун методдорун колдонуп, педагогикалык шарттарды түзүү менен иш алып барып, балдардын көркөм-эстетикалык табиттерин калыптандырат. Мында мектепке чейинки педагогдор педагогикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө психологиялык-педагогикалык билимдеринин жогорку даражада экендиги менен да айырмаланышат. Алар жогорку жекече психологиялык, педагогикалык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөргө ээ.Улуттук музыканы өз алдынча ар кандай булактар аркылуу окуп, үйрөнүүгө даяр, улуттук аспаптар, аспаптык, вокалдык жанрларга баалоо менен анализ жүргүзө билишет.

*Орто деңгээлде (аныктоочу этапта 25% калыптадыруучу этапта 58,3%, жыйынтыктоочу этапта 21,4%)* мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык, улуттук музыканын жанрлары, формалары, эл шайырлары, элдик аспаптар, вокалдык музыка, акындык чыгармачылык боюнча салыштырмалуу негизде аракеттенишип, үстүртөн түшүнүктөрү бар, бирок уктурулган музыкалык чыгарманы сезимдик кабыл алганы менен, айтып берүүсү кызыксыз, сөз байлыгы аз. Берилген тест-тапшырмаларга жооп берүүгө аракети бар, бирок билим деңгээлинен жетишсиздигинен берилген тапшырманы толук ачып бере алышпайт. Алар заманбап музыкаларды түшүнбөсө да ритмдик түзүлүшүнө карап угушат. Педагогикалык-практикалык көндүмдөрү, билгичтиктери жеткиликтүү эмес, андыктан улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуп окуу-тарбия иштерин уюштурууда чоң тоскоолдуктарга душаар болушат.

*Төмөнкү деңгээлде* (*аныктоочу этапта 75% калыптадыруучу этапта 25%, жыйынтыктоочу этапта 21,4%)* мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык, улуттук музыканын жанрлары, формалары, эл шайырлары, элдик аспаптар, аваздык музыка, акындык чыгармачылык боюнча билим деңгээлинин төмөндүгүнөн берилген тапшырманы ачып бере алышпайт. Берилген тест-тапшырмаларга жооп берүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушат. Педагогикалык ишмердүүлүктөрү да көнүл жубатаарлык эмес, жеке педагогикалык ишмердүүлүктүн маселелери, максаттары жалпы өнүттө болот. Практикалык иш алып барууда билгичтиктерди, билимдерди колдоно алуу жөндөмдүүлүгүкалыптанган эмес.

# БИРИНЧИ ГЛАВА БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫК

Мектепке чейинки педагогдорду улуттук музыкага кызыктыруунун маани-маңызын теориялык жактан талдоодо музыкага кызыгуу инсандын жеке өз алдынча өзгөчөлүктөрүнөн, психологиялык абалынан, сезимдик жана эрктик, таанып билүүчүлүк аракетинен, музыканы кабыл алууга болгон каалоосунан көз каранды экендиги аныкталды. Музыкага кызыгуу инсандын ар кандай музыканын жанрларына болгон кызыгуусунан улам калыптанат жана анын жеке чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууга жол ачат. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырып, теориялык негиздерин ачып берүү жогоруда белгиленген окумуштуулардын эмгектеринде көрсөтүлгөндөй улуттук музыканын баалуу мурастарын окутуу процессинде туура пайдаланып, алардын музыкалык маданияттын калыптандыруунун проблемаларын теориялык жана практикалык жактан туура негиздөө зарылчылыгы келип чыгат.

Улуттук кыргыз музыканын алтын казынасы менен мектепке чейинки педагогдордун көркөм-эстетикалык табитин өстүрүүдө улуттук музыканын "Манас" эпосу баштаган аспаптык, аваздык, төкмөлүк багыттарынын өзгөчөлүктөрүн, жаралуу таржымалын, аткаруу мезгилин, жанрын, формасын, түрлөрүн тарыхый, философиялык, психологиялык, педагогикалык изилдөөлөрдүн негизинде терең ачып берүү да жалпы жана музыкалык маданиятын жана ага кызыгуусун калыптандырууга чоң мүмкүнчүлүк түзөт.

Элдин тарыхын, каада-салтын, баалуу мурасын өзүнө камтыган жогорку көркөмдүктөгү музыка – улуттук музыка мектепке чейинки педагогдордун билим алуу процессинде көркөм табитинин калыптанышына чоң таасир берип, алардын сезимдик абалын, чыгармачылык күч-дараметин, элестетүү мүмкүнчүлүктөрүн активдештирип, ой-жүгүртүүсүн, эске тутуусун, эркин, сезимин, көңүл бурусун өстүрөт, башкача айтканда психология-педагогикалык чеберчиликтерин калыптандырат.

# II ГЛАВА. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДДОРУ

## II.1. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**Изилдөөнүн объекти** И.Арабаев атындагы КМУда мектепке чейинки педагогдорду кесиптик даярдоо процесси. Мектепке чейинки педагогдорду даярдоодо улуттук баалуулуктар менен терең тааныштырып, кайра аларды иш процессинде колдонууга шарт түзүү талабы келип чыгат. Белгилеп кетүүчү өзгөчө учур, мектепке чейинки педагогдорду даярдоо процессинде “Эстетикалык билим берүү (музыка)” дисциплинасында улуттук музыканы камтыган бир да тапшырмалар системасы, модулдун суроолорунда камтылган эмес. Андыктан улуттук музыканын бардык жанрларын камтып, кызыгууларын калыптандырып, билим-билгичтиктер, кызыгуулар аркылуу кесиптик компетенцияларын калыптандыруу зарылдыгы турат.

**Изилдөөнүн предмети:** мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

Педагогика менен психология илимдери интеграцияланган, бири экинчиси менен тыгыз жуурулушкан жеринде мектепке чейинки баланын табиятынан жеке чыгармачылыгы менен жеке жөндөмдүүлүктөрү өнүккөн абалда болоору айтылат. Педагогиканын башкы максат-милдеттери да мектепке чейинки баланын жөндөм-шыгын, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу, өнүктүрүү экендиги талашсыз.

Окуу-тарбия процессинде жаңы, заманбап технологияларды кеңири пайдаланып, мыкты, ары натыйжалуу сабактарды уюштурууда педагогикалык шарттарды туура түзүп, алган терең билимдеринин системалуу, бай запасын камсыз кылуу жана алардын чыгармачылык потенциалын, өз алдынча билим алуу ишмердигин өнүктүрүүнүн оптималдуу жолдорун иштеп чыгуу

милдеттери коюлду. Мындай милдеттерди ишке ашыруунун бирден-бир багыты болуп – окуу-тарбия процессинде ар бир мектепке чейинки педагогдордун аракеттерин жалпылоо жана жекелештирүү, эркиндик берүү, жеке жөндөм-шыгын, чыгармачылык аракеттерин ойготуу, өз алдынча иштөөсүнө шарттарды түзүп берүү болуп саналат. Мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү башкы педагогикалык процесс катары карап, ал аркылуу улуттук музыкага кызыгууларын калыптандырууну максат кылып алып, чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык шарттары бир катар *факторлордун таасири* менен ишке ашырлышын белгилеп өтсөк:

– мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылык активдүүлүгү аркылуу улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда салтка айланган сабактарга караганда заманбап жаңы технологияларды, окутуунун активдүү ыкмаларын кеңири пайдалануу жакшы натыйжаларды берет;

– окутуучу-педагогдун чыгармачылык менен иш алып баруусу;

– тандалып алынган программалык материал жана колдонулган методдордун бири-бирине туура келиши;

– сабактын жүрүшүндө окутуучу менен мектепке чейинки педагогдордун ортосундагы мамиленин туура түзүлүшү;

– керектүү окуу материалдардын жеткиликтүүлүгү.

– мектепке чейинки педагогдордун билимин баалоого уюштурулган тесттик тапшырмалар, өз алдынча иштеринин жыйынтыктары туура баалоо.

“Начар педагог – болгону окуу китебинин, программанын, билим берүү стандартынын транслятору. Жакшы педагог жашоо контекстинде өзүн ойногон актер болуп эсептелет” – деп белгиленген [226]. Демек, мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда креативдүүлүк, чыгармачылык активдүүлүк менен иш алып баруу зарылчылыгы келип чыгат, себеби ар бир мектепке чейинкитогу мектепке чейинки педагог “мен музыкант эмесмин, же мен музыкалык сабак алып барбайм” – деген ойго жетеленет, бирок улуттук музыка боюнча

топтолгон билимдери алардын кесиптик ишинде ар тараптан чыгармачылык менен иш алып баруусуна шарт түзүп, жардамга келет.

*Креативдүүлүк* же чыгармачылык түшүнүгүн *психология илими* “чыгармачылык – адамдын материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуусу, бул анын жеке ишмердүүлүгүнө гана тиешелүү көрүнүш” деп аныктаса, *эстетика тармагы* “чыгармачылык – бул тигил же бул инсандын өз ишмердүүлүгүндө эстетикалык жаңы баалуулуктарды жаратышы”, *педагогика илими* “чыгармачылык – адамдын аң-сезимдүүлүк менен кандайдыр бир максатка баш ийдирилген активдүү жигердүү ишмердүүлүгү” катары карайт.

Мына, ушундан улам окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүктүн ийгиликтүүлүгүн камсыздаган педагогикалык шарттарды аныктоо, негиздөө маселеси келип чыгат.

«Шарт» түшүнүгүнүн негизги белгилерин ар түрдүү жагдайда талдасак: *Философияда* «шарт» категориясы заттын аны курчаган кубулуштарга, мында салыштырмалуу сырткы объективдүү дүйнөнүн көп түрдүүлүгү затка карата аларсыз жашай албай тургандай болгон мамилесин көрсөтүү катары түшүндүрүлөт. Шарт болсо кубулуштар, процесстер пайда болуп, жашап жана өнүккөн чөйрөнү, жагдайды түзөт [209, 707-б.]

В.М. Полонскийдин оюу боюнча: «Педагогдор шартты табигый өзгөрмөлөрдүн, адамдын дене бой, адеп-ахлактык, психикалык өнүгүүсүнө, анын жүрүм-турумуна, инсанды окутуу жана тарбиялоосуна, калыптануусуна социалдык, тышкы жана ички таасирлердин жыйындысы катары карашат», – деп белгилейт [174, 36-б.].

Демек, *«шарт»* түшүнүгү жалпы илимий болуп эсептелип, ал эми анын маңызы *педагогикалык жагдайда* бир нече жоболор менен мүнөздөлүшү мүмкүн:

1. Шарт – себептин, жагдайдын, объектилердин жыйындысы.

2. Белгиленген жыйынды адамдын өнүгүүсүнө, тарбиясына жана окуусуна таасир этет.

3. Шарттардын таасири окутуу, тарбия жана өнүгүү процесстерин тездетип же жайлатышы мүмкүн жана алардын динамикасына жана акыркы натыйжаларына таасир этүүсү мүмкүн.

Шарттар көйгөйү В.И. Андреев [24], Б.В. Куприянов [145], А.Я. Найн [160] ж.б. изилдөөлөрүндө *«педагогикалык шарт»* деген көптөгөн аныктамаларда өзүнүн түшүндүрмөлөрүн таап, «педагогикалык» түргө ээ болууда.

Окумуштуулар – бул түшүнүктү кароодо бир нече багытта бөлүп карашкан. *Биринчи багытта* педагогикалык шарттар педагогикалык таасирдин кандайдыр бир иш-чараларынын жана материалдык-мейкиндиктик чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы (В.И. Андреев [24], А.Я. Найн [160]):

– иш-чаралардын (комплекси), мазмуну, методдору жана окутуу менен тарбиялоонун уюштуруу формалары (В.И. Андреев [24]);

– коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган мазмун, форма, методдор, каражаттар жана материалдык-мейкиндиктик чөйрөнүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы (А.Я. Найн) [160, 44-49-бб.];

– педагогикалык процесстин иш-чараларынын объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы;

– педагогикалык системанын компоненттеринин биринин мазмундук мүнөздөмөсү катары мазмун, уюштуруу формалары, окутуунун каражаттары жана педагог менен билим алуучунун ортосундагы өз-ара карым-катнаштын мүнөзү эсептелет [24].

*Экинчи багытта окумуштуулар* педагогикалык шарттар – бул билим берүү процессинин туруктуу байланыштары сыяктуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү тактоо боюнча илимий-педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын текшерүү мүмкүнчүлүгүн камсыздаган пландуу иш [145].

«Педагогикалык шарттар» түшүнүгүн аныктоодо маанилүү болгон бир катар *жоболорду белгилөөгө* мүмкүндүк берди:

1. Педагогикалык шарттар педагогикалык системаны түзгөн элемент, бүтүндөй педагогикалык процесс.

2. Педагогикалык шарттар билим берүүчүлүк – билим берүү субъектилеринин таасир этүү жана өз ара карым-катнашта болуучу максаттуу конструкцияланычуу иш-чаралары: мазмун, методдор, окутуу жана тарбиялоо формалары, билим берүү процессин программалык, методикалык жактан жабдуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы.

3. Туура тандалып алынган педагогикалык шарттардын ишке ашуусу педагогикалык системанын иштешинин өнүгүүсүн жана натыйжалуулугун камсыз кылат. Демек, педагогикалык шарттарды билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысын чыгылдыруучу, анын натыйжалуу иштешин, өнүгүүсүн камсыздоочу компоненттеринин бири катары карайбыз.

Мына ушуларга таянуу менен мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо биздин изилдөөбүздүн негизги милдеттеринин бири, анын ийгиликтүү чечилиши изилдөөнүн илимий жаңылыгын түзөт жана анын практикалык маанилүүлүгүн шарттайт.

Биз мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун төмөнкү ***педагогикалык шарттарын аныктадык:***

1. Кызыгууну калыптандырууга шарт түзгөн *керектөөлүүчү каражаттарды жана техникалык каражаттарды тандоо:* ыңгайлуу аудитория; фортепиано, улуттук музыкалык аспаптар (комуз, темир жана жыгач ооз комуз, сыбызгы, чопо чоор, шылдырак, така); сабак үчүн тандалып алынган улуттук музыкалык чыгармалардын топтомун түзгөн ноталык китептер; окутуунун техникалык каражаттары (ОТК), компьютер, колонка, аудио жана видео жазуулар; түстүү карточкалар, улуттук музыкалык аспаптардын сүрөттөрү;

2. Окутуучу менен мектепке чейинки педагогдордун *бирдикте иш алып баруусу*: туура тандалып алынган методдор; улуттук музыкага боюнча теориялык билимдердин топтолушу; улуттук музыкалык чыгармалар менен угуу, ырдоо, бийлөө, ойноо аркылуу таанышуу; улуттук музыканын бардык

багыттары боюнча окуу процессинде жана өз алдынча иштөөдө билимин өркүндөтүү;

3. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн музыкалык ишмердүүлүктүн (музыка угуу, аткаруучулук, чыгармачылык, импровизация, музыкалык билим алуучу ишмердүүлүк) жана улуттук музыканын багыттарынын бардык түрүн камтыган *чыгармачыл тапшырмалардын системасы*.

4. Улуттук музыкага кызыктырууда жекече чыгармачыл тапшырманы *өз алдынча аткаруу үчүн тесттер системасын түзүү*.

5. *Баалоо аркылуу* улуттук музыкага кызыгуусун *активдештирүү*.

Бул белгиленген шарттар аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууга багытталган окуу процессин анализдөөдө эффективдүү, маңыздуу учур улуттук музыканын үлгүлөрү менен жаңы маданий баалуулуктарды жаратууда турат.

Иштөө тажрыйбасында мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыка кызыктыруу, чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча сабактар эки багыт боюнча жүргүзүлдү:

1. Жалпы активдүү ой-жүгүртүү ишмердүүлүктү уюштуруу теориялык жана практикалык сабактарда жүргүзүлөт;

2. Жекече чыгармачылыкты өз алдынча жана окутуучунун колдоосунун алдында ишке ашыруу.

Жалпы активдүү ой-жүгүртүү методикасы барыдан мурда чыгармачылыктагы таймашууну билдирет. Бул мектепке чейинки педагогдордун теориялык билимдери боюнча бири-бирин угуу, бул процесске катышуу, ар бири кызыгуу жараткан, өзгөчө идеяларды ортого салуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бирок, жакшы адисти даярдоодо жалпы активдүү ой-жүгүртүү жетишсиз, практика көрсөткөндөй, өз алдынча иштерди жекече уюштуруу – окутуу процессинин интенсивдүүлүгүн жогорулатат, келечектеги адистердин билим сапатын жогорулатуунун негизги каражаттарынын бири. Келечектеги адистер предметти гана билбестен, ар тараптуу ойлоно да, ар бир

нерсеге чыгармачыл мамиле жасай билүүсү да керек. Программадагы тапшырманы аткаруу же аткара албоо мектепке чейинки педагогдордун чыгармачыл өсүүсүндөгү жана улуттук музыкага болгон кызыгуусунун көрсөткүчү болуп эсептелет.

1. Кызыгууну калыптандырууга шарт түзгөн *керектелүүчү каражаттарды жана техникалык каражаттарды тандоо педагогикалык шарт боюнча* улуттук музыканын бардык багыты боюнча ноталык материалдар жеңилдетилген түрдө атайын программа менен басылып, кайра ал чыгармаларды уктуруу үчүн фонетека топтолуп, видеотасмалар чогултулду. Улуттук музыкалык аспаптардын системалаштырылышы боюнча атайын буклеттер түстүү сүрөттөр менен түзүлдү. Дээрлик бардык улуттук музыкалык аспаптардын тембри менен тааныштырып гана токтолбостон, ар бир аспаптын жаралыш тарыхы, эмнеден жасалганы боюнча аспаптын өзүн колдонуу менен тааныштырылды.

2. Окутуучу менен мектепке чейинки педагогдордун *бирдикте, иш алып баруусу* деген педагогикалык шартты ишке ашыруу бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн бардык түрүнө таянуу менен ишке ашырылды. Буга жардамчы туура тандалып алынган методдор; улуттук музыкага боюнча теориялык билимдердин топтолушу; улуттук музыкалык чыгармалар менен угуу, ырдоо, бийлөө, ойноо аркылуу тааныштыруу процесси болду.

3. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн улуттук музыканын багыттарынын бардык түрүн камтыган *чыгармачыл тапшырмалардын системасы деген педагогикалык шарт* төмөндөгүдөй ишке ашырылды. Музыканын мүнөзүн музыкалык көркөм каражаттар аркылуу, музыкалык образ, музыкалык драматургия, аспаптардын тембрлерин салыштыруу, оюн түрүндө, ар кандай музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоо, репертуар тандоо, бала бакчадагы балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып улуттук музыканын үлгүлөрүн камтып майрамдык сценарийлерди түзүү, жалпы улуттук музыканын багыттары, чыгармачыл портреттер боюнча класттер жана синквейн (тиркеме № 7) түзүү,

кроссворддорду толтуруу. жана башкалар. Мектепке чейинки педагогдордун тапшырманы аткарганда канчалык деңгээлде кыргыз улуттук музыкасынан терең билим алганын баалоо мүмкүнчүлүгү, чыгармачылык менен оюн кыска, так, туура жазганынан, ал чыгармалар боюнча так бере алганынан, практикалык негизде ал чыгармаларды аткарып берүү, мисалдарды салыштырып айтып берүүсүнөн байкалат. (Тиркеме №3, №5, №8).

4. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыктырууда жекече чыгармачыл тапшырманы *өз алдынча аткаруу үчүн тесттер системасы да* улуттук музыканын бардык багытын камтуу менен түзүлдү. Мисалы, элдик аспаптар, комузчулар, башкача айтканда улуттук музыканын бардык бөлүгү боюнча тесттерге берген жооптору, алардын улуттук музыкага кызыгуусунун, билиминин эң башкы көрсөткүчү боло алат.

5. *Баалоо аркылуу* улуттук музыкага кызыгуусун *активдештирүү*. Балоонун түрлөрү – окутуу процессиндеги кайтарым байланышты, окуу процессинин натыйжалуулугун камсыз кылуучу окутуучу менен мектепке чейинки педагогдордун өз ара байланышкан ыраттуу аркеттеринин системасы. Педагогикалык шарт катарында баалоонун төмөнкү түрлөрү милдеттүү түрдө пайдаланылды: **формативдик баалоо** (окутуунун бүткүл процесси бою *түздөн-түз байкоо жүргүзүү, дил баян, кыскача эссе, тест, оозеки экзамен,билц-суроо, портфолио, өз ара баалоо, өзүн-өзү баалоо)*жана **суммативдик** (жыйынтык) баалоо *(билим жыйынтыгын, компетенцияларын аныктоо),* окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн аягында.

**Баа** – мектепке чейинки педагогдордун билимдерин, билгичтиктерин цифралар же баллдар менен сандык баалоонун чагылышы.

**Балл -** тестти же анын тапшырмасын аткаруунун жыйынтыгын белгилүү бир шкала боюнча баалоо үчүн алынган бирдик.

**Компетенция** - предметтердин жана процесстердин белгилүү бир чөйрөсүнө байланыштуу жана алар менен сапаттуу, продуктивдүү ишмердик жүргүзүү үчүн зарыл болгон, өз ара байланыштуу инсандык сапаттардын

(билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, ишмердүүлүктөрдүн) жыйындысы.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу аркылуу предметтик компетенттүүлүктөрүн төмөнкүлөр аркылуу баалайбыз:

– теориялык билимдердин топтолушу;

– музыканы угуу жана музыкалык чыгарманы талдоо;

– хордук жана жекече ырдоо;

– музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн жыйындысы

– жазуу иштери, чыгармачыл презентациялар, портфолио ж.б.

## II.2. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Азыркы мезгилде педагогика илиминде «педагогикалык технологиялар», «билим технологиясы», «окуу технологиясы», «инновациялык технология» терминдери колдонулат. «Технология» терминин уңгусу байыркы грек тилинде "техно" – искусство, чеберчилик, аткаруучулук, ал эми "логос" – окуу, үйрөнүү деген маанилерди түшүндүрөт. Демек, технология тигил же бул ишмердүүлүктү жогорку чыгармачылык деңгээлде жүргүзүү жана аны үйрөнүү болуп саналат. Ал эми педагогикалык технология бул – бир жагынан окуу материалын иштеп чыгуу, аны өзгөртүү жана билим берүүнүн методдору менен каражаттарынын жыйындысы. Педагогикалык технология окуу максатынын, билим мазмунун, дидактикалык методдордун, каражаттардын, формалардын бири-бири менен байланышын өзүнө камтыйт.

Педагогикалык технологиянын *аспектилери төмөнкүлөр:*

– *илимий аспектиси* – педагогикаылк технология педагогикалык процесстин максатын, маңызын, методдорун, формаларын жана жүрүшүн изилдөөчү жана иштеп чыгуу боюнча педагогика илиминин өзгөчө бир бөлүмү;

– *процессуалдык* – аныктоо аспектиси – педагогикалык процесстин башынан аягына чейин аныкталышы жана жазылышы, б.а. процесстин эффективдүү өтүшү үчүн максаттын, мазмундун, методдордун, каражаттардын алдын-ала белгилениши.

– *ишмердүүлүк аспектиси* – педагогикалык процесстин жүрүшү үчүн инсандык, инструменталдык жана методологиялык каражаттарынын бири-бири менен айкалышы.

Ошондой эле педагогикалык технолгиянын *курамдык бөлүктөрү* дагы үч багытта каралат:

1. Концептуалдык негизги бөлүгү педагогикалык технологиянын жалпы мүнөздөмөлөрүн жана принциптерин өзүнө камтыйт.

2. Педагогикалык технологиянын маңыздык бөлүктөрүнө окуунун жалпы жана конкреттүү максаттары, окуу материалынын мазмуну кирет.

3. Педагогикалык технологиянын процессуалдык иштиктүү бөлүгүнө окуу процессин уюштуруунун түрлөрү, педагог менен мектепке чейинки педагогдордун ишмердүүлүктөрүнүн формалары жана колдонулган методдору, окуу процессинин алып барылышы жана бааланышы кирет.

Педагогикалык *технологиянын түрлөрү*: коллективдик окуу технологиясы; активдүү окуу технологиясы; модулдук технология;проблемалуу окуу технологиясы; оюн технологиясы ж.б.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу процессинде педагогикалык технологиялардын мына ушундай түрлөрүн, курамдык бөлүктөрүн, белгиленген аспектилерин колдонуу менен төмөндөгү методдор аркылуу иш алып бардык.

**“Метод”** термини байыркы грек сөзүнөн которгондо максатка жетүүнүн ыкмасы, жолу дегенди түшүндүрөт. Философиялык сөздүктө “метод – жалпы мааниде максатка жетүүнүн жолу, белгилүү мүнөздө иреттелген иш-аракеттин жыйындысы” деп берилген.

**Изилдөөнүн методдору:**илимий теориялык-методологиялык изилдөөлөрдү талдоо, аңгемелешүү, анкета, педагогикалык байкоо, окуу процессин анализдөө, жазуу иштери (тест, кроссорд, дил баян), анализ, синтез, педагогикалык эксперимент, эксперименттин натыйжаларын математикалык статистикалык ыкмаларындын негизинде сандык жана сапаттык талдоо.

*Аңгемелешүү* методу мектепке чейинки педагогдордун жалпы жана улуттук музыкалык маданият боюнча билимдерин баалоо, анализдөө үчүн колдонулду, мында алар эң начар көрсөткүчтөрдү беришти, билимдери төмөн, улуттук музыканын негизги бөлүктөрүн да билишпейт.

*Анкета* – алдын-ала даярдалган суроолордун негизинде белгиленген илимий маселе боюнча билимдерди, кызыгууларды жалпылоо үчүн багытталып колдонулду. Мисалы, “*Бүтпөгөн ойду улантуу*”, “*Улуттук музыка боюнча билимин аныктоо жана баалоо”, “Улуттук музыкага болгон кызыгууну*

*текшерүү", "Музыканын көркөм каражаттары", "Жалпы музыкалык түшүнүктөр".*

Ал эми жазуу иштеринин түрлөрү катарында алдын-ала (претест) кластерлерди түздүрүп, кроссворддорду толтуруп, "Музыка менин жашоомдо" деген дил баяндар жаздырылды.

Муну менен бирге илимий изилдөө ишинин максаттарын ишке ашышына берилген материалдын мазмунунан гана эмес, тандалып алынган методдордон да көз каранды экенин белгиледик. Окутуунун методдору өтө көп. Мында биз ири үч бөлүктү баса көрсөтүп өтсөк болот:

1. Билим берүү процессинде окуу-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрдү (иш-аракетти) уюштуруп, ишке ашыруу методдору;

2. Билим берүү процессинде – таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрдү мотивациялап (ынтызар кылып) стимулдаштыруу методдору;

3. Билим берүү процессинде – таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүн текшерип, жыйынтыктарын баалоо методдору. Бул үч бөлүк окутуу процессин уюштурууда башка методдорду пайдаланганда эң башкы өзөгү болуусу зарыл.

Окутуу методдорунун түзүлүшү боюнча объективдүү жана субъективдүү бөлүктөрүн сөзсүз эске алып иш алып баруу зарылдыгы келип чыгат, себеби, окутуунун *объективдүү методу бөлүгү* жалпы окууту процессинде орун алуучу, өзгөрбөөчү бөлүгү, демек, мында педагог менен билим алуучунун сөзсүз түрдө аткара турган окуу-таануу ишмердүүлүктөрү, ал эми *субъективдүү бөлүгү* ар бир педагогдун, мектепке чейинки педагогдордун жекече өзгөчөлүктөрү, даярдыгы, мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлүп, дайыма өзгөрүүгө учурап турат.

Мектепке чейинки билим берүү адистигине даярдоо процессинде мектепке чейинки педагогдорго "Эстетикалык билим берүү (музыка)" курсун окутууда бала бакчада балдарга музыкалык тарбия берүүнүн түрдүү методдору, жалпы педагогикалык жана музыкалык билим берүүдө кабыл алынган методдор колдонулат. Бул методдор мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу менен бирге, келечекте бала

бакчадагы балдардын музыкалык-эстетикалык багытта билимдеринин калыптанышына да шарт түзөт. Бала бакчадагы балдардын музыкалык билими үстүртөн болсо да, улам тереңдеп, музыканы кабыл алуусу, музыкага болгон баалоо мамилеси өзгөрөт, андыктан мектепке чейинки педагогдор балдарын талабын ишке ашыруу үчүн музыкалык билим берүүнүн методдорун жакшы билүүсү зарыл.

Музыкалык билим берүүдөгү методдор ар жактуу, алар окутуунун милдеттерине, берилген тапшырмалардын жана музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрүнө (музыка угуу, аткаруучулук, чыгармачылык, музыкалык билим берүүчүлүк) жараша колдонулат.

Педагогика илиминдеги негизги методдор музыкалык билим жана тарбия берүү процессинде да негизги орунда: *көрсөтмөлүү метод, оозеки айтып берүү методу жана практикалык метод.*

Белгилүү окумуштуулар В.А. Сластенин [192] жана Н.Е. Мажар [149], окутуунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө жараша мындай топторго бөлүшкөн: иллюстрациялап түшүндүрүү, проблемалык баяндоо, репродукциялап кайталоо, изилдөө ыкмасы жана айрым изилдөө. Негизинен окутуунун методдору бири-бирин ар тараптан толуктап турат.

Мектепке чейинки педагогдорго билим берип, улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда музыкалык ишмердүүлуктүн түрлөрүндө төмөндөгү окутуунун методдору пайдаланылды.

***Оозеки айтып берүү методу*** педагогика илиминде негизги орунда жана педагогдун түшүндүрүүсү менен берилет. Музыкалык билим берүүдө да негизги орунда. Педагог оозеки түрдө музыка, музыкалык аспаптар, комузчулар, чоорчулар, кернейчи-сурнайчы, темир ооз комузчулар, музыкалык жанрлар, формалар, музыканын көркөм каражаттары, музыкалык топтор жөнүндө маалымат берет. Оозеки айтып берүүдө педагогдун сөзү жөнөкөй, турмуштук сөздөр менен эмес, “сыйкырдуу” ар бир угуучунун көңүлүн бурдурган кызыктуу маалыматтар менен камтылып, педагогикалык этиканын нормасында, сабаттуу, көркөм, чоң педагогикалык чеберчилик

менен болушу зарыл. Музыкалык билим берүүдө оозеки айтып берүү ыкмасынын – аңгеме, окуу-лекциялары, суроо-жооп, талкуу түрлөрү колдонулат.

Музыканын мүнөзүн сөз менен ачып берүүдө (шайыр, шаңдуу, кайгылуу, муңдуу, чечкиндүү ж. б.) педагог музыканын мүнөзүн сөз аркылуу бере алуусу да керек. *Сөз аркылуу музыканын мүнөзүн ачуу* (музыканын мүнөзүн түшүндүрүү, сөз – образ) – бул метод негизи универсалдуу мүнөзгө ээ. Айтып берүү методу аркылуу мектепке чейинки педагогдор улуттук музыкалык чыгарманы терең кабыл алууга, мүнөзүн, музыкадагы маанайды аныктоого жана музыкалык образ жана драматургияны аныктоого жардам берет. Музыкалык билим берүүдө жөнөкөй турмуштук сөз аркылуу эмес, образдуу, педагогикалык чеберчилик менен иш алып баруу зарыл.

Мисалы, *Ы. Тумановдун «Боз салкын» күүсүн* талдап көрөлү, күү толугу менен уктурулат. Андан соң мектепке чейинки педагогдор күүнү угууда кандай сезимде болгонун, элестетүүлөрүн, кандай мүнөздө жазылган музыка экенин эркин формада айтып беришет.

Айсулуу: «Күү жай темпте башталат, жайкы таң жаңы атып, кыз-келиндер жумушка баратат. Күн улам көтөрүлүп, айлана бүт ойгонуп, куштар сайрап, иш шаңы кызый баштайт. Күүнүн мүнөзү да шаңкылдап, шайдоот мүнөздө. Шаңга толгон кыз-келиндер эмгектенип, чарчоо тартып, күн кечтей баштайт. Күүнүн шаңы да акырындап жайлап, коңур добуш менен жай терип чертүү менен угулат». Бул маалымат теориялык билим алуу учурунда топтолгон, практикалык сабакта күүнү угуу аркылуу анын программасын айтып берди.

Сайкал: *М.Күрөңкөевдин «Кер-Өзөн»* күүсү уктурулат. Күүгө мүнөздөмө берүүдө жаратылыш менен салыштырат, жай мезгилиндеги жаратылыштын эң кооз, өзөндөрдө суу толуп аккан мезгилин аталышы аркылуу гана ой-жүгүртүү менен сүрөттөп берди, негизи күүнүн сюжети жок.

*К. Орозовдун «Көкөй кести» күүсү* уктурулат. Күү уктуруп атканда аудиторияда тынчтык өкүм сүрүп турду. Күүнү ким сөз менен түшүндүрүп

айтып берет? – деген суроого жооп чыкпады. (күүнүн аты уктурулуп атканда айтылбайт).

Айпери: Күү абдан кайгылуу, жоготуу, жоктоо менен байланышкандай, комуздун үнү ушунчалык муңдуу, кайгылуу муңканып турат. Бул музыканы укканда ыйлагың келет экен. Бул ойду улай, педагогдун толуктоосу, ооба, күүнүн аты «көкөй кести», абдан оор, кайгылуу согуш учурун чагылдырып жазылган, ал эми азыркы күндө маркумдарды узатууда коюлуп келет.

Ар бир уктурулган музыкалык чыгармага мүнөздөмө берүүдө мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдорго көркөм адабий тил менен бергенге аракет кылуу талабы коюлган, алар дикция жана интонацияны коюп, көркөмдөп айтып берүүгө аракеттерин жасашты. Бул метод аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу менен катар, изденүүчүлүк жөндөмдөрүн, педагогикалык чеберчиликтерин, сүйлөө маданиятын да өстүрүүгө шарт түздүк, бирок алардын кээ бирлери турмуштук сөздөр менен айтып берип, сөз байлыктары аз экени байкалды.

Демек, сөздүн күчү менен мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкалык чыгармаларды сезим, каалоо менен кабыл алуусуна шарт түзүп, кызыгууларын калыптандырууга жетишүүгө болот. Улуу педагог В.А. Сухомлинский: “Сөз жүрөктүн кылдарын күүлөшү керек” – деп белгилеген. («Слово должно настроить чуткие струны сердца»). Бирок, бул методдо көп учурда педагог гана активдүү, ал эми билим алуучулар пассивдүү позицияда болушат, ошондуктан айтып берүү методдун башка методдор менен айкалыштыра колдонуу пайдалуу.

Музыкалык билим берүүнүн теориясында ***көрсөтмөлүү метод*** *эки түргө* бөлүнөт: *көрсөтмөлүү - угуу методу* (наглядно-слуховой) жана *көрсөтмөлүү - көрүү методу* (наглядно-зрительный).

***Көрсөтмөлүү-угуу методу*** музыкалык тарбия берүүдө негизги метод, себеби музыканы угуусуз кабыл алуу мүмкүн эмес, музыкалык чыгарманы угуу бул методдун негизи. Уктурулган музыкалык чыгарма эң жогорку

көркөм деңгээлде аткарылышы зарыл, себеби музыка сезимдердин тили, демек угуучунун сезимдик кабыл алуусуна таасир берүүсү керек.

Музыкалык чыгарма техникалык каражаттар аркылуу же педагогдун аткаруусунда уктурулат. Эгер педагог чыгарманы, ырды же ырдоо көнүгүүлөрүн өзү ырдап берсе, аткаруу ыкмаларын көрсөтсө, жогорку көркөмдүктө, так, туура мектепке чейинки педагогдордун музыкага кызыгуусун ойготуп, сезимдик кабыл алуусуна шарт түзүп аткаруусу керек, себеби, угуу аркылуу алардын музыкалык табити калыптанат.

***Көрсөтмөлүү-көрүү методу*** (сүрөттөр, түстүү карточкалар, пейзаждар, картиналар, аудио жана видео жазуулар ж. б.) музыкалык аспаптар, топтор, чыгармачыл портреттер, ырчы-чоорчулар менен тааныштыруу жана угулган чыгарманы сезимдик кабыл алууну өрчүтүү максатында колдонулган метод.

Мисалы, *К. Орозовдун "Кара Өзгөй"* күүсүн көрсөтмөлүү-угуу методу менен аудио жазууну уктуруп, айтып берүү методу менен талдасак, толук кандуу талдоого жетишпей калуубуз мүмкүн, ошол эле күүнү видео жазуу аркылуу көрсөтүп, аткаруу ыкмаларына көңүл бурдуртуп, андан соң талдасак, күү угуучуларга толук кандуу жеткиликтүү болот. Бул эки метод бири-бирин толуктап туруусу зарыл.

***Практикалык метод*** музыкалык билим берүүдө негизги орунда. Бул метод аркылуу аткаруучулук ишмердүүлүк – ырдоонун, аспаптарда ойноонун ар кандай ыкмаларын, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды аткаруу ыкмалырын, башкача айтканда бала бакчада балдардын музыкалык ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун негизи. Мисалы, практикалык ыкма аркылуу педагог мектепке чейинки педагогдорго жөнөкөйдөн татаалга чейинки ырдоо ыкмаларын, туура дем алуудан тартып, үн пайда кылуу, дикция, интонация, ар кандай аткаруу манералары, музыкалык көркөм каражаттарды колдонуп, музыкалык чыгармаларды кооздоп аткаруу көндүмдөрүн калыптандыра алат.

Музыкалык билим берүүдө метод тандоо музыкалык чыгарманын үстүнөн иштөө этабынан көз карнды. Чыгарма тааныш эмес болсо, аны бир

нече жолу угуп талап, анда *биринчи этапта* көрсөтмөлүү-угуу методу жана оозеки айтып берүү методу (сөз менен музыканын мүнөзүн ачып берүү зарыл) турат. *Экинчи этапта* практикалык методду көрсөтмөлүү метод менен оозеки айтып берүү методун колдонуп, педагог аткаруунун ар кандай көндүмдөрүн көрсөтүп берет, ал эми *үчүнчү этапта* практикалык методго басым жасап, аткаруу ыкмалары аркылуу музыкалык чыгарманын мүнөзү ачып берилет. Демек, музыкалык билим берүүдө колдонулган методдор дайыма бири-бирин толуктап турат.

Мисалы, элдик ыр *"Шырылдаңды"* практикалык метод менен үйрөтүү. Ырдын мүнөзү шаңдуу, шамдагай, тез темпте, стаккато менен ырдалат. Бул айтылган мүнөздөмөнү түшүнүктүү болсун үчүн педагог практикалык негизде айтып берүү, көрсөтмөлүү-угуу жана көрсөтмөлүү-көрүү методдорун колдонуп көрсөтүп берип, андан соң гана мектепке чейинки педагогдорго сап-сап менен үйрөтүүсү зарыл.

Улуттук музыкага кызыктырууну калыптандырууда замандын талабына ылайык *окутуунун активдүү методдору* айкалыштырып колдонулду.

*Окутуунун активдүү методдору* таанып билүү ишмердүүлүгүн мотивациялап, стимулдаштырып, активдүүлүктү калыптандырып, билим алууда ой жүгүртүү менен практикалык ишмердүүлүктөрдү жөнгө салуучу методдордун системасы. Бул методдорду колдонуу менен негизинен мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун активдүүлүгүн арттырууга басым жасап, жалпы активдүү ой-жүгүртүү ишмердүүлүктү, жеке чыгармачылыкты практикалык негизде ишке ашыруусуна шарт түзүп, педагог толуктап, багыттап, тууралап турду.

Колдонулган *окутуунун активдүү методдорунун түрлөрү:* проблемалык учурлар, ишмердүүлүк аркылуу окутуу, топтук жана экиден, жеке өз алдынча иштөө, оюн ишмердүүлүгү, чыгармачыл оюндар, драмалаштыруу, театрлаштыруу, ротация, тегерек стол, мээге чабуул - ойлонууну, изденүүнү өнүктүрүү, дискуссия, мозаика, галерея, диалог ж. б.

*Кластер* – бул өтүлгөн теманын негизинде идеяларды эркин айтууга, жазууга жардам берүүчү гафикалык уюштуруучу.

*Синквейн* - беш саптан турган кыска ыр түрүндөгү чыгармачыл иш. *Синквейн* – жазуунун эрежеси:

1 – сап – синквейндин ээси, башкы тема, аталышы;

2 - сап – негизги ойду берген сын атооч;

3 – сап – теманын негизинде кыймылды көрсөткөн үч этиш;

4 - сап – негизги маанини берген фраза;

5 – сап - теманы аныктаган жыйынтык.

*Инсерт* - методу ой жүгүртүүнү өстүрүүчү ыкма (развития критического мышления). Бул методду окутуунун активдүү методдору менен катар колдонуу окуу процессин жандантат. Метод төмөндөгү түшүнүктү берет:

И - I — interactive (интерактивная) – интерактивдүү;

Н -N — noting (познавательная) – таанып билүүчү;

С- S — system for (система) – система;

Е- E — effective (для эффективного) – эффективдүүлүк үчүн;

Р - R — reading (чтения) – окуу;

Т - T — thinking (и размышления) – жана ой толгоо, ойлонуу.

Бул метод эффективдүү окутуунун технологиясы деп аталып, жаңы маалымат менен тааныштырууда текст менен иштөөдө колдонгонго болот. Берилген негизги маалымат текст түрүндө, мында тексти бир нече түс менен белгилеп чыгышат же карандаш менен тексттин четине билгилерди коюшат. Белгилер туура коюлушу керек.

✓ - бул маалыматты билем;

+ - бул мен үчүн жаңы маалымат;

- - муну мен башкача ойлочумун, мен билген маалыматтан башкача;

? – түшүнүксүз, тактоо, түшүндүрүү зарыл.

***Музыканын мүнөзүн тактилдик сезүү: (бири-биринин колун кармоо)*** Бул ыкма (способ) кенже жаштагы тарбиялануучуга музыканын көркөмдүгүн

сезип тереӊ кабыл алуусуна жардам берет (И.В. Груздова [91]). Мектепке чейинки педагогдорго улуттук музыкалык чыгармалардын аттары жазылган карточкалар берилет. Карточкаларда тааныш улуттук музыканын үлгүлөрүнүн аттары жазылган: «Шырылдаӊ», «Бекбекей», «Бешик ыры», «Оп, майда», «Жарамазан», «Кыргыз көчү», «Саадак какты», «Эргиме» ж.б.

Группа алдын ала эки топко бөлүнөт. Биринчиси экинчи педагогдун колун кармап, уктурулуп жаткан музыканын мүнөзүнө жараша ритмикалык сүрөттөлүш жасайт, мисалы, марш мүнөзүндөгү музыка болсо, марш мүнөздүү чечкиндүү кыймыл. Ал эми экинчи педагог музыканын мүнөзүн сезим аркылуу мүнөздөйт. Музыка тандоодо ар кандай мүнөздөгү музыка тандалышы керек. Назик, созулуӊку жана катуу, күчтүү сезим менен берилген музыка, бул сезимдик жана тактилдик кабыл алууну тереӊдетип, ритмди сезүүнү калыптандырат.

***Музыканын мүнөзүн аспаптын тембри аркылуу ачып берүү,*** мектепке чейинки педагогдор лекциялык сабактарда улуттук аспаптарда ойноп аткарылган улуттук музыкалык чыгармалар менен таанышып, угушкан, булар комуз күүлөрү, сыбызгыда, чопо чоордо, кыл кыякта, ооз комузда аткарылган музыкалык чыгармалар. Бул аспаптардын тембрдик өзгөчөлүктөрүн айырмалай алышат. Уктурууга М. Күрөӊкөевдин *«Кер Өзөн»* чыгармасы чопо чоор, сыбызгы жана тай туяк менен, ал эми А. Огонбаевдин *«Эсимде»* чыгармасы чопо чоор, сыбызгы, урма аспап аса таяк менен аткарылганы берилген. Тапшырма, мектепке чейинки педагогдор бир нече музыкалык аспаптын тембри аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүүсү керек. Биринчи чыгармада тай туяк күчтүү үлүштү баса көрсөтүп, чыгармага курч мүнөз берип, шаӊдуулук жаратып турат, ал эми экинчи чыгармада ошол эле үйлөмө аспаптар, бирок күчтүү үлүш аса таяк менен жеӊил берилгендиктен чыгарманын назик, мукамдуу. Демек, бул ыкманы колдонуу аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкалык аспаптар менен таанышуусу тереӊдеп, аспаптардын тембрдик өзгөчөлүктөрүн эске тутуп, аспаптык музыканын жанрлары менен таанышышат.

***Түстөр аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүү,*** бул ыкманы чыгармалардын карама-каршылыгын баамдоо үчүн колдонулат. Иш алып баруу үчүн мектепке чейинки педагогдорго контрасттуу түстөгү карточкаларды музыканын мүнөзүн ачуу үчүн колдонуу мүмкүнчүлүгү түшүндүрүлгөн, мисалы, назик, жайдары музыкага ачык түстөгү, ал эми каардуу, жагымсыз маанайдагы музыкага күңүрт түстөгү карточкалар колдонулат.

Мисалы, жаштар ыры *«Селкинчек»* жана салттык ыр *кошоктон* үзүндү уктурулат. Мында уктурулган улуттук музыкалык чыгармага сөз менен мүнөздөмө бербестен, түстөр аркылуу музыканын мүнөзүн ачып беребиз. Түстөр аркылуу кабыл алуу ыкмасын колдонуу образдардын, сезимдердин өзгөрүүлөрүн кабыл алууга шарт түзөт, сүрөт тартуу менен коштолсо берилген боёктор аркылуу мектепке чейинки педагогдор өз кабыл алуусун, сезимин бере алат. Мисалы, Т.Сатылгановдун «Тогуз кайрык», «Сынган бугу» сыяктуу программалуу залкар күүлөрдү уктуруу процесси көңүл бир жерде топтолуп, ойлуу мүнөздө иш алып барылды, ал эми тез темптеги музыка берилсе, мектепке чейинки педагогдордо жандуулук, бат эле көңүлдөрүн башка нерсеге буруп кеткени байкалды. Буга мисал, А. Огонбаевдин кол ойнотмо залкар күүлөрү «Кыз кербез», «Маш ботой» жана А. Бейшүкүровдун «Көйрөң күү”. Комуз күүлөрүнүн бардык түрлөрү менен бирге улуттук аспаптык жана аваздык музыканын үлгүлөрү уктурулганда мектепке чейинки педагогдор музыканын мүнөзүнө жараша карточкалар менен иштегенди үйрөнүштү.

***Искусствонун жанрлары аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүү (музыка, сүрөт искусствосу жана адабият)*** бул ыкманы колдонууда мектепке чейинки педагогдор улуттук музыкадан өз көңүлүнө жаккан үлгүнү тандап, кайра ошол музыкага жараша адабий материал, поэзия, кара сөз жана аны сүрөт менен толуктайт. Демек, бир эле чыгарманы искусствонун үч багыты менен ачып беришет. Мисалы, К. Орозовдун *«Кара Өзгөй»* күүсүн талдап көрөлү. Күүнүн сюжети: эртең менен эрте туруп эшикке чыккан Карамолдо уй саап аткан келинди көрөт, уй келинди кыйнап, тээп, басып кетип, сүттү

төгүп саадырбай баса берет, аны карап туруп «кара өзгөй уй тура» - деп ойлонуп коёт. Кийин мына ушул сюжеттин негизинде «Кара Өзгөй» күүсү пайда болгон. Азыркы адамдардын жаман мүнөзүн сүрөттөгөн күчтүү сезимде жазылган ыр тандалып, ага күңүрт түстө тартылган сүрөт сунушталат.

А. Огонбаедин *«Ак тамак, көк тамак»* күүсүнө А. Осмоновдун «Ата Журт» ырын жана ага кыргыз жергесинин керемет жаратылышын чагылдырган сүрөт колдонсок болот. Күүнүн сюжетинде ак чымчык менен көк чымчыктын жылуу жакка учуп кетүү айтышы берилет, бирок ата-журтту таштап кетүү кыйын болот.

“Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,
Кыш да катуу, бороон уруп, кар уруп.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!”

Ы. Туманов *«Боз салкын»* күүсү жана А. Осмонов «Жеңишбек» поэмасынан үзүндү менен көлдүн сүрөтү.

«Ысык – Көл кээде толкун, кээде тынч да
Толкуса толкунуна тең ортокмун
Дүйнөдө канча жолдош күтсөм дагы
Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун».

Ы. Туманов «Кара тулпар» күүсү жана жылкылардын сүрөтү менен Б. Сарногоевдун

«Толкун болот деңиздин күчтүү жери,
Толкундай бийик болот кыргыздын жигиттери» – деген ыр саптары. Бул ыкманы өркүндөтүүдө мектепке чейинки педагогдор сүрөт искусствосунун, адабияттын, музыканын көркөм каражаттарын билип, ар кандай жанрдагы чыгармаларды изденүүчүлүк менен колдоно алышты.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда *музыкалык-дидактикалык оюндарды* колдонууда музыкалык материал терең кабыл алынып, бекемделишине шарт түзүлөт. Оюн түрүндө берилген тапшырмаларда татаал түшүнүктөр тез кабыл алынат. Мисалы, “музыка кандай сезимдерди тартуулайт”, “Музыка эмне жөнүндө

айтып берет” же “музыка кантип айтып берет”, “Музыкалык дүкөн, “музыкалык викторина” деген дидактикалык оюндар музыкалык ишмердүүлүктүн дээрлик бардык түрүндө коштоду.

*“Музыка кандай сезимдерди тартуулайт”* оюнунда мүнөзү бири-бирине карама-каршы музыкалык материал тандалып алынат, мисалы, кайгылуу жана жандуу, шайыр музыка. А. Байбатыровдун *“Беш ыргай”* бийи жана А. Огонбаевдин *“Эсимде”* чыгармасы. Буларды угуу же ырдоо менен мектепке чейинки педагогдор музыкада берилген сезимди, маанайды, боёкторду белгилеп өтүшөт.

*“Музыка кантип айтып берет”* – бул музыканын көркөм каражаттары аркылуу берилет, динамикалык белгилер, staccato, cresc, diminuendo, forte, fortissimo, piano, pianissimo, sfarzando, ритм, лад, темп, интонация, дикция ж. б. Мисалы, улуттук музыканын түрдүү жанрларында колдонулган музыкалык көркөм каражаттардын мүнөзүн талдоо. Кайгылуу музыка минордук ладда, ритмикалык сүрөттөрүштөр узун, акырын, оор, салмактуу, жай темпте, ал эми шайыр музыка мажордук ладда, күчтүү сезим менен, шаңдуу ылдам темпте аткарылат. Мисалы, “Манас” эпосунун айтылыш ыкмасына кайрылса, анда музыканын дээрлик бардык көркөм каражаттары колдонулган.

*“Музыкалык викторина”* оюнунда мектепке чейинки педагогдордун уктурулган улуттук музыкалык чыгарманы канчалык деңгээлде эске тутуп калганын текшерүү, баалоо жана ошол эле учурда уктурулган материалды кайталоо иши жүргүзүлөт. Мында улуттук музыканын аваздык да, аспаптык да бөлүгүн берсек болот. Аспаптык музыканы уктурууда аспаптык музыканын жанрларын канчалык айырмалай алышат, музыка кайсы аспапта аткарылып жатат, аспаптардын тембри менен тааный алышабы, күүлөрдүн аталышы, авторлорду билүү.

## II.3. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ПЕДАГОГДОРДУН УЛУТТУК МУЗЫКАГА КЫЗЫГУУСУН БАЛДАРДЫН МУЗЫКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮ АРКЫЛУУ КАЛЫПТАНДЫРУУ

Замандын талабы адамдын ааламда болуп жаткан өзгөрүүлөргө мамилеси чыгармачыл болуусун сунуштайт. Коом активдүү, чыгармачыл, ар тараптуу компетенциялары калыптанган педагогдорго өтө муктаж. Ошондуктан бул маселени чечүүнү бала бакчадан баштообуз зарыл. Жыл сайын бала бакчага физиологиялык, психологиялык, аң-сезимдик өсүүсү ар кандай деңгээлдеги балдар келишет. Алардын кээ бири маалыматты дароо кабыл алып, окуяларга ар түрдүү маани беришет. Аларды таң калтыруу бүгүнкү күндө өтө кыйын маселе!

Демек, мектепке чейинки педагогдор чыгармачыл, бардык компетенциялары калыптанып, ошол эле учурда жалпы жана улуттук музыкалык маданият боюнча билими бар, азыркы күндүн талабына жооп берген кесипкөй боло алабы? Бул маселелер көпчүлүк музыкалык проблемаларды изилдөөлөрдө талкууланып келет. Музыкалык тарбия берүүнүн мааниси эстетикалык жана нравалык тарбиялоодо гана эмес, адамдын психологиялык маданиятынын өнүгүүсү үчүн өтө керек.

Л.В. Выготский баланын чыгармачылыгынын өнүгүүсүндө эркиндик принцибин сактоо керек деп айтат. Бул балдардын чыгармачылыгы милдеттүү түрдө болбосун дегенден кабар берет. Чыгармачылык кызыкчылыктын негизинде пайда болот. Балдардын чыгармачылыгы ийгиликтүү өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүз арыл, демек билим берүү системасында инсандын чыгармачыл потенциалы актуалдуулыкка ээ болот [81].

Мына ушул бала бакчада балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп, туура багытта иш алып баруучу мектепке чейинки педагогдордун чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн улуттук музыканын үлгүлөрүн пайдаланып, музыкалык ишмердүүлүктөр аркылуу калыптандыруу талабы келип чыгат, себеби алар келечекте балдарга ар тараптуу билим берип, улуттук музыка менен тааныштырып, практикалык негизде пайдалана алышы, бала бакчада

балдардын бир гана чыгармачылыгын калыптандырбастан, улуттук баалуукtар менен тааныштырууга да шарт түзөт.

Мектепке чейинки педагогдордун музыкалык жөндөмдүүлүктөрү – жалпы жөндөмдүүлүктөрдүн бир бөлүгү болуу менен, музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө кызыгуулары калыптанат, өнүгөт. Мектепке чейинки педагогдордун музыкалык чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн негизги булактары: жалпы жана улуттук музыкага боюнча билим деңгээлин өнүктүрүү, шарт түзүү, чыгармачыл процесстин мүнөзү, методдорду кезектештирүү, ар кандай чыгармачыл иш-аракеттер, бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгү үчүн ар кандай изденүүлөр. Мына ушулардын ичинен мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн негизги бөлүктөрү менен иш алып баруу зарыл.

Ишмердүүлүк –бул адамдын чыгармачылык жактан кайра жаралуусуна, өзүн-өзү өнүтүрүүгө, багытталган активдүүлүгүнүн спецификалык түрү.

Бала *бакчада балдардын музыкалык ишмердүүлүгү негизги төрт* бөлүктөн турат. Алар:

– музыка угуу;

– аткаруучулук ишмердүүлүк (ырдоо, музыкалык-ритмикалык кыймылдар, музыкалык аспаптарда ойноо);

– чыгармачылык ишмердүүлүк (ырчылык, бийчилик,импровизация);

– музыкалык билим берүүчү ишмердүүлүк.

**1. Музыка угуу.** Бала бакчада музыкалык тарбия берүүдө эң башкы ишмердүүлүк – музыка угуу, бардык музыкалык ишмердүүлүктүн процессинде коштолот. Мисалы, ырды ырдаш үчүн да, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоодо да, музыкалык аспаптарда ойноо үчүн эң биринчи музыканы угуу зарыл, бирок ошондой болсо да музыка угуу өз алдынча ишмердүүлүк болуп эсептелет.

Музыка угуу татаал процесс, анын негизинде музыканын маани-маңызын, образын ачуу, драматургиясын угуп, сезип, тую жатат. Музыка угуу музыканын маанайын сезүү менен чектелбейт, ал ошол чыгарманын идеясын

уга билүүдө. Музыка көптөгөн көркөм каражаттардын негизинде таасир берет (ладдык түзүлүш, динамикалык белгилер, темп, ритм, тембр, добуш, обон, аспаптык жана аваздык аткаруу).

Музыкалык тарбия берүүдө музыка уктурууда улуттук музыканын аспаптык да, аваздык да бөлүгүн колдонсок болот. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда музыка уктуруу процессинде биз эки ишти бирдей алып кетүүбүз зарыл, биринчиси, музыка уктуруу, музыканын жаралыш тарыхы жөнүндө, кандай музыка, кайсы аспап үчүн жазылганы менен тааныштырсак, экинчиси, бул музыка аткарылган аспап менен тааныштыруу. Угуу маданиятынын жана кызыгуунун өсүш деңгээлин аныктоо үчүн ар түрдүү формадагы, жанрдагы улуттук музыкалык чыгармаларды уктуруп, ага талдоо жүргүзүү талабы келип чыгат. Уктурууга комуз күүлөрү, чоор, чопо чоордо, сыбызгыда аткарылган обондор, темир жана жыгач ооз комуз, кыл кыяк күүлөрү жана обондор – ар кандай мүнөздөгү улуттук музыканын үлгүлөрү тандалып алынган, мисалы, “Бурулчанын селкинчек”, М. Күрөңкөев “Кер Өзөн”, элдик күүлөр “Күкүк”, “Жортуул күү”, Ы. Туманов “Боз салкын”, “Кара тулпар” (паровоз), М. Борбиев “Таң булбулу”, А. Байбатыровдун темир комуз үчүн күүсү “Тагылдыр Тоо”, Ш. Шеркулов “Жүрөк толкуйт”, элдик ырлар “Оой, дай”, “Бекбекей”, “Шырылдаң”, “Бешик ыры”, “Селкинчек”, К. Орозов “Кара Өзгөй”, “Ибарат”, “Насыйкат”, “Көкөй кести”, “Жаш кербез”, Т. Сатылганов “Тогуз кайрык”, “Миң кыял”, “Бала кербез”, “Чайкама”, А. Огонбаев “Ак тамак, көк тамак”, “Маш ботой”, “Кыз кербез” ж. б.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыка менен тааныштырып, музыка уктурууга коюлган негизги талаптар:

– музыканы кунт коюп угуу;

– аспаптык жана аваздык музыканы ажырата билүү;

– музыкалык аспаптардын үндөрүн (тембрин) ажырата билүү;

– уккан музыкалык чыгарманы баалай билүү, чыгарманын идеясын, драматургиясын ачып берүү.

Комуз күүлөрүн уктурууда салттык күүлөр, программалуу жана кол ойнотмо залкар күүлөр, айтым күүлөр уктурулду. Мында күүнүн жаралыш тарыхын, программасын, комуздун толгоо ыкмасын, аткаруу ыкмаларын айтып берип, андан соң уктуруу керек.

Уктурулган күүнү аныктап, талдоодо:

– уктурулган күүнүн мүнөзү, темпи, ритми, музыканын көркөм каражаттарын аныктап, атоо;

– күүлөрдүн кайсы түрүнө кирет аныктоо;

– күүнүн идеясын, музыкалык образын жана драматургиясын ачып берүү.

Ы. Туманов "Кара тулпар" (Паравоз) программалуу залкар күүсүн уктурууда окутуучунун жакшы кириш сөзү керек, себеби мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда күүнү жакшы элестетүү менен кабыл алганга жардам берет. Күүдө колдонулган музыкалык көркөм каражаттардын бардыгы паровоздун ордунан жылгандан токтогонго чейинки кыймылынын барын көз алдыга тартуулап турат. Мүмкүнчүлүк болсо уктуруунун ордуна видеожазуу көрсөтүү зарыл, себеби, күүнүн аткаруу ыкмасы менен терең тааныштырууга жетүү мүмкүнчүлүгү ачылат.

Кол ойнотмо залкар күүлөр М. Борбиев "Таң булбулу", А. Огонбаев "Ак тамак, көк тамак", "Маш ботой", "Чайкама", "Көйрөң күүлөрдү" уктурууда, алардын музыкалык мүнөзүн, тарбиялык-идеялык маанисин ачып берүү менен катар, аткаруу чеберчиликке басым жасап, кол ойнотуудагы техникалык жөндөмдүүлүктөрдү, колдонулган штрихтерди кеңири ачып берүү зарыл.

Ал эми айтым күүлөр "Ботой", "Ак Бакай", "Саринжи-Бөкөй","Кет Бука" күүлөрүн уктурууда мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдорду тек гана күүлөр менен тааныштырбастан, элдик санжыра, элдик эпос менен тааныштырып, алардын билимин тереңдетип, жан дүйнөсүн байытат.

Мисалы, «Кет Бука» элдик күүнүн сюжети:

Бир заманда абдан каарду, адам даап сүйлөй албаган Айкан деген хан болгон экен. Хандын баласы ууга чыгып, жолборско жем болуп өлөт.

Ханга баласынын өлгөнүн ким угузат деп, жигиттер ары ойлонуп, бери ойлонуп акыры Бука деген комузчуну чакыртып, кардуу Айкан ханга күү менен угузууну туура табышат. Бука комузчу маңдайына келип чертип турганда Айкан хан айткан экен

Кет, кет, кет Бука,
Кейпи жаман ит Бука.
Бу күүңдү ким уксун,
Боору калың жер уксун.
Кет, кет Бука, кет Бука,
Кейпи жаман ит Бука.
Бир караңгы түн уксун,
Жаркыраган ай уксун...

– Кармагыла Буканы бакма жолборсторума салып өлтүрөмүн, – дептир.

Ошондо желдеттери Буканы кармап, темир тордогу жолборсторго эшигин ачып киргизишет. Уктап жаткан жолборс чочуп ойгонуп, асманды карай секирип, кайра ордуна түшүп, жолборстун бели сынып өлүп, Бука комузчу өлбөй калат, угузуу үчүн ойнолгон күү "Кет Бука" деп аталып калган [121].

К. Орозовдун күүлөрү мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырып, улуттук музыкалык маданият менен таанышуусунда чоң мааниге ээ, себеби улуу комузчунун күүлөрү ар кыл тематикада элдин жашоосу менен байланышта, тарбиялык мааниси чоң. Анын "Насыйкат", "Ибарат" күүлөрү тарбиянын уюткусу.

«Насыйкат» деген сөздүн мааниси – «нускоо», «насыят», «насаат» деген түшүнүктөрдү берет. Күүдө жаш-кары, чоң-кичине дебей акыл-эстүүлүккө, акыйкаттыкkка, ыйман, адеп-аклакка үндөө чакырыгы жатат.

К. Орозовдун өзүнөн «насыйкат» деп эмнени айтат деген суроого ал, «жаман болбой жакшы бол» деген сөз деп жооп берген. «Акылдуунун белгиси – азыраак сүйлөп, көп тыңшайт», «Бутунан мүдүрүлгөн турат, сөзүнөн мүдүрүлгөн турбайт», «Дүйнө топтоп дөөлөттүү болгончо, акыл топтоп сөөлөттү бол!».

К. Орозовдун «Ибарат» күүсү да адеп-ахлактын башаты.

«Мен айтканым – Ибарат.

Сен кылбагын кыянат!

Тартасың анын азабын,

Акыр түбү кыямат!» (Алдаш Молдо).

Макалдардагы ибарат:

«Таш менен урганды, аш менен ур».

«Атаңдын ботосун алганча, батасын ал».

«Мактоо көптүрөт – чагым өлтүрөт».

«Өзүң урган таш – өз башыңа муш».

Суроо: Адамдагы улуулук касиеттер кайсылар?

Жооп – ибарат: Улуулук ата-тегинде, кызматында эмес, ар адамдын адеп-ахлак, акыл-ой жүгүртүүсүндө.

Суроо: Акылмандар, даанышмандар менен жан сырдаш болгуң келеби?

Жооп – ибарат: Ал үчүн илимдин туу чокусуна жет, өнөр-билимиң менен, жагымдуу мүнөзүң менен даанышмандар сабына жет! [124].

М. Күрөңкөевдүн "Кер Өзөн" кыл кыяк күүсү аркылуу кыл кыяктын жаралыш тарыхы жана бөлүктөрү менен тааныштырып, күүнү угуу аркылуу кыл кыяктын тембри, аткаруу ыкмалары, чыгарманын драматургиясы жана көркөм каражаттары менен таанышышат. "Ураан" жана "Жортуул күү" күүлөрү да кыл кыяк музыкасы менен тааныштыруу, аспаптын мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүү үчүн уктурулуп, талданды.

Уктурууга каралган А. Байбатыровдун "Тагылдыр Тоо", "Бурулчанын селкинчек" күүлөрүн талдап көрөлү. Бул күүлөрдү уктурардын алдында кыргыз элдик аспабы темир ооз комуз менен тааныштырып, үн чыгаруу ыкмаларын көрсөтүп, андан соң күүлөр толук уктурулуп, салыштыруу менен музыкалык мүнөздөмө берилет.

Үйлөмө аспаптардан чопо чоор жана сыбызгыда аткарылган чыгармалар уктурулду. Мисалы, "Сыбызгынын Кер Өзөн", А. Огонбаевдин "Эсимде" жана Т. Сатылгановдун "Өмүр" ырлары уктурулду. Аспаптын тембри мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун

калыптанышына чоң өбөлгө болду, себеби аспаптын темринин мукамдуу добушун алар чоң таасирленүү менен кабыл алышты. Чопо чоор аспапбында М. Күрөңкөевдин “Кер Өзөн” чыгармасын эки үндө аткарылышы уктурулду, бул чыгармаларга музыкалык талдоо жүргүзүп, чыгармалардын музыкалык идеясын жана драматургиясын ачып, көркөм каражаттарын аныкташты.

Кыргыз музыкалык маданиятында чоорчу А.Каримовдун чоорчулук өнөрүнөн  программалууу чоор күүсү “Бай коюнду жоо алды!”чоордун тембри, тарыхый күүнүн мазмуну менен тааныштырылды.

“Илгери бир жетим бала он жашында элүү чакты кою бар байга малай болуп, отуз жашка чыкканча байдын кызматын кылып, малын көбөйтөт.Мал жайып жүрсө жети каракчы келип, койчунун эки колун артына таңып, койго кошуп айдап жөнөшөт. Бир топ жол жүрүп, койчу:

– Акелер, колумду бошотсоңор, чоорумду бир тартып алайын, андан сооң, чабасыңарбы, атасыңарбы, эмне кылсыңар да макулмун, – дейт.

Эр-ээй, эр-ээй, эр басты,

Бай коюнду жообасты!

Тарт дегенде тартпаган

Арам өлгүр ак серке,

Каракчылар келгенде,

Тартып бир дабан бел ашты!  – деп чоор менен сүйлөтүп тартканда эшикте өрмөк согуп отурган байдын кызы угуп:

– Ата, койчуң чоор менен “Жоо айдады коюнду!” деп чакырып жатат – дейт. Атасы эмне кылаарын билбей карайлап турса, кызы:

– Куржундун эки көзүнө топуракты толтура салып, дабандын белине чыкканда куржундун түбүн тешип, кыйкырык салып, чаң ызгытсаң көп куугунчу келе жатат дешип, койчуңду да, коюнду да таштап качат, – дейт. Атасы дал ошондой кылып койчусу менен кошо койлорун сактап калып, койчусун кызына үйлөнтүп, койлорунун жарымын бөлүп берет” [124].

**2. Аткаруучулук ишмердүүлүк** *(ырдоо, музыкалык-ритмикалык кыймылдар, музыкалык аспаптарда ойноо).*

Бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн негизги бир түрү – аткаруучулук бул – ырдоо, музыкалык-ритмикалык кыймылдар, музыкалык аспаптарда ойноо.

**а). Ырдоо** активдүү, бардыгына жеткиликтүү ишмердүүлүк, ырдоо аркылуу балдардын ладдык сезими, ритми, эске тутуусу, музыканы угуусу, үнү калыптанат. Мектепке чейинкитогу педагогдор балдар менен бала бакчада ар кандай майрамдарды уюштурушат, андыктан ырдоо ишмердүүлүктү уюштуруу эрежелерин да билүүлөрү зарыл.

Ырдоо ишмердүүлүктүн түрлөрү:

– музыка угууну өстүрүү, ырдалуучу ырларды угуп аткарып көрүү, үндүн бийиктигин, тембрин, дем алууну өстүрүү үчүн ырдоо;

– аспаптын коштоосу жок жана коштоо менен жана ар кандай музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоодо ырдоо;

– музыкалык билим алуучулук ишмердүүлүктү өстүрүү үчүн ырдоо, ырдоонун ар кандай музыканын көркөм каражаттары (стаккато, легато, крешендо или димуниендо ж.б.) таанышуу;

– ырчылык чыгармачылыкты өстүрүү үчүн ырдоо;

– ырдоо техникасын өстүрүү үчүн ырдоо (дикция, интонация, дем алуунун түрлөрү, диапозон, строй, ансамбль).

Ырдоо ишмердүүлүктүн негизги максаты – ырдоо маданиятын тарбиялоо жана калыптандыруу. Бул процесс мектепке чейинки педагогдор ырдоо ыкмаларын жакшы билгенде гана ишке ашат, ал эми ырдоо ыкмалары вокалдык жана хордук ыкмалар болуп эки топко бөлүнөт:

*Вокалдык ыкмалар:*

– ырдоонун эрежелери менен тааныштыруу – тулку бойдун, баштын, ооздун абалы жөнүндө жалпы түшүнүк берилет;

– дем алуу, дем алуунун түрлөрү, чынжырча аркылуу дем алуу, узун жана кыска дем алуу, демди үнөмдөп чыгаруу;

– үн пайда кылуу, үндөрдүн бийиктиги, тембр, үндүү тыбыштарды тегеректеп ырдоо, жумшак жана катуу басым, ар кандай динамикалык белгилер менен ырдоо: mf, f, p, pp жана крешендо, димуниендо;

– дикция, сөздүн аягындагы каткалаң тыбыштарды так, толук айтуу, оозду бош кармап, сөздөрдү так айтып ырдоо;

– ырдоо көнүгүүлөрүн жасоо;

– үндү сактоонун эрежелери менен тааныштыруу.

Хордо ырдоо аткаруучулук коллективдүү ишмердүүлүк. Хордо ырдоонун эң негизги милдети мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдордун ансамбль ырдоо маданиятын калыптандыруу, бала бакчанын программасындагы музыкалык репертуар менен тааныштыруу.

*Хордук ыкмалар:*

– обонду таза жана так ырдоо, мажордо жана минордо туура обондон чыкпай ырдоо;

– аспаптын коштоосу жана коштоосу жок бир үндө же көп үндө обондон чыкпай туура ырдоо;

– хордо ырдаган үндөрдүн тең салмактуулугу, аткаруучулук ыкмалардын музыканын көркөм каражаттары менен толукталышы;

– ансамблде ар бир партиянын жана жалпы партиялардын ырдашы.

Мисалы, ырдоо аркылуу музыканын мүнөзүн ачып берүү. Мында мектепке чейинки педагогдор көңүл буруу аркылуу вокалдык, хордук ыкмаларды терең өздөштүрүүсүнө шарт түзүлөт. Ырдоо учурунда ар бир мектепке чейинки педагог үнүнүн мүмкүнчүлүгүн, дем алуунун тууралыгын эске алуу менен артикуляциялык аппарат менен туура иштөө аркылуу ар кандай интоннацияларды жасоо каралган.

Ырдоо ишмердүүлүгүнүн маанилүү жагы музыкалык билим берүүнүн бардык формасын өзүнө камтыйт: ырды аткаруу, музыкалык сабат, музыканы угуу, импровизациялоо, жөнөкөй музыкалык аспаптарда коштоп ырдоо. Ырдап жаткан мектепке чейинки педагогдордун ырдоонун эрежелерин туура сактап ырдоосу сөзсүз окутуучунун көзөмөлүндө болуусу зарыл, себеби, туура эмес дем алуу, интонация, дикция, ансамбль, үн пайда кылуу процесстери туура сакталбаса, сезимдик кабыл алууларына терс таасир калтырат. Ырдоо көнүгүүлөрүн жасоодо дирижёрдук көрсөтмөлөрдү ар бир

мектепке чейинки педагог так, туура түшүнүүсү зарыл, бул алардын көңүл буруусуна, дем алуусуна, ырды баштоо жана аяктоосуна жакшы шарт түзөт.

Аткаруучулук ишмердүүлүккө кыргыз элдик ырларынан “Шырылдаң”, “Бекбекей”, “Селкинчек”, “Бешик ырлары”, “Жарамазан”, “Оп, майда”, балдар ырлары “Турумтай”, “Беш көкүл”, “Жетим тай”, “Торпогум”, “Көпөлөк”, “Каак, каак, каргалар” пайдаланылды, себеби бул ырлар дем алууну өстүрүүгө, жеке жана хордо ырдоо ыкмаларынын ар кандай түрлөрүн үйрөтүүгө жардам берет. Мисалы, “Бекбекей” созулуңку мүнөздө, legato ырдалып, дем алууну туура пайдаланууну үйрөтсө, “Шырылдаң” ойноок мүнөздө, staccato ырдалып, дикцияны, интонацияны калыптандырат. “Шырылдаң” – эркектер, “Бекбекей” – аялдар хорунун, “Оп, майда” – аралаш хордун аткаруусунда уктурулду.

Мектепке чейинки педагогдор ырдоо чыгармачылыгын өстүрүүдө бешик ырларын билүүсү зарыл. “Алдей, алдей” же “Сал-сал билек”, “Тай-тай” ырларды ырдоодо эркин формада, импровизация менен аткарышты, эң негизги талап кайгылуу эмес, образ жана идея менен ачык маанайда аткара билүү. Бешик ырларын жеке жана хор менен, музыканын көркөм каражаттарын колдонуп, аспаптын коштоосунда же a capello аткаруу.

**б).** Аткаруучулук ишмердүүлүктүн экинчи түрү – **музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоо,** бул ишмердүүлүктө музыканын маани-маңызы, мүнөзү кыймыл аркылуу берилет. Ритмикалык кыймылдарды ар кандай дене тарбиялык көнүгүүлөр, бийдин түрлөрү, сюжеттик-образдык кыймылдар түзөт. Ритмикалык кыймылдар музыканын көркөм каражаттарынын барын бекемдеп, кыймыл аркылуу бышыктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кылат: темп жана ритмика, динамикалык белгилер жана ритмика, ритм жана ритмика, музыка угуу жана ритмика, ырдоо жана ритмика.

Музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоодо жөнөкөй элдик ыр жана күүлөрдүн алдында ритмикалык кыймылдарды жасоо аркылуу көндүмдөрдү калыптандырып, андан соң татаал кыргыз эл бийлеринин элементтери менен тааныштык. Мисалы, «Беш ыргай», «Комузчу», «Кыргыз

жаштар бийи» (койгон Азроянц), «Кыз оюн» жана «Кара жорго». Кыргыз эл бийлеринин элементтерин колдонуп музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоо үчүн музыкалык тарбия берүүнүн методикасын иштеп чыккан Н.А. Радынованын [181,182] усулдук ыкмасына таяндык. Бул бий элементтерин жеңил, чакан, жөнөкөй түрдө, бир нече жолу кайталоо менен музыканын мүнөзүнө жараша шамдагайлык, шайырдык менен көркөм чагылдыруу.

Улуттук музыкада басымдуу орунду ээлеген «Беш ыргай» бийи ар кандай ыкмада коюлуп келген. Балетмейстр Н. Түгөловдун коюсунда бийди комузчулар ансамбли, эл аспаптар оркестри жана хордук чоң топ коштойт. Жөнөкөй музыкалык-ритмикалык кыймылдарды үйрөнүүдө бийдин элементтерин колдонуп, өркүндөтүп, бийди толук коюуга жетиштик. Бийде колдонулган жүн тытуу, сабоо, кийиз тебүү сыяктуу эмгек процесси чагылдырылган. Бул өз кезегинде улуттук музыка аркылуу эмгекке тарбиялоого, кийиз жасоо иши менен тааныштырууга жол ачат. Элдик ыр «Комузчу» ырынын алдында да музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасап, бүткөн бир бий коюууга жетиштик. Бийдин мүнөзү шаңдуу, ылдам темпте, комуз чертүүнүн ар кандай ыкмаларын ритмикалык сүрөттөлүш аркылуу ачып берүү. «Кара жорго» бийи бир нече багытта колдонулду, ийин бий, сынган бий, жалын бий жана кадимки эле кара жорго. Бул кыргыз бийлеринин терең тарыхый мөнөздөмөсү боюнча маалымат жокко эсе экени белгилүү болду. Бийлер аркылуу мектепке чейинки билим берүүдө мектепке чейинки педагогдор улуттук музыканын дагы бир багыты менен практикалык негизде таанышып, чакан бий жана улуттук музыканын аваздык жана асапатык бөлүктөрүн пайдалануу аркылуу музыкалык-ритмикалык ишмердүүлүктү уюштуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Музыканын мүнөзүнө жараша музыкалык-ритмикалык кыймылды жасоо: мектепке чейинки педагогдорго “Эстетикалык билим берүү (музыка) курсунун негизинде «Балдардын музыкалык ишмердүүлүгү» деген тема боюнча балдар менен иштөөдө музыкалык чыгарманы түшүндүрүүдөгү чыгармачылык активдүүлүгүнүн жана ар кандай чыгармачылык көндүмдөрүнүн калыптанышына карата тапшырмалар берилген. Тапшырмада

музыканын мүнөзүн берүү үчүн ар кандай методдорду колдонушат, мисалы, жөн эле колдордун же буттардын кыймылы, понтомимо, кол чабуу, бут менен ритмди берүү. Элдик күү "Саринжи Бөкөй". Биринчи музыка уктурулат, талдоого бир аз убакыт берилет, сөз менен музыканын көркөм каражаттарын пайдалануу аркылуу мүнөздөмө беришет, мисалы, шаңдуу, чечкиндүү, ылдам темпте, жогорку бийиктикте, жыйынтыгында чыгарманын аннотациясы келип чыгат. Кайрадан музыка коюлуп, ар ким өз алдынча ритмикалык кыймылдарды жасашат, бул жерде ар ким өз чыгармачылык жөндөмүнө жараша аракет кылат. Музыка кайрадан коюлуп ритмикалык кыймылды бир калыпта, бир темпте жасаганга аракет кылышат, бири-бирин толукташат. "Кыргыз көчү", "Боз салкын" ж.б. күүлөргө да музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасап, алар аркылуу чыгарманын аннотациясын жазып, музыкалык образды кыймыл аркылуу беришти.

Бул иштер мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө чоң салым кошуп, музыканы талдап улуттук музыкага болгон кызыгуусун тереңдетүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Бул иштердин соңунда "Ак марал" бийчилер тобунун аткаруусунда аталган бийлердин видео тасмасы көрсөтүлүп, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоо ишмердүүлүгү терендетүүгө өбөлгө түзүлдү.

«Мектепке чейинки тарбия берүү, окутуу жана өнүктүрүүнүн базалык программасында» мектепке чейинки балдарды музыкалык-ритмикалык кыймылдар аркылуу музыкалык билим берүү процесси каралган, бирок жергиликтүү илимий-усулдук адабияттарды талдоо, бала бакчанын музыкалык жетекчилери, тарбиячылары менен аңгемелешүүдө, эксперименттик байкоонун негизинде бала бакчада музыкалык-ритмикалык кыймылдарды, кыргыз элдик бий элементтерин колдонуу төмөнкү деңгээлде экени белгилүү болду [204].

**3. Чыгармачылык ишмердүүлүк** *(ырчылык, бийчилик, импровизация).* Бала бакчада музыкалык тарбия берүүнүн теориясы жана методикасы боюнча Н. А. Ветлугина өзүнүн изилдөөлөрүндө балдардын чыгармачылыгын, аны өстүрүүнүн жолдорун изилдеп көптөгөн эмгектерди жараткан. Ал өз

эмгектеринде “балдардын чыгармачылыгынын башаты – искусствонун түрлөрүнөн таасир алуу, ал эми музыкалык чыгармачылык музыкалык ишмердүүлүктүн негизинде өсүп, ар кандай көндүмдөргө, билимдерге ээ болушат” деп белгилеген [68].

Балдардын чыгармачылыгын өстүрүүчү тапшырмаларды жасоо үчүн мектепке чейинки педагогдор лекциялык сабактарда балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен чыгармачыл ишмердүүлүктүн ар бир бөлүктөрү (ырчылык, бийчилик, импровизация) менен жакындан таанышып, аны өстүрүү үчүн ар кандай методдор менен иш алып баруунун жолдорун үйрөнүштү.

**а). Ырчылык** – бул ишмердүүлүк да музыкалык ишмердүүлүктүн бардык түрүндө ишке ашырылат. Ырчылык чыгармачылыктын калыптанышынын булагы. Музыкалык ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүндө (музыка угуу, аткаруучулук, чыгармачылык жана музыкалык билим алуучулук ишмердүүлүк) музыкалык жөндөмдүүлүктөрү калыптанып, мектепке чейинки педагогдор ар кандай аткаруу ыкмаларга, көндүмдөргө жана билгичтиктерге ээ болушат. Ырчылык чыгармачылыкты калыптандыруу жана өстүрүүдө проблемалык тапшырмаларды пайдаландык. Булар ладдык кабыл алууга, ритмди сезүүгө, музыканы угууга арналган тапшырмалардын сериясы болду. Мындай тапшырмаларды аткаруу үчүн мектепке чейинки педагогдор вокалдык жана хордук ырдоо ыкмаларын, музыканын көркөм каражаттарын, таза, туура жана көркөм ырдоо эрежелерин жакшы билиши зарыл.

Ладдык кабыл алууну өстүрүү үчүн а capella ырдатуу чоң жардам берет, мисалы “Бекбекей” же “Паризат”, “Сары Ой”, Т. Сатылгановдун “Өмүр” жана Н. Турсунбаевдин “Ай баратат”, А. Огонбаевдин “Эсимде” ырларын ырдап, ансамбль менен тондон чыкпай ырдоо талабы коюлат, биринчи кезде мектепке чейинки педагогдор бири-бирин укпастан, ырдын аягында тондон чыгып ырдашты, практикалык иштин негизинде бири-бирин угуп, туура ырдоого үйрөнүштү. Ладдык кабыл алууну өстүрүү үчүн атайын жай темптеги ырлар тандалды, мажордук лад менен минордук ладдарды

айырмалоого ырдоо, үч үндүктөр аркылуу ар кандай көнүгүүлөрдүн түрлөрү алынды. Ушул сыяктуу эле мектепке чейинки педагогдордун ыр куржундарынан ырларды канон түрдө ырдоого да аракет кылдык, бул да алардын ладдык кабыл алуусуна жана ырчылык чыгармачылыгын өстүрүүгө жардам берди.

Ырчылык чыгармачылыкты өстүрүүдө ритмди өстүрүү үчүн ылдам темптеги чыгармаларды ырдап, импровизациялоо ыкмасын колдондук, мисалы элдик ырлар “Сыйлай жүр”, “Теңтушту теңтуш сагынса”, “Селкинчек” ж. б. ырлар колдонулду, бул мисалдар аркылуу мектепке чейинки педагогдордун ырчылык ишмердүүлүгүндө дикция, интонацияларына басым жасалып, музыканын көркөм каражаттарын пайдалануу аркылуу иш жүргүзүлүп, ар кандай ритмикалык сүрөттөлүштөгү ноталарды сольфеджио ырдашты.

Чыгармачылыкты өстүрүүгө арналган тапшырмаларда импровизацияны да ырчылык ишмердүүлүктү өстүрүүгө пайдаланып, эки ладда (мажор, минор) обондорду ырдоо, ар кандай суроолорду импровизациялап суроо-жооп алышуу, биринчи ырды экинчиси вариациялап ырдоо ыкмаларын колдондук.

Поэзиялык текстерди тандап алып, ага ар бир мектепке чейинки педагог өз алдынча элдик ырлардын обондоруна салып импровизация жасашып, бирин-бири кайталабаганга аракет кылышты.

**б). Бийчилик** – бала бакчада музыкалык тарбия берүү процесси музыкалык-ритмикалык кыймылдар менен коштолуп, сабак жандуу болушу керек. Бул ишмердүүлүк боюнча методдор жакшы иштелип чыкпаса да, негизги баскычта турган ишмердүүлүк болуп эсептелет.

Бала бакчада музыкалык тарбия берүүнүн методикасын изилдеген педагог-окумуштуулар (Н.А. Ветлугина [68], Е.В. Коморова [133]) музыкалык-ритмикалык ишмердүүлүктүн синтездүү ишмердүүлүк экенин белгилеп, балдардын көркөм чыгармачылыгынын өсүшүнө шарт түзөрүн белгилешкен. Бул ишмердүүлүктүн негизги башаты – оюн болуп, анын негизинде чыгармачыл элестетүү өсөт. Музыкалык-ритмикалык кыймылдар аркылуу музыкалык материалды мотордук-пластикалык иштеп чыгуу, бул

психофизиологиялык процесс. Бий, же музыкалык-ритмикалык кыймылдар эмоциялык абалдын чыгылдырылышы (сезим кайгыруу, кубануу, чечкиндүүлүк ж. б).

Бийчилик чыгармачылык процессте мектепке чейинки педагогдор ар кандай аспаптык жана аваздык музыканын алдында өз музыкалык-ритмикалык кыймылдарын, көнүгүүлөрүн, бий сценкаларын, кыймылдуу оюндарын ойлоп табуу тапшырмасы берилди, бул аткаруучулук ишмердүүлүктү өстүрүү менен бирге, ага болгон кызыгууну ойготуп, изденүүчүлүктү калыптандырат. Музыкалык-ритмикалык ишмердүүлүк синтездүү процесс, ал бир нече фазадан турат: даярдануучу, изденүүчү жана аткаруучу:

– даярдануучу фазада ойлонуп, музыканы активдүү, кунт коюу менен угуу, ролдорду бөлүштүрүү;

– изденүүчү фазада көркөм каражаттарды колдонуп, ар кандай кыймылдарды ойлоп таап, ритмикалык сүрөттөрдү тартуу.

– аткаруучу фазада ойлоп табылган музыкалык-ритмикалык бий көркөм аткарылат. Бийчилик искусствонун бир түрү, а искусство – турмуштун чындыгын көркөм чагылдыруу, андыктан адам искусствонун бардык жанрлары аркылуу өз чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн көрсөтө билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**в). Импровизация** – бул адамдын ички чыгармачыл эркиндиги. Импровизация эки бөлүктөн турат: биринчиси – материалдык, экинчиси – чыгармачыл элестетүүнү кабыл алууну, ички маданиятты түзөт, башкача айтканда адабиятты, музыканы, живописти, скульптураны, кол өнөрчүлүктү билүү.

Станиславскийдин К.С. системасы чыгармачыл потенциалды жогорулатуу маселелеринин чечилишине шайкеш келет. “Актер менен иштөө” деген китебинде Станиславский К.С. образ тууралуу сөз кылат. Мисалы, пьесаны жаттоого киришүүдөн мурда артисттер даярдоодон өтүүсү, психологиялык, интеллектуалдык, физикалык эркиндикти, сахнада өзүн алып жүрүү этикасын үйрөнүүсү зарыл. Демек, музыкалык ишмердүүлүктүн бул

бөлүгүн ишке ашырууда мектепке чейинки педагогдорду психологиялык жана интеллектуалдык жактан терең даярдап, андан соң эркин формада импровизациялоого шарт түзүү.

Биринчи этапта улуттук музыкалык чыгармалардын аспаптык же аваздык бөлүгүнөн жакшы тааныш музыкалык чыгарма коюлат, андан соң ар бир педагог өз алдынча ошол чыгарманы импровизациялайт. Бул этапта мектепке чейинки педагогдордун аткаруусу бири-биринен айырмаланат. Алардын кээ бири музыкалык чыгарманы тез кабыл алып, ар кандай ыкмада ырдоо же музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоо, кол чабуу аркылуу импровизациялайт, ошол эле учурда музыканын көркөм каражаттарын жакшы пайдалана билишет, ал эми кээ бири баштоодон да тартынышат. Бул мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылыгынын ар кандай деңгээлде экенинен жана психологиялык жана интеллектуалдык абалынан кабар берет.

Экинчи этапты мектепке чейинки педагогдордун рухий-интеллектуалдык чөйрөсүн калыптандыруунун каражаты катары кароого болот. Бул этап мектепке чейинки педагогдордон интенсивдүү чыгармачыл эмгекти талап кылат. Мында башкы маселе – музыкага болгон аннотациянын жардамы менен аткаруучунун ички дүйнөсүн байытуу. Окутуучу программа тандоодо мектепке чейинки педагогдордун фантазиясын, тапкычтыгын, ой жүгүртүүсүн ойготуучу чыгармаларды тандоосу зарыл. Демек, музыкалык чыгармалар импровизациялоодо музыканын идеясын, драматругиясын уга билүү, кабыл алуу, тез реакция кылуу, ой-жүгүртүү жана тапкычтык жөндөмдүүлүтөрүн калыптандырат. Импровизациялоонун өзгөчөлүгү же спецификасы анын эч кимди кайталабай өз алдынча ой жүгүртө билүүсү. Импровизацияны ар бир сабакта сунуштоого болбойт.

Мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү үчүн импровизациялоого ар кандай чыгармачыл тапшырмалар берилди, мисалы, бешик ырын каалаган обондо ырдоо, мектепке чейинки педагогдор көп учурда сөзү жок, үндүү тыбыштарды (аа, уу, оо) колдонуп обон ырдашты, андан соң текст жазганга аракет кылышты, арасында

чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрү менен айырмаланган мектепке чейинки педагогдор да болду.

Бул ишмердүүлүктү дагы терең алып баруу үчүн улуттук музыкада басымдуу орунда турган төкмөлүк өнөрдү да пайдаландык. Ар кандай темалар тандалып алынды, мисалы, саламдашуу, санат-насыят, айтыш, терме колдонулду. Бул ишмердүүлүктү ишке ашыруу максатында биринчи мектепке чейинки педагогдорго эркин формада аталган темалар боюнча үйдөн өз мүмкүнчүлүгүн пайдалануу аркылуу текст жазып келүү тапшырмасы берилди. Андан соң сабакта обон менен аткарып, ал иштерди андан ары өркүндөтүү жүргүзүлдү.

Музыканын көркөм каражаттарын колдонуу аркылуу да (legato, staccato, cresc, dim, forte, piano, ритм, лад, интонация, дикция ж. б.) импровизациялоону өстүрүүгө болот. Мисалы, элдик күү "Саринжи Бөкөй", А. Огонбаевдин "Маш ботой" күүлөрү музыканын көркөм каражаттарына жана штрих белгилерине бай күүлөр. Күүнү уктуруп, андан соң колдун кыймылы менен анын бийиктигин аныктап, динамикалык белгилерди белгилеп, үн менен коштоп ырдоо да чыгармачыл ишмердүүлүктү калыптандырууга шарт түзөт.

Ар кандай мүнөздөгү улуттук музыкалык чыгармаларды колдонуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкалык маданият боюнча музыкалык билимин байытып, чыгармачылыктарын калыптандырып, келечекте балдар менен кызыгуу менен иш алып баруусуна чоң жардам берет.

**4. Музыкалык билим берүү ишмердүүлүктө** мектепке чейинки педагогдор жогорку үч ишмердүүлүктө (музыка угуу, аткаруучулук жана чыгармачылык) ырдаган, уккан, аткарган музыкалык чыгармалар, музыкалык терминдер, аткаруу ыкмалар, музыкалык аспаптар, обончулар, комузчулар, музыкалык көркөм каражаттар, музыкалык формалар жана жанрлар, лад, нота, добуш сыяктуу түшүнүктөрдү терең түшүнүп билүү сабак учурунда ишке ашырылат. Музыкалык билим берүүчүлүк ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн музыкалык билим берүүнүн бардык методдору аркылуу

жүргүзүлөт: айтып берүү, практикалык, көрсөтмөлүү-көрүү, угуу, талкуу, аңгемелешүү методдору.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууга багытталган чыгармачыл жөндөмдөрү театрлаштырылган ишмердүүлүктүн негизинде да ишке ашат. Бул ишмердүүлүк мектепке чейинки педагогдордун инсандык маданиятын өнүктүрөт, адабиятка, музыкага, театрга болгон кызыгуусун, ой-жүгүртүүсүн арттырат жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүгө өбөлгө болот. Демек, бул мектепке чейинки педагогдордон көңүл бурууну, тапкычтыкты, аракет кылуу жөндөмдүүлүгүн, уюштурууучулукту, белгилүү бир образга баш ийүүчүлүктү, ал образдын жашоосун сезе билүүнү талап кылат.

Театрлаштырылган ишмердүүлүк мектепке чейинки педагогдордун “мен” түшүнүгүн ишке ашыруунун бир булагы. Бул ишмердүүлүк мектепке чейинки педагогдордун жеке өзгөчөлүктөрүн, чыгармачыл жөндөмүн ачууга жардам берет, алардын катылган талантын ачып, жөндөмдөрүн ойготот.

Мектепке чейинки педагогдор балдар менен театрлаштырылган иш алып баруусу мектепке чейинки билим берүү бөлүмүнүн методикалык сабактарынын дээрлик бардыгында камтылган. Өзгөчө практика учурунда бала бакчада балдар менен ар кандай жомокторду балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен театрлаштыруу иштери жүргүзүлөт, жомоктордун каармандарын педагогдор өздөрү кийинтишип, ал үчүн кийизди колдонуп, кол өнөрчүлүк менен да алектеништи. Бул да мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө чоң салым кошот.

Мында биз улуттук музыка адамдын бир гана чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн калыптандырбастан, анын нравалык сапаттарынын калыптанышына чоң таасир берерин белигилеп өтсөк. Ооба, чындыгында эле музыка искусствонун адам баласына чоң таасир берчү, сезимдерин ойготуучу өзгөчө түрү. Байыркы грек философу Платон «туура тандалып алынган ритм жана гармония адамдын сезимдерининин кылын чертип, туура жолго багыттайт» – деп айткан. Ошол сыяктуу эненин бешик ырынан тартып улуттук музыканын ар кандай жанрдагы үлгүлөрүн боюна сиңирип чоңойгон

ар бир инсан сезимтал, ал обондо берилген улуттук колорит аркылуу эли-жерин, улуттук баалуулуктарды баалап, аны андан ары сактап, муундарга өткөрүп берүүгө аракетин жумшайт. Бир акылман мындай деп айткан экен: «Адам эгер өз элинин негизги элдик ырларын билсе, анда ал кандай гана кыйынчылыктарга туш болбосун эч убакта өз элинин атуулу болуудан баш тарта албайт, себеби анын аң-сезиминде, эсинде элине болгон сүйүүсү жазылып калган». Философ Платондун оюн Аристотель мындай деп уланткан: «музыка жан дүйнөгө рахат тартуулагандан сырткары дагы эң бийик максат аткарат, ал адамдын жүрүм-туруму менен психикасына чоң таасир берет», демек музыка биздин моралдык сапаттарыбыздын калыптанышында да роль ойнойт. Музыкалык билим берип, мектепке чейинки педагогдорун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууда педагогдун негизги милдети – алардын чыгармачылыгын ойготуу, ал аркылуу келечек муундардарга татыктуу тарбия берүүгө даярдоо.

Жыйынтыктап айтканда, мектепке чейинки педагог келечекте балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү боюнча иш алып бара турган кесип ээлерин-адистерди тарбиялоодо чыгармачылык менен иш алып баруусу зарыл. Себеби, биздин максат мектепке чейинки педагогдорду балдарга музыканын көркөмдүгүн сездирүү менен бирге, аны сезимталдыкка, ак ниеттикке тарбиялоо жетишүүсү.ордун аты-жөнүн билгендиктерин аныктоого басым жасалат.

## ЭКИНЧИ ГЛАВА БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫК

Ошентип, жогорудагы айтылгандарды эске ала турган болсок, мектепке чейинки педагогдордун музыкалык чыгармачыл ишмердүүлүгү өзүнүн жаратылышы боюнча синтездик ишмердүүлүк болуп саналат. Ал музыкалык ишмердүүлүктүн бардык түрүндө: музыка угууда, ырдоодо, ритмикада, музыкалык аспаптарда ойноодо, театр ишмердүүлүгүндө ачык байкалат. Мектепке чейинки педагогдордун чыгармачылыгынын ийгилиги көндүмдөрдүн жеткиликтүүлүгүнөн, туруктуулугунан, тандалып алынган улуттук музыкалык материалдар менен балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн бардыгы аркылуу толук кандуу, ар кандай окутуунун методдорун пайдаланып иш алып баруудан, туура, ыңгайлуу түзүлгөн педагогикалык шарттардан көз каранды. Мектепке чейинки педагогдор ар кандай жаш курактагы топтор үчүн тематикалык сабактарга план-конспект, музыкалык жанрлардын ар кандай түрлөрүнө аңгемелешүүлөрдү түзүп, музыкалык образдарды ар кандай окуутунун методдору аркылуу ачып берүүгө жетишиши зарыл, демек, алар аныкталган педагогикалык шарттар, иштелип чыкан методдор менен билим алуу процессинде терең таанышып, билим алуулары зарыл. Мектепке чейинки педагогдордун музыкалык чыгармачыл ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзгөндө алардын музыкалык маданияты калыптанып, музыка угууда, аткарууда, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоодо көптөгөн тажрыйбаларга ээ болгондугу байкалып турду. Музыкалык чыгарманы талдап, мүнөздөмө берүүдө да сөз байлыктары өсүп, жандуу, бай адабий тил менен улуттук музыкалык маданиятка болгон кызыгуулары көрүнүп турду.

Жыйынтыктап айтканда, мектепке чейинки педагогдордун музыкалык-чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрү билим берүүдөгү ар кандай методдордун, көндүмдөрдүн топтолушу менен туура түзүлгөн педагогикалык шарттардын жана педагог (окутуучу) тарабынан чыгармачылык менен алып барылган чыгармачыл иш процессте калыптанды. Музыкалык чыгармачыл

жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүү улуттук музыкасынын мисалында, анын ар кандай жанрлары аркылуу мектепке чейинки педагогдордун сезимдик абалына, чыгармачыл дараметине, элестүү ой жүгүртүүсүнө таасир берүү аркылуу жүргүзүлдү.

Мектепке чейинки педагогдордун музыкалык-чыгармачыл ишмердүүлүктөрүнүн өсүшүнүн негизги башаты катары окуу процессинде чыгармачыл тапшырмалардын музыкалык ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүндө колдонулушу, өз алдынча иш алып баруу, проблемалык учурлардан чыгуунун жолун табуу үчүн окутуунун салттык, интерактивдүү методдору, музыканын спецификалык ыкмалары да колдонулду.

Аткаруу, музыка угуу, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоо, ырчылык, бийчилик ишмердүүлүктөрү аркылуу тактилдик, тембрдик, мимикалык, түстүк, сезимдик, айтып берүү, практикалык, угуу, көрүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүп, калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө жетиштик.

Бул теориялык жана практикалык негизде колдонулган ишмердүүлүктөр мектепке чейинки педагогдордун кийин балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүп, музыкалык иш алып баруу ишмердүүлүгүндө чоң жардамга келет.

Улуттук музыкалык маданиятынын бай казынасын көркөмдөп, баалап жан дүйнөсүнө сиңирген мектепке чейинкитогу педагогдор эртең өз ишмердүүлүгүндө, келечек муундарды тарбиялоодо элин сүйгөн, ата-баба баалуулуктарын баалаган инсандарды тарбиялап өстүргөнгө шарт түзүлдү.

# III ГЛАВА. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕТТИ УЮШТУРУУ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## III.1. ЭКСПЕРИМЕНТТИК ИШТИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА МАКСАТТАРЫ

«Эстетикалык билим берүү (музыка)» курсун окутуу процессинде мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу боюнча эксперименттик иш жүргүзүлдү.

Анын жүрүшүндө изилдөөгө коюлган төртүнчү милдетин төмөндөгүдөй иш-аракет менен чечкенге аракет кылдык:

– мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн аныкталган педагогикалык шарттардын, иштелип чыккан методдордун эффективдүүлүгүн экспермент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо;

– мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Ошону менен бирге эксперименттик иштин жүрүшүндө мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага болгон кызыгуусун, жалпы музыкалык билиминин өсүш деңгээлин аныктоо менен, белгиленген педагогикалык шарттарда окутуунун ар кандай методдору аркылуу улуттук музыканын ар түрдүү жанрларын колдонуу менен улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу максат катары алынды.

Эксперименттин жыйынтыгында калыптандыруучу эксперимент менен текшерүүчү эксперименттин жыйынтыктарын салыштырып мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун өсүш деңгээлин аныктоо.

Эксперименттик иштер И. Арабаев атындагы педагогика факультетинин мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасында “Эстетикалык билим берүү (музыка) курсун окутуу процессинде жүргүзүлүп жана педагогикалык практикада этаптуу иштер аткарылды. “Эстетикалык билим

берүү (музыка) курсу өзүнө чоң үч бөлүктү камтыйт: *музыканын теориясы* – негизги музыкалык түшүнүктөрдү калыптандырууга, *музыкалык адабият* – музыканын жанрлары менен таанышуу аркылуу музыкалык маданияттын ишмерлеринин чыгармачылыгы менен таанышуу, үчүнчү бөлүк бала бакчада музыкалык тарбия берүүнүн методикасы, балдардын музыкалык ишмердүүлүктөрү жана музыкалык сабактардын түрлөрү боюнча маалыматтар.

Эксперименттик изилдөөгө 120 мектепке чейинки билим берүү адистигинде окуган мектепке чейинки педагогдор катышышты.

Текшерүүчү топто «Эстетикалык билим берүү (музыка)» курсу боюнча түзүлгөн ОМК жана типтүү программасы менен сабак өтүлдү, негизинен салттуу методдорго таянуу менен, негизги методдор колдонулду.

Ал эми эксперименттик топто «Эстетикалык билим берүү (музыка)» курсу боюнча түзүлгөн ОМК жана типтүү программасына ылайык сабак уюштурулду, бирок атайын белгиленген педагогикалык шарттарды, иштелип чыккан методдору, окутуунун интерактивдүү методдору колдонулду. Мазмундук жактан эксперименттик топто кошумча маалыматтар берилип, практикалык иш-чаралар психологиялык-педагогикалык даярдалган шарттарда алып барылды.

Эксперименттик жана текшерүүчү топтордо колдонулуучу музыкалык материалдардын мазмуну дал келтирилди.

***1-этап.*** (2014-15-жж.). Көйгөйдү үйрөнүү жана изилдөө боюнча тажрыйбалык-педагогикалык иштер. “Эстетикалык билим берүү (музыка) курсунда мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык маданияты, музыкалык билим деңгээли, улуттук музыкага кызыгуусу талдалып, эксперименттин максаты, предмети, милдеттери аныкталды.

***2-этап***. (2015-16-жж.). Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун аныктоочу эксперименттик иш, анын жүрүшүндө анкеталык сурамжылоо, тесттер, суроо-жооп, бүтпөгөн ойду улантуу сыяктуу үлгүлөр менен алардын жалпы жана улуттук музыкалык билим деңгээлдери

аныкталды. Эксперименттин жүрүшүндө максаттуу түрдө окутуу процессинде мектепке чейинки педагогдор менен байкоо, аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү, алардын окуу жылы ичиндеги жооптору анализденди. Сурамжылоо, тапшырмалардын сериясынын баскычтарынын жана көрсөткүчтөрүнүн негизинде биз мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун *жогорку, орто, төмөн деңгээлин* аныктадык.

Аныктоочу этаптын жыйынтыгынын негизинде аныкталган педагогикалык шарттарды жана иштелип чыккан методдорду колдонуу аркылуу калыптандыруучу эксперимент өткөрүлдү.

***3-этап*** – текшерүүчү-жыйынтыктоочу. (2016-2017-жж.) Жыйынтыктоочу этаптын милдети мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун өсүш деңгээлин аныктап, эксперименттик топ менен текшерүүчү топтун жыйынтыктарын салыштыруу аркылуу талдоо.

Жыйынтык чыгарууда аныктоочу этапта белгиленген үч деңгээлдик – *жогорку, орто, төмөн* көрсөткүчтөрдү салыштыруу колдонулду.

Мектепке чейинки педагогдорду улуттук музыкага кызыгуусун, чыгармачыл шык-дараметтин жана жалпы музыкалык билим деңгээлин эксперименттин негизинде аныктоо үчүн биз баалоонун *3 баскычын* жана алардын *көрсөткүчтөрүн* иштеп чыктык:

***Биринчи баскыч*** мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык түшүнүктөрүн жана билимдерин, кандай багыттагы музыкаларга кызыгуулары, эмне үчүн ал багыттагы музыкага кызыгып баа берерлерин (элдик, профессионалдык, заманбап) тактоого багытталган жана улуттук баалуулуктарга болгон көз караштарынын жыйындысын түзөт.

***Экинчи баскыч*** мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага болгон кызыгуусун калыптап, музыкалык чыгармачыл ишмердикке умтулуусуна шарт түзүү. Бул баскычтын көрсөткүчтөрү улуттук музыкага болгон туруктуу кызыгуунун болуусу, дайыма улуттук музыкалык маданият боюнча билимин толуктоосу, улуттук музыкалык чыгарманы талдай билүүсү жана аны пайдалануу аркылуу чыгармачыл мотивдин, максаттын болушу.

***Үчүнчү баскычта*** мектепке чейинки педагогдорго таандык жалпы кесиптик көндүмдөрдүн жана билимдердин топтолушу жана аны практика учурунда, ошондой эле иштөө процессинде бала бакчада балдар менен иштөөдө колдоно билүүсү. Бул үчүн аларда балдардын музыкалык жөндөмдүүлүктөрү жана бала бакчада балдардын музыкалык ишмердүүлүгү боюнча терең билимдердин болуусу зарыл. Бул баскычтын көрсөткүчтөрү улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуу аркылуу окуу-тарбиялык иштерге жаңы нерселерди киргизүү мүмкүнчүлүгү, педагогикалык ишмердүүлүктүн ыргагы менен иштей алуусу, чыгармачыл ой-жүгүртүүгө, коммуникативдүүлүккө жөндөмдүүлүгү.

Бул баскычтардын жана көрсөткүчтөрдүн негизинде биз мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун ***жогорку, орто, төмөн деңгээлин*** аныктадык.

*Жогорку деңгээлде* мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык, улуттук музыканын жанрлары, формалары, эл шайырлары, элдик аспаптар, аваздык музыка, акындык чыгармачылык боюнча билиминин тереңдиги. Тесттик тапшырмаларды тоскоолдуксуз, тез аткаруусу. Бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүндө ар кандай окутуунун методдорун колдонуп, педагогикалык шарттарды түзүү менен иш алып бара алуусу. Мында мектепке чейинки педагогдор педагогикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө психологиялык-педагогикалык билимдеринин жогорку даражада экендиги менен да айырмаланышат. Алар ар дайым жогорку көрсөткүчтөргө ээ болуп, окуу-тарбиялык процесстин мазмунуна жаңылык киргизүүгө аракет кылган изденген, билимдүү мектепке чейинки педагогдор. Алар жогорку жекече психологиялык, педагогикалык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөргө ээ.

*Орто деңгээлде* мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык, улуттук музыканын жанрлары, формалары, эл шайырлары, элдик аспаптар, аваздык музыка, акындык чыгармачылык боюнча салыштырмалуу негизде аракеттенишип, үстүртөн түшүнүктөрү бар, бирок уктурулган музыкалык

чыгарманы сезимдик кабыл алганы менен, айтып берүүсү кызыксыз, сөз байлыгы аз. Берилген тест-тапшырмаларга жооп берүүгө аракети бар, бирок билим деңгээлинен жетишсиздигинен берилген тапшырманы толук ачып бере албайт. Ошол эле учурда улуттук музыкалык чыгармаларды таанып-билүүгө, талдоого, чыгарманы угуп, түшүнүп билимин толуктоого аракет кылат.

*Төмөнкү деңгээлде* мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык, улуттук музыканын жанрлары, формалары, эл шайырлары, элдик аспаптар, аваздык музыка, акындык чыгармачылык боюнча билим деңгээлинин төмөндүгүнөн берилген тапшырманы ачып бере алышпайт. Берилген тест-тапшырмаларга жооп берүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушат. Педагогикалык ишмердүүлүктөрү да көңүл жубатаарлык эмес, жеке педагогикалык ишмердүүлүктүн маселелери, максаттары жалпы өңүттө болот. Психологиялык-педагогикалык сабактарда билгичтерди, билимдерди колдоно алуу жөндөмдүүлүгү да төмөн.

Иш процессинде мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык түшүнүктөрү, музыка угуу көндүмдөрү, кандай музыкаларга басым жасагандары, элдик музыканын кандай түрлөрүн билгендери, кандай ырларды ырдагандары, кандай музыкалык кечелерге барары аныкталды.

Эксперменттик ишти аткаруу үчүн биз төмөндөгүдөй илимий усулдарды колдондук:

– педагогикалык байкоо;

– аңгемелешүү;

– анкеталык сурамжылоо;

– бүтпөгөн ойду улоо – анкета;

– педагогикалык эксперимент;

– суроо-жооп – эркин формада;

– математикалык жыйынтык.

Аныктоочу этапта анкета аркылуу тест-тапшырманын алты түрүн колдондук. Анкеталар ачык суроолор менен, схемалар, таблица түрүндө

(Голланд Д., Голомшток А.Е., Кучера М., Прихожан А.Н., Смекала В.) түзүлдү.

Мектепке чейинки педагогдорго эркин формада бүтпөгөн ойду улантуу үчүн 14-16 сүйлөмдөн турган анкета берилди. (№1-, №2-тиркеме).

*Анкетадагы суроолордон:* (кыскартылып берилди).

1. Улуттук музыкадан эмнелерди угасыз? (элдик ырлар, комуз күүлөрү, дастандар, «Манас» эпосунан үзүндү).

а) дайыма ………………угам.

б) кээде ………..угам.

в) эч качан ……………… укпайм.

2. Улуттук музыкадан эң жаккан чыгармаңыз кайсы, атап өтүңүз?

3. Эмне үчүн бул чыгарма жагат, мүнөздөмө берип өтүңүз?

4. Жакшы көргөн улуттук музыканын аткаруучуларын атап өтүңүз?

5. Акын- жазуучулардан мага булар……………. абдан жагат.

6. Сүрөтчүлөрдөн мага …..............жагат.

7. Мага элдик музыка жакпайт, себеби…..

8. Мага элдик музыка жагат, себеби……………..

Бул бүтпөгөн ойду улантуу тапшырмасында мектепке чейинки педагогдордун жалпы кыргыз маданиятына болгон көз караштары жана жалпы инсандык, музыкалык маданияты текшерилди. Эксперименттик жана текшерүүчү топтун катышуучулары абдан жөнөкөй, жарды тил менен, кыска, жалпы негизде жоопторду жазышкан, айрымдары эч жооп жаза алышкан эмес.

Ушул тапшырмалар боюнча аңгемелешүү өткөргөндө бир да мектепке чейинки педагог улуттук музыканын жанрларын дайыма угуп, ага баа берип, жанрын аныктап, аткаруу ыкмаларына талдоо жасап көрүшпөгөн. Алар андай талдоо жүргүзүп, дайыма угуш үчүн *“музыкант”, “чыгармачыл адам же артист”, “музыкалык билим”, “музыкалык табит”, “жөндөм”* болуш керек деп жооп беришти. Бул жооптору менен алар музыкалык искусство жаатында, б.а. улуттук музыка боюнча билим алуу керек экенин сезишип, ал аркылуу музыканы түшүнүп, улуттук музыкага табиттерин ойготушуп, кызыгуулары

пайда болоорун билдиришти. Ошол эле аңгемелешүүдө мектепке чейинки педагогдор *“педагогдорду кесиптик даярдоодо музыканын ролу кандай?* деген суроолорго *“билим берет”, “эстетикалык табит өсөт”, “кызыгууларды өстүрөт”, “чыгармачылыкты калыптандырат”*, ал эми кээ бирлери *“бала бакчадан балдар менен ырдаш керек”, “улуттук музыканын кереги деле жок”, “музыка сөзсүз эле болушу керек эмес”* деп жооп беришти.

Музыкалык маданиятка анын ичинен кыргыз улуттук музыкага болгон кызыгуу мектепке чейинки педагогдор үчүн *кызыксыз экенин негизги себептери* катары буларды баса белгилешти:

– музыканын көркөм тилин жакшы кабыл ала албагандыктары, түшүнбөгөндүктөрү, негизинен ритмине жараша музыка уккандары;

– улуттук музыканы баалап угуу жана кабыл алууга кызыгуунун, шарттын жоктугу, негизинен жеңил, эстрадалык музыкага басым жасагандары;

– радио, теле көрсөтүүдөн уккан эле музыка менен чектелүүсү;

– жаштардан артта калбас үчүн тилин түшүнбөсө да *чет элдик* музыканы уюлдук телефон аркылуу угушат;

– азыркы шоу дүйнөсүндөгү ырчыларды жакшы билишет, ал эми улуттук музыканын улуу жаратуучулары жөнүндө маалыматтары жок.

Аныктоочу этапта эксперименттин жүрүшү менен мектепке чейинки педагогдорго музыкалык жөнөкөй терминдерди камтыган суроолор менен түзүлгөн анкеталарды сунуштадык.

Музыкалык сабаттын деңгээлин аныктоочу тапшырмаларга **көрсөтмө:** музыкалык терминдерди *«музыкалык»* деген сөзгө бир сөз кошуп атагыла.

*Жыйынтык***:** ар бир туура берилген жоопторго бирден + берилип, андан соң жалпы кошуу белгилери эсептелип чыгат.

Жалпы музыкалык түшүнүктөрдү аныктоодо:

*Жогорку деңгээлдегилер* – 11-15 кошуу белгисин алышат;

*Орто деңгээлдегилер* – 6-10 кошуу белгисин алышат;

*Төмөнкү деңгээлдегилер* – 5тен төмөнкү кошуу белгисин алышат.

*Жалпы музыкалык сабатты аныктоо жана баалоо үчүн тесттен:*

1. Ыр, бий, симфония, опера, балет – музыкалык *жанр*;
2. Мажордук, минордук – музыкалык *ладдар*;
3. Тез, ылдамыраак, жай, созулуңку –музыканын *темптер*;
4. Комуз, скрипка, сыбызгы, фортепиано – музыкалык *аспаптар*;
5. Срипкалык, бастык, альттык – музыкалык *ачкычтар*;
6. Комузчу, пианист, кыл кыякчы, баянист, скрипач – *аткаруучулар*;
7. Сопрано, альт, тенор, бас, баритон – *үндүн түрлөрү*;
8. Сегиздик, чейректик, жарымдык, бүтүн – *ноталардын созулушу*;
9. Кыска, узак – музыкалык *тыным (пауза);*
10. Нота, добуш, бас, аккорд, тема, аккомпонимент – музыкалык *терминдер*;

Мында мектепке чейинки педагогдор эң жөнөкөй түшүнүктөрдө кыйналып калышты, бул берилген түшүнүктөр мектептеги «Музыка» предметинин 3-жана 4-класстарынын программасы.

Тест-тапшырмаларды аткарууда мектепке чейинки педагогдордун музыкалык эрудициясы ортодон да төмөн деңгээлде экени аныкталды. Экспериментке катышкан мектепке чейинки педагогдордун эксперименттик жана текшерүүчү топтордо музыкалык билиминин төмөн деңгээлин көрсөтүп, жөнөкөй түшүнүктөргө («жанр», «темп», «ритм», «форма», «аккорд») анализ бере алышбайт, белгилүү улуттук музыкалык чыгармалардын, улуттук музыкалык маданияттагы улуу инсандардын аттарын атай алышпады. («Шырылдаң», «Бекбекей», «Эсимде», «Мөлмөлүм», «Маш ботой», «кошок ырлары», С. Орозбаков, С. Каралаев, А. Огонбаев, К. Орозов ж. б.

Бул тест-тапшырмалардан алынган жыйынтыктын негизинде мектепке чейинки педагогдордо жөнөкөй музыкалык билим запасынын жоктугу аныкталып, улуттук музыканын үлгүлөрү менен тааныштырып, улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу аркылуу бала бакчада балдардын музыкалык ишмердүүлүгүн иштелип чыккан методдор, улуттук музыкадагы пайдаланылган көркөм каражаттар аркылуу терең ачып берүү керек экени

белгилүү болду. Бул үчүн экинчи бапта ачып берилген педагогикалык шарттар аркылуу музыкалык билим берүүнүн негизги методдорун колдонуп, бала бакчада балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн бардык түрү аркылуу (музыка угуу, аткаруучулук ишмердүүлүк – ырдоо, бийлөө, балдардын музыкалык аспаптарында ойноо, чыгармачылык – ырчылык, бийчилик, төкмөлүк жана жалпы музыкалык билим алуучулук ишмердүүлүк) улуттук музыканын мисалында иш алып бардык.

Улуттук музыкага кызыгуунун жана чыгармачыл музыкалык ишмердикке болгон мамилени сезимдик негизде аныктоо үчүн мектепке чейинки педагогдордун жалпы чыгармачылыкка болгон көз карашын текшерүү, улуттук музыканын аспаптык жана аваздык бөлүктөрү боюнча музыкалык билимдеринин деңгээлин баалоо үчүн «Эстетикалык билим берүү (музыка)» курсунда өтүлгөн темалар боюнча суроолор жана тесттер колдонулду *(претест)*.

Төмөндө эксперменттик жана текшерүүчү топторго аныктоочу этапта улуттук музыканын негизинде берилген суроо - *тапшырмалардын мисалы:*

*Улуттук аваздык музыка боюнча:*

1. Элдик ырлар «Шырылдаң» жана «Бекбекейде» колдонулган музыканын көркөм каражаттарын атап, мүнөзүн ачып бер. Кимдер, кандай учурларда ырдашкан? Аткарып бере аласыңбы?

1. Лирикалык ырлард кандай бөлүктөрдөн турат, ырдап бер.
2. «Оп, майда» ыры жылдын кайсы мезгилинде ырдалат?
3. Салттык ырлардын кандай түрлөрүн билесиң?
4. «Селкинчек» ыры кандай учурда, кимдер ырдаган?
5. Элдик ырлар кандай бөлүктөрдөн турат?
6. Бешик ырынын кандай түрлөрүн билесиң?
7. Элдик ырлардын аткаруучуларынан кимдерди билесиң?

*Улуттук аспаптык музыка боюнча:*

1. Улуттук музыкалык аспаптар кандай бөлүктөргө бөлүнөт?
2. Комуздун жаратылыш тарыхын билесиңби?

3. Комуз кандай бөлүктөрдөн турат?

4. «Камбаркан» деген сөз эмне менен байланыштуу?

5. Комуз күүлөрүнөн билгендериңди жаз.

6. Кандай залкар комузчуларды билесиң?

7. Улуттук урма музыкалык аспаптарды атап өт. Ал аспаптар эмнелерден жасалат? Мисал келтир.

8. Чоор, сыбызгы, чопо чоор, керней, сурнай кайсы аспаптардын тобуна кирет? Бул аспаптар эмнелерден жасалат?

9. Аспаптык музыканын жаратуучуларынан жана аткаруучуларынан кимдерди билесиң?

Мындан сырткары “Уктурулган музыка” деген ат менен улуттук музыканын бардык түрлөрү боюнча билимдери бааланды. Мында мектепке чейинки педагогдор улуттук музыканын аталышын, жанрын, авторун атап, ар бири өз алдынча билим деңгээлин жазуу аркылуу билдирүүсү зарыл.

Бул суроо-тапшырмаларды аткарууда жазуу түрүндө беришкен жоопторду талдоодо мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыканын аваздык жана аспаптык бөлүктөрү боюнча да билимдери ортодон да төмөн деңгээлде экени аныкталды. Аткарып берип же сезимдик талдоо боюнча сөздөрү жөнөкөй турмуштук сөздөр, эч сезимдик баалоо жок, «катардагы сүйлөшүү» сыяктуу катары айтып беришти. Аткаруучулук, чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн көрсөтө алышкан жок. Элдик ырлар «Бекбекей» жана «Шырылдаңдан» бир куплет билишет, аткаруучулук чеберчилик жок.

Комуз аспабынын бөлүктөрүн да толук атап бере алышбайт, комуздун жаралуу тарыхын, күүлөрдүн аттарын, аспаптар кандай материалдардан жасалат маалыматтары жокко эсе. Улуттук музыканын жаратуучуларын атоодо азыркы күндөгү төкмө акындардан, комузчулардан бир аз билишет, бирок залкар жаратуучуларды атай алышпады.

Экспериментке катышкан мектепке чейинки педагогдордун эксперименттик жана текшерүүчү топтор улуттук музыка боюнча жөнөкөй

маалыматтарды бере албай, билимдеринин төмөн деңгээлин көрсөтүп, кызыгуулары жок экени айгын болду.

Жыйынтыктоочу рейтинг катары эксперменттик жана текшерүүчү топторго аныктоочу этапта улуттук музыкасынын негизинде берилген тапшырмалар боюнча иш-аракеттери анализделип, баскычтардын жана көрсөткүчтөрдүн негизинде биз мектепке чейинки педагогдордун чыгармачыл деңгээлинин *жогорку, орто, төмөн деңгээлин* аныктадык.

Ар бир мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусу туура жооптордун суммасын чыгаруу менен аныкталды.

Ар бир баскыч боюнча алынган маалыматтардын жыйынтыктары улуттук музыкага кызыгуунун ***төмөнкү деңгээли*** эксперименталдык топто **75%** ын (60 тын 45и) жана текшерүүчү топто **66,7**%ын (60тын 40ы) түздү.

Анкеталык сурамжылоого катыштышкан мектепке чейинки педагогдор улуттук музыканын жанрларын, чыгарманын формасын, чыгарманын образын аныктай алышкан жок. Алардын улуттук музыкага болгон кызыгуусу өнүккөн эмес, туруктуу кызыгуусу байкалган жок. Буларга музыканы көркөмдөп, айырмалап, мүнөздөп бергенге музыкалык билимдеринин жетишсиздиги тоскоол болду, алар эң белгилүү улуттук музыкалык чыгармаларды, чыгармалардын авторлорун атай алышкан жок. Музыкалык репертуарды таанышпайт жана мектепке чейинки курактагы балдарга музыкалык чыгармалардын мазмунун жеткиликтүү кылып түшүндүрө алышпайт. Педагогикалык-психологиялык мүмкүнчүлүктөрү да төмөн. Эч чыгармачыл дараметин көрсөтө алышпайт.

Улуттук музыкага болгон кызыгуунун, жалпы музыкалык билим деңгээлдин, чыгармачыл дараметини көрсөткүчүнүн ***орто деңгээлин*** эксперименттик топтун **25%**ын (60тын 15и) түздү, ал эми текшерүүчү топто **33,3%** ы (60тын 20сы). Бул мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыка тууралуу аздыр-көптүр билими бар, бирок жанрды, форманы аныктоодо кыйынчылыкка туш болушту. Алар музыкалык аспаптарды таанышкан жана айрым бир элдик музыканын жанрын атай алышат, бирок улуттук музыка

боюнча билим үстүртөн, терең эмес. Чыгарманы анализдөөдө да кыйынчылыкка туш болушуп, музыканын мазмунун түшүндүрүп берүү онойчулукка турбады.

Мектепке чейинки педагогдор билимдерин колдоно алышат, бирок, улуттук музыкалык репертуарды жакшы деңгээлде билишпейт. Педагогикалык-психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга жана чыгармачыл дараметин көрсөтүүгө аракеттери бар.

Аныктоочу этапта мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун ***жогорку деңгээли*** аныкталган жок.

**Таблица 1. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусу %дык көрсөткүчтөр менен (аныктоочу этап)**

| Топ/ деңгээл | Жогорку | Орто | Саны | Төмөн | Саны |
|---|---|---|---|---|---|
| Эксперименттик топ | 0 | 25% | 15 | 75% | 45 |
| Текшерүүчү топ | 0 | 33,3% | 20 | 66,7% | 40 |

**Диаграмма 1. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусу диаграммада (аныктоочу этап)**



## 3.2. ЭКСПЕРИМЕНТТИН КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ЭТАБЫ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Аныктоочу эксперименттин негизинде *калыптандыруучу эксперименттин милдеттерин* аныктап алдык:

– мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыканын ар түрдүү тематикасында жана жанрында угуу жана талдоо маданиятын айтып берүү методунун негизинде калыптандыруу;

– улуттук музыканын жанрлары жана багыттары боюнча теориялык жана практикалык негизде терең маалыматтарды берип, билимдерин баюутуу;

– музыкалык чыгармачыл ишмердүүлүктүн негизинде улуттук музыканын жанрларын аткаруу, талдоо, баалоо көндүмдөрүн калыптандыруу;

– бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн түрлөрүндө ар кандай методдор жана көндүмдөр менен текшерүү.

Демек, изилдөөнүн калыптандыруучу этабынын негизги маселеси болуп мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага болгон кызыгуусун калыптандыруу, чыгармачыл тапшырма аткаруу менен бирге билимге, билгичтикке, көндүмдөргө ээ болушу.

Мектепке чейинки педагогдодун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн колдонулган атайын иштелип чыккан методдор жана педагогикалык шарттар программада тандалып алынган улуттук музыка тууралуу пикирин билдирүү билгичтиги, образдуу айтып берүүсү, түстөр менен чагылдыруусу, искусствонун ар кандай түрлөрү менен (адабият, сүрөт искусствосу) байланыштыруусу, тактилдик туюсу, музыкалык-ритмикалык кыймылдар аркылуу берүүсү, чыгарманы метафора, мүнөздөмө аркылуу айтып берүү билгичтиктерин калыптандырат.

Калыптандыруучу экспериментте улуттук музыкага кызыгуусун өнүктүрүүчү жана баалоо менен мамиле кылууга шарт түзгөн чыгармачыл, изденүүчү, таанып билүүчү тапшырмалар лекциялык жана практикалык сабактарда да колдонулду. Окутуучунун жетекчилиги алдында улуттук музыканын аспаптык жана вокалдык бөлүгү, төкмөлүк өнөр боюнча

теориялык билимдерди кабыл алуу, практикалык иш аркылуу аткаруучулук ишмердүүлүктөрү, талдоо, салыштыруу, колдонуу жана баалоо, музыкалык викторина, жаңы маалыматтарды издөө сыяктуу иштер жүргүзүлүп, улуттук музыканы камтыган тематикалар менен студенттердин илимий-изденүүчүлүк иштерине да катышышты.

Лекциялык сабак учурунда мектепке чейинки педагогдорго өз алдынча иштөө үчүн бешик ырларынан, лирикалык ырлардан – секетбай же күйгөн ырларынан, “Бекбекей”, “Шырылдаң”, “Жар-жар”, “Жарамазан”, “Акийнек”, “Оп, майда” ырларын жаттоо тапшырмалары берилген. Лекциялык сабактын акырында ким кандай ырларды жаттаганы боюнча музыкалык мүнөттөр өтүлүп, жатталган ырлар ырдалып, ырдоо көндүмдөрүн калыптандыруу иштери өткөрүлдү. Эксперименттик жана текшерүүчү топтогу мектепке чейинки педагогдор “Бешик ырын” ырдоону жакшы ишке ашырышты.

*Феруза К.* (эксперименттик топ) Бала бакчада практика учурунда орто топтун балдары менен бешик ыры боюнча аңгемелешүү өткөрдү. Аңгемелешүүнүн максаты балдар менен улуттук музыкалык жанр бешик ырынын мүнөзүн ачып берүү жана балдарды түшкү эс алуусунда уктатуу.

*Феруза:* Балдар силерге бешик ырын уктуңар беле?

*Балдар:* Ооба, апам, чоң энем ырдап берет.

*Феруза:* А апалар бешик ырын эмне үчүн ырдайт?

*Балдар:* Балдар тез, тынч укташы үчүн.

*Феруза:* Балдар бешик ыры силерге жагабы?

*Балдар:* Ооба. (ар ким ар кандай ойлорун айтат).

*Феруза:* Ооба балдар бешик ыры жай, акырын, назик добуш менен ырдалат, анда мен силерге бешик ырын ырдап берейин, а силер тынч угуп, уктагыла.

Бул аңгемелешүү жана ырдоо процесси аркылуу мектепке чейинки билим берүүдө мектепке чейинки педагогдордун ырдоо ишмердүүлүгү ишке ашып, сезимдик кабыл алуусу, ал аркылуу балдарга таасир бере алуусу калыптанат. Мына ушул сыяктуу аңгемелешүүлөрдү башка мектепке чейинки

педагогдор да түзүп, ар бири жеке өз көз карашы менен бешик ырынын мүнөзүн ачып беришти. Бешик ырын ырдоо, угуу аркылуу мектепке чейинки педагогдор өздөрүнүн кызыгууларын билдирип, *“алдей-алдей”* же *“сал-сал билек”, “тай-тай”* ырларын өздөрү жазууга да аракет кылышты, айрымдары жөн гана үндүү тыбыштар менен импровизация жасашты.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда улуттук музыканын аваздык жана аспаптык жанрдагы чыгармалары колдонулду. Бул иш процессинде окутуунун интерактивдүү ыкмалары колдонулду.

Окуу учурундагы *талаш-таймаш (проблемалык тапшырма)*:

***Биринчи тапшырма:*** уктурулган улуттук музыкалык чыгарманын мүнөзүн ачып бер, демек, эң биринчи музыканын маанайын, кандай сезим тартуулайт ачып берүү жана кандай музыкалык көркөм каржаттар колдонулган, музыканын адабият менен болгон байланышын, бирин-бири толуктоосу менен айтып берүү. *(музыканын көркөм каражаттары боюнча түшүнүктөр берилген)*.

Группа сабактын башында эле эки топко бөлүнүшөт. Топтор кезек менен кайсы бир улуттук музыкадагы ырлардан үзүндүлөрдү ырдашат, ага экинчи топ жогоруда берилген тапшырма боюнча жооп беришет жана ошол эле фразаны так, туура аткарганга аракет кылышат. Бул проблемалык тапшырма мектепке чейинки мектепке чейинки педагогдордун ой жүгүртүүсү менен катар, музыкалык кабыл алуусун, атаандашдык - изденүүчүлүк аракеттерин өстүрөт.

***Экинчи тапшырма:*** улуттук музыканын аспаптык бөлүгүнөн ар түрдүү жанрдагы музыканы салыштыруу аркылуу чыгарманын ритмикалык, обондук, темптик, көркөмдүк, тембрдик мүнөздөрүн ачып берүү.

Эки топ терең, маанилүү, *мазмундуу мүнөздөмө бергенге*, чыгарманы музыкалык тил менен ачып бергенге аракет кылышты. Элдик күү «Саринжи Бөкөй» жана Т. Сатылгановдун «Тогуз кайрык» күүлөрүнүн салыштыруусунда берилди.

Элдик күү *«Саринжи-Бөкөй»* толкундуу, шаңдуу, ылдам темпте, салтанаттуу. Т. Сатылгановдун «*Тогуз кайрык»* күүсү салмактуу, жай темпте.

Эксперименттик топтогу мектепке чейинки педагогдор «Саринжи - Бөкөй» күүсүнө толук, кенже дастандын мазмуну аркылуу күүгө терең мүнөздөмө бере алышты, ал эми Т. Сатылгановдун «Тогуз кайрык» күүсүн талдоо аларга кыйынчылыкка турду. Күүнүн сюжетин, музыкалык драматургиясын мүнөздөп бере алышкан жок. Окутуучунун күүнүн мазмундук сюжетин айтып, күүнүн негизги драматургиясын ачып берүүсү аркылуу күү жөнүндө маалымат ала алышты.

Т. Сатылгановдун «Тогуз кайрык» күүсү залкар комузчу, төкмө акындын башынан өткөргөнүн баяндаган автобиографиялык күү. Күү Т. Сатылгановдун өзүнүн айтуусу боюнча мындай *сюжеттен* турат:

Токтогул сүргүндөн келгенден кийин комузун күүгө келтирип отуруп: «башымдан өттү миң кайгы, барын айтып бере албасмын, ошонун тогузун кайрып берейин» – деп «Тогуз кайрык» күүсүн чертип, баяндарын бирден кайрып айтып берчү экен.

«***Биринчи кайрык:*** колу-бутум байланып, абакты көздөй айдалдым. Боздоп апам калды, аялым турду буркурап, «атакелеп» балдарым турду чуркурап. Шамшыкал калып артымда, бардыгы менен түрүүлөй ажырашканда жаралган.

***Экинчи кайрык:*** абакта жаттым алсырап, эки көзүм жалдырап, тил билбеген солдаттар тикелей турат балдырап, алдым сыздайт темир тор, адамда болбос мындай кор. Элиме качан жетем деп, эки көзүм өрт болуп, кусалыктан жаралган.

***Үчүнчү кайрык:*** кол-бутта кишен шалдырап, козголо албай жалдырап, кол муштумду мындай кой, карабин менен ургулап, бул азапка чыдабай, эчендер өлдү тырпырап.

***Төртүнчү кайрык:*** Красноводск–Астрахан. Зор толкунга кабылып, кемелер кетсин дегенби, оодарылып кетет деп, оор жүктөн арылып, ичиндеги күнөөкөрлөрдүн колу-бутун байлап деңизге ыргыткан кордук.

***Бешинчи кайрык:*** Азаптарга чыдабай качып чыктык сүргүндөн. Жолду билген эч ким жок, караңгыда калгансып, каңгып жүрдүк канча күн. Кычыраган кышында жылаң аяк, жылаң баш, колго түшүп кайрадан, кордукту көрүп сабалып, кайрадан калдык камалып.

***Алтынчы кайрык:*** Сибирге кайра айдалдык, ажал алкымдан алып, кара жама илдеттен боо-боо болуп кырылдык, кара жанга күч келип, кайгы-муңга батканбыз.

***Жетинчи кайрык:*** карагай кыйып, кен казганбыз, жер алдында канчалар тирүүлөй көргө калганбыз, көзүм көргөн бул кордук.

***Сегизинчи кайрык:*** Шибер тозогунан Харитон, Семён досторумдун качырганы, ал ишин ачендиктерден жашырганы, ач бел, куу жолдо адашканым, Ала-Тоо мекенимди тапканым.

***Тогузунчу кайрык:*** Эчен кордук артта калып, эңсеп келип элимди таптым, жараткандын буйругуна каниет кылдым. Кордугум дагы уланып, жалгыз баламдын көрүн калдым кучактап, көзүнөн ажыраган энемдин жашы турду бурчактап, каалап алган өмүрлүк жарымды таппай калдым кылчактап».

Окутуучу тарабынан сюжеттик мазмун айтып берилип, күүнүн драматургиясы, идеясы жеткиликтүү болгондон кийин, күү кайра уктурулуп, ар бир кайрыкты айырмалап укканга аракет кылышты.

Улуттук аспаптык музыкасынан аспаптардын *тембрдик добушун* айырмалоого. Негизги тапшырма уктурулуп жаткан чыгарма кайсы улуттук аспаптарда ойнолуп жатат. М. Күрөңкөев «Кер Өзөн» – комуздун жана кыл кыяктын аткаруусунда, ал эми чопо чоор менен сыбызгынын аткаруусунда А. Огонбаевдин «Эсимде» ыры. (бир куплет чопо чоор, бир куплет сыбызгы аткарат). Бул тапшырмада эксперименттик жана текшерүүчү топ да жандуу катышышты, бирок аспаптардын аттарын атоо көптөрүнө кыйынга турду. Үйлөмө, кылдуу деген жалпылоо жооптор болду, ошол эле учурда кээ бирлери аспаптардын аттарын так, туура атай алышты.

Мисалы, кыргыз улуттук үйлөмө аспаптардын аткаруусунда К. Кыдырназаров «Кыргыз көчү», күүсү, темир ооз комузда аткарууда А. Байбаты-

ровдун «Тагылдыр Тоо», К. Орозов атындагы академиялык кыргыз эл аспаптар оркестринин аткаруусунда Т. Сатылгановдун «Миң кыял» күүлөрүн талдоодо, ооз комуз жана комуздун тембрин аныктай алышты. Чыгармаларга жалпы мүнөздөмө берүү, идеясын ачуу салыштырмалуу жеткиликтүү деңгээлде, мектепке чейинки билим берүүдө мектепке чейинки педагогдор уктурулган чыгарманын темпин айырмалай алышты, толук талдоо жүргүзө алышкан жок.

Музыкалык чыгармалардын мүнөзүн ачып берүүдө шаңдуу-кайгылуу, темпин ылдам-жай деген салыштыруулар гана болду, ал эми кандай музыкалык көркөм каржаттар колдонулганын, музыканын адабият менен болгон байланышын, аспаптардын тембрдик айырмачылыктарын эксперименттик топтун мектепке чейинки педагогдору жогорку деңгээлде ачып бере алышты. Текшерүүчү топ музыканын көркөм каржаттарына жакшы мазмунду мүнөздөмө беришип, аспаптардын тембрдик айырмачылыктарын жакшы ачып бере алышкан жок.

*Сайкал А.* – (эксперименттик топ) өзүнүн талдоосунда К. Кыдырназаровдун «Кыргыз көчү» күүсү абдан жакканын, мурун укпаганын белгилөө менен, күүдөгү терең ойлуу мүнөздү, музыканын көркөм каражаттары бай пайдаланылганын баса белгиледи. Бирок, темптин өзгөргөнүн, динамикалык белгилер – катуу-акырын, же крешендо-димуниендо кандай колдонулганын айтып бере алган жок.

Изилдөөдө берилген кийинки тапшырмада да *проблемалык ыкманы* колдондук. Эки мүнөздөгү чыгарма коюлуп, аларды салыштыруу аркылуу *улуттук музыкада колдонулган музыканын көркөм каражаттарын атап, мүнөзүн ачып бер.* Бул ташырманын негизги максаты мектепке чейинки педагогдордун музыкалык ой жүгүртүүсүн, сезимдик кабыл алуусун, элестетүүсүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө шыктандыруу жана окуу материалын терең кабыл алуу.

Элдик ырлар «Шырылдаң» жана «Бекбекей» ырларынын мисалында музыканын көркөм каражаттарын атап, ырлардын тарыхын, мүнөзүн ачып бер. Бул эмгек ырлары боюнча мектепке чейинки педагогдордун маалыматы бир

кыйла жогору, бирок аткарып берүү жөндөмдөрү жетишсиз. “Бекбекей” ырынын негизинде алардын туура дем алуусун, демди үнөмдүү пайдаланып, байланыштуу (legato) ырдоо ыкмаларынын көндүмдөрү калыптануусуна шарт түзсөк, “Шырылдаң” ыры аркылуу ырдоонун (staccato) ыкмасы аркылуу дикцияны калыптандыруу, ансамблде ырдоо көндүмдөрүн калыптандырдык. Элдик ырлардын дээрлик бардык жанрларында аткаруучулук ишмердүүлүк иши жүргүзүлдү.

Улуттук музыканын вокалдык бөлүгүнөн элдик ырлар «Шырылдаң» жана «Бекбекей» ырларынын мисалында мектепке чейинки педагогдордун берген жоопторуна көңүл буралы.

*Жазгул Р.:* (эксперименттик топ). Бул ырлар кыргыз элинин эмгек ырлары, «Шырылдаң» кеч күздө жигиттер аткарган ыр, мүнөзү шамдагай, шайыр, тез темпте ырдалат, бул ыр аркылуу жигиттерге таандык чечкиндүүлүктү көрө алабыз, ал эми «Бекбекей» ырын короо кайтарган кыздар ырдашкан, ырды аткаруу жай, созулуңку темпте, мында кыздарга таандык назиктик берилип, ошол эле учурда тыкандыкка тарбиялайт. Музыканын көркөм каражаттарынан динамикалык белгилер жакшы колдонулган. «Шырылдаң» күчтүү сезим менен катуу, ал эми « Бекбекей» түнкү тынчтыкты бузбоо үчүн акырын ырдалат.

*Гулшайыр Ж.(*текшерүүчү топ). Бул ырлар көп ырдалбайт, экөө тең элдик ыр, эмгек ырларына кирет, бири тез, бири жай аткарылат. Мен бул ырларды ырдагым деле келбейт.

Ушундай эле аспаптык музыкада да салыштыруу жана музыканын көркөм каражаттарына анализ берилди. А. Огонбаев *«Кыз кербез»* жана Ы. Тумановдун *«Жеңиш»* күүлөрү.

А. Огонбаев «Кыз кербез» күүсү ойноок, ылдам темпте, ортоңку регистрде, дээрлик музыканын көркөм каражаттарынын бардыгы колдонулат (p, pp, f, ff, mf, mp), ал эми Ы. Тумановдун «Жеңиш» күүсү салмактуу, жай темпте, бирок күчтүү сезим менен ойнолот. Чыгарма лекциялык сабакта уктурулуп,

окутуучу тарабынан салыштыруу, чыгармалардын музыкалык идеясына жана драматургиясына талдоо берилген.

*Айпери* Ж. (эксперименттик топ) – мага А. Огонбаев «Кыз кербез» күүсү абдан жакты, кабыл алууга жеңил, ойноок, динамикалык белгилерге бай, бирде катуу, бирде акырын, ошондой эле эстеп калганга да жеңил, ал эми Ы. Тумановдун «Жеңиш күүсү» шаңдуу, бирок башынан аягына чейин окшош ойнолгон таасир калтырды.

*Жаркынай Т.* (текшерүүчү топ) – А. Огонбаев «Кыз кербез» күүсү жеңил, уккулукту, динамикалык белгилерге бай, жакшы таасир калтырат, ал эми экинчи күү жакшы эстеп калганга мүмкүн эмес. Шаңдуу, бирок жай.

Тапшырманын жыйынтыктаганда, негизинен мектепке чейинки педагогдор коюлган милдетти аткара алышты, айрымдары сезимдик кабыл алууда эч айырмачылыкты атай алышкан жок, айрымдары күүлөрдүн аталышына жараша салыштыруу жасашты.

Улуттук музыканын аспатык бөлүгүнө арналган ***кыргыз эл аспаптары кандай бөлүктөрдөн турат, ата*** тапшырмасын аткарууда негизги милдет улуттук музыканын аспаптык бөлүгүн канчалык деңгээлде кызыгуугу менен кабыл алгандарын текшерүү жана аны толуктоо.

*Айпери Ж.* (эксперименттик топ). Кыргыз эл аспаптары чоң төрт топко бөлүнөт: кылдуу аспаптар, үйлөмө аспаптар, урма аспаптар жана өзүнөн-өзү үн чыгарчу аспаптар.

*Наргиза Т.* (текшерүүчү топ) үйлөмө аспаптарды жана урма аспаптарды аттары менен санап өттү, ал эми *Жаркынай Т.* (текшерүүчү топ) өзүнөн-өзү үн чыгарчу аспаптарды атоодо кыйналуу менен атады.

Улуттук музыкалык аспаптардын жалпы бөлүктөрүн тактап алгандан кийин кандай аспапта чыгарма аткарылып атканын тактап, ал аспап кайсы бөлүккө кирет жана ар бир улуттук музыкалык аспапка жалпы мүнөздөмө берип өтүү максатында “Балдардын музыкалык аспаптарында кол ойнотуу же ойноо” темасын өтүүдө мектепке чейини билим берүүдө мектепке чейинки

педагогдор менен дидактикалык оюн ***“Окшош, окшош эмес музыкалык аспаптар”*** оюну эксперменттик топто өткөрүлдү.

***“Окшош, окшош эмес музыкалык аспаптар ”*** оюну.

Бала бакчанын музыкалык бөлмөсү, сабакка улуттук аспатардын сүрөттөрү даярдалдалып, ар жерде илинип турат.

*Окутуучу:* - Кыздар, бүгүн биз силер менен кыргыз улуттук музыкалык аспаптар дүйнөсүнө саякатка чыгабыз, алар абдан көп. А силер кандай музыкалык аспаптарды билесиңер?

*Мектепке чейинки педагогдор:* комуз, ооз комуз, шылдырак, чоор ж.б.

*Окутуучу:* – Биздин саякаттын жүрүшүндө, кайсы улуттук музыкалык аспапта чыгарма аткарылса, ошол улуттук музыкалык аспапты табуу, *(унчукпай, жанына басып баруу).* Силер басып баштаганда музыка чыгат, бирде комузда, бирде чоордо, сыбызгыда, шылдыракта, темир комузда, кыл кыякта. Кайсы улуттук музыкалык аспапта аткарылса, ошол аспаптын жанына токтолуп, аспап жөнүндө айтып берүү, комуз музыкасы угулса, комуздун жаралыш тарыхы, комуздун бөлүктөрү жана кээ бир күүлөрдүн баянын же башка аспаптардын тарыхын айтып берди.

*Окутуучу:* – бул аспаптар окшош бекен?

*Мектепке чейинки педагогдор:* – Жок! Алар ар кандай. (жооптору ар кандай, андан соң бар аспаптарды кармап, добуш чыгарып, жакындан таанышып, ар кандай суроолорду беришти).

*Окутуучу:*– Ооба, булар окшош эмес, бирок булардын бардыгында музыка аткарылат жана бардыгы кыргыз элинин улуттук музыкалык аспаптары.

Биринчи комузда Т. Сатылгановдун “Бала кербез”күүсү жаңырат. Күү уктурулуп бүткөн соң мектепке чейинки педагогдор күүнүн музыкалык образын, аткаруу ыкмасын, колдонулган көркөм каражаттары боюнча талдашат.

*Окутуучу:* – Күү аткарылган музыкалык аспап боюнча эмне айтып бере аласыңар?

*Мектепке чейинки педагогдор:* - улуттук аспап комуз, ал баш, моюн, тулку, чара, капкак, тепкек, үч кулак, үч кылдан турат.

*Окутуучу:* – комузда күүлөрдү аткарууда кандай ыкмалар колдонулат?

*Мектепке чейинки педагогдор:* – комуз чертүүнүн ыкмалары: аралашма, калтылдатып чертүү, терип чертүү, жанып чертүү, кол ойнотуп чертүү ж.б.

*Окутуучу:* – комуздун толгонушу кандай?

*Мектепке чейинки педагогдор:* – комуз күүнүн мүнөзүнө жараша төмөндөгү *толгоолорго бөлүнөт:* чың толгоо, бош толгоо, оң толгоо, сол толгоо, кош толгоо, терс толгоо, бош терс толгоо, чың терс толгоо.

*Окутуучу:* – комузда аткарылган дагы кандай күүлөрдү билесиңер?

*Мектепке чейинки педагогдор:* – “Кет Бука”, “Ибарат”, “Ак тамак, көк тамак”, “Саринжи Бөкөй”, “Тогуз кайрык” ж.б.

*Окутуучу:* – ким деген комузчуларды билесиңер?

*Мектепке чейинки педагогдор:* - Т. Сатылганов, Ы. Туманов, К. Орозов, Н. Абдырахманов, А. Огонбаев, Ш. Шеркулов ж.б.

Мындан кийин окутуучунун мектепке чейинки педагогдордун комуз жана комуз күүлөрү, комузчулар боюнча суроолоруна жооп берүүсү жана толуктоосу. Комузда дагы бир күү уктурулат.

Мындан кийин кыл кыякта С. Бекмуратовдун “Куу инген” күүсү уктурулат. Күү жай темпте, муңдуу күү. Кыл кыяктун тембри аркылуу күүнүн толук музыкалык драматургиясы ачылып берилет.

*«Куу инген» күүсүнүн сюжети:* “Илгери бирөөнүн төөсү бар экен. Төө бир нече жыл ботолуу болбогон соң ага эл «Куу инген» деген ат коёт. Куу инген картайып, бир топ жыл өткөндө ботолуу болуп, ботосун телчитип жүргөндө кербен келет. Кербендин жүк жүктөгөн төөсү өлүп калат, ошондо куу ингендин ээсине каалаган пулун берип, кербендин ээси жүрүп кетет. Куу ингендин ботосу боздоп кала берет. Аралык бир-эки айлык жол болсо да куу инген кайра качып келип, ботосун таап, аман-эсен көрүшүптүр”.

*Окутуучу:* – бул күү кайсы аспапта аткарылды.Ал кандай аспап?Аспап эмнеден жасалат? Бул аспапта ойногон кимдерди билесиңер? Чыгарманын

мүнөзү кандай? Чыгармада кандай музыкалык көркөм каражаттар колдонулду? Биринчи аспап менен кандай окшоштугу бар?

*Мектепке чейинки педагогдор:* – кылдуу аспап кыл кыяк, биринчи аспап комуз да кылдуу, аспаптын негизи жыгачтан, өрүктөн, алмуруттан, ал эми кылы жана жаа кылы аттын куйругунан жасалган кыргыз улуттук музыкалык аспабы. Чыгарманын мүнөзү муңдуу, жай темпте, акырын, муңкана ойнолот. Ушул сыяктуу эле сыбызгы менен чопо чоордун, темир ооз комуз менен жыгач ооз комуздун тембрдик айырмачылыгын айырмалап билүү үчүн чыгармалар уктурулуп, талданып, аспаптардын жасалышы, диапазону, ал аспаптарда ойногон аткаруучулар боюнча маалыматтар угулуп, толуктанды. Темир ооз комузда "Бурулчанын селкинчек" жана жыгач ооз комузда Ш. Жоробекованын "Күкүк" күүлөрү, чопо чоордо А. Огонбаевдин "Эсимде" жана Т. Сатылгановдун "Өмүр" ырлары, ал эми сыбызгыда М. Күрөңкөевдин "Сыбызгынын Кер Өзөн" күүлөрү.

Бул музыкалык дидактикалык оюн окуу процессинде музыкалык чыгармаларды алмаштырып уктуруу аркылуу бир нече жолу кайталанды, бул мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыка боюнча билимдерин байытып, кызыгууларын өстүрүп, калыптандырууга чоң шарт түздү.

Улуттук музыкада басымдуу орунду ээлеген *комуз күүлөрү кандай бөлүктөрдөн турат? тапшырмасын музыка угуу ишмердүүлүгүнүн негизинде алып бардык.* Бул тапшырманы аткарууда мектепке чейинки педагогдор так жооп бере алышпады. Күүлөрдүн аттарын, авторлорду да так атай алышкан жок, себеби кыргыз элдик музыкасынан комуз күүлөрүнө мурун эч маани берип угушкан эмес жана эске тутуу жөндөмдөрү начар.

Текшерүүчү жана эксперменттик топ да улуттук музыканын комуз күүлөрүнүн бөлүнүшүн айырмалап жакшы айтып бере алышкан жок, бул мектепке чейинки педагогдор үчүн татаал тапшырма болду. Мындан улам окутуучу лекциялык сабакта өтүлгөн күүлөрдүн бөлүнүшү боюнча маалыматты кайталап, ар бир күүнүн авторун атоо менен күүнүн бөлүнүшүнө жараша мүнөзүн ачып берип, аны кайра музыкалык табышмак оюну аркылуу

бышыктады, программалуу залкар күүдөн А. Огонбаевдин *“Ак тамак, көк тамак”* күүсү, кол ойнотмо залкар күүдөн А. Бейшүкүровдун “Көйрөң күү”, ал эми айтым күүдөн Т. Сатылгановдун “Кербезим”.

Комуз күүлөрү, ***комузчулар жана кыл кыякчылар*** жөнүндө билимдерин бекемдөө максатында кроссворд берилди.



**Туурасынан:**

3. Комуздун бөлүгү;
7. Залкар комузчу жана обончу;
9. Кыл кыякчы;
11. «Улуу тоолор» күүсүнүн автору?
12. Күүнүн башы.... ;
14. Комуз жөнүндө ыр жазган акын.

***Тигинен:***

1. Кылдуу аспап;
2. Ыбрай Тумановдун күүсү;
3. Ш.Шеркуловдун ыры;
4. Кыл кыякчы;
5. Комуз күүлөрүнүн түрү;

6 Комуздун алгачкы

Ал эми улуттук музыкалык ***аспаптар жана аспапчылар*** боюнча билимдерин бекемдөөгө берилген кроссворддор төмөндөгү суроолорду камтыды





**Туурасынан**

1. Үйлөмө аспаптын аты (тайтуяк)
2. Үйлөмө аспаптын аты (барпылдак)
3. Сурнайчы (Жунусаалы)
4. М.Күрөнкөевдин чопо чоор үчүн күүсү (Кер Өзөн);
5. Темир ооз комузчу (Байбатыров);
6. Унутулуп калган урма аспап (кабак)
7. Урма аспап (добулбас)
8. Чопо чоор жасалат (чоподон)
9. Үйлөмө аспаптын аты (чопо чоор)

**Тигинен:**

1.Туурасынан кармап ойнолгон үйлөмө аспап (сыбызгы)
2. Какма аспап (жыгач ооз комуз);
3. Урма аспап (дап)
4. Үйлөмө аспаптын аты (най);
5. “Бай коюңду жоо алды!” күүнүн автору (Асанбай)
6. Үйлөмө аспап (керней);
7. Урма аспап (Доол);
8. Жыгач ооз комуз күүсү (Күкүк)
9. Үйлөмө аспап (чоң чоор)

Улуттук музыкадан *лирикалык ырлардын кандай бөлүктөрү бар, мисал келтирап, аткаруучулук ишмердүүлүк аркылуу ачып берүү* тапшырмасында: лекциялык сабак учурунда ар бир мектепке чейинки билим берүүдөгү мектепке чейинки педагогдорго өз тандоосу менен бир лирикалык ыр жаттап ырдоого тапшырма берилген, ар бири өз ырын аткарып, лирикалык ырлардын кайсы бөлүгүнө кирерин талдап бул тапшырманы аткарууга аракеттеништи.

*Касиет К.:* (эксперименттик топ) Улуттук музыкада лирикалык ырлар чоң эки топко бөлүнөт, алар секетбай ырлары жана күйгөн же арман ырлары. Б. Алыкуловдун “Мөлмөлүм” жана Жеңижоктун “Көк сулуу” ырлары күйгөн ырлары. А. Огонбаевдин “Күйдүм чок” ыры күйгөн ыры, ал эми “Эсимде” ыры секетбай ыры. Мен элдик ыр “Ак кептер” деген ырды үйрөндүм (аткарып берди). Аткарууда дем алуу туура эмес, музыканын көркөм каражаттарын колдонулбастан, жөнөкөй монотематизм менен аткарылды.

*Мээрим А.:* элдик “Жүрөгүмдөн” ырын аткарды, ырда колдонулган музыкалык көркөм каражаттарды колдонуп ырдоо аракети бар, бирок дем алуу, үн пайда кылуу туура эмес. Ушул сыктуу эле элдик ырлар “Сары ой”, “Кыздын ыры”, “Ой тобоо” ырлары, А. Огонбаевдин, Ш. Шеркуловдун, М. Баетовдун ырларынан аткарышты. Бул жерде окутуучунун методикалык иши талап болуп

турду. “Ак кептер” ырын фраза менен иштөө аркылуу дем алуунун туура жолун үйрөтүп, ал ырдагы музыкалык көркөм каражаттарды колдонуп, жогорку көркөмдүктө аткарууга жетиштик.

Оозеки айтып берүү ыкмасынын негизинде жалпы улуттук музыкадагы элдик ырлар боюнча аңгемелешүү өткөрүлүп, мектепке чейинки педагогдор элдик ырлардын жанрлары, жаралыш тарыхы, аткаруу ыкмалары, алардын жаратуучулары жөнүндө кеңири маалымат алганга жетишишти. Ушул элдик ырларды талдоодо, музыкалык билим берүүдөгү негизги ыкмалар *көрсөтмөлүү-угуу жана көрсөтмөлүү-көрүү* методун колдондук (сүрөттөр, түстүү карточкалар, пейзаждар, картиналар, аудио жана видео жазуулар, музыкалык аспаптар, чыгармачыл портреттер).

Музыкалык чыгарманы угуу бул методдун негизи. Уктурулган музыкалык чыгарма эң жогорку көркөм деңгээлде аткарылып, угуучунун сезимдик кабыл алуусуна таасир берүүсү эң башкысы эстетикалык-көркөм бийиктикте угуучу кабыл алуусу зарыл, анткени музыка сезимдердин тили.

Улуттук музыкадан элдик ырларды техникалык каражаттар аркылуу элдик обончу-аткаруучулардын аткаруусунда уктурулду. Жыйынтыктоо максатында музыкалык табышмак оюну өткөрүлүп, кроссворддор толтурулду. Улуттук музыканын *вокалдык бөлүгү боюнча* билимин текшерүү үчүн түзүлгөн кроссворд:





**Туурасынан:**

1. “Мөлмөлүмдүн автору (арман);
2. Төкмө акын (Бөлөбалаев);
3. Айтыштын түрү (мактоо);
4. Бешик ыры (алдей);
5. Төкмө акын (Айталиев);
6. Элдик ыр (ак кептер).

**Тигинен:**

1. Эмгек ыры (оп, майда);
2. Кыздар аткарган элдик ыр (Бекбекей);
3. «Таласым» ырынын автору (Шеркулов);
4. Бешик ырынын түрү (кас-кас);
5. Боогачынын ыры (Үкөй);
6. Төкмө акын (Турсуналиев);
7. Календардык ыр (Жарамазан).

Кийинки тапшырмада мектепке чейинки педагогдор улуттук аспаптарда шөкөттөлүп (*аранжированланган)* жасалган *улуттук вокалдык музыкасын сезимдик баа берүү б.а. угуу аркылуу кабыл алуу каралган.*

а) Музыканы угуу (А. Огонбаевдин «Эсимде», А. Кыдырназаровдун “Кыргыз көчү” күүсү), андан соң теориялык негизде талдоо, демек чыгармада кандай өзгөрүүлөр болду, кайсы бөлүгүндө, обондук өнүгүү боюнча, кандай ладда жазылган, ритм, темпи, динамикалык белгилердин колдонулушу;

б) Окутуучунун суроолоруна жооп берүү: ар бир мектепке чейинки педагогдор музыкага болгон өзүнүн инсандык сезимдик мамилесин билдирүүчү, музыкалык тилдин негизги каражаттары жөнүндө, чыгарманын мазмуну менен музыканын көркөм каражаттынын байланышы тууралуу.

Бул эки чыгарма уктурулган соң салыштыруу аркылуу жогорудагы эки багытта талдоо жүргүзүлдү.

Музыка угуу ишмердүүлүгүнө улуттук музыкасын сезимдик баа берүү б.а. угуу аркылуу кабыл алууга арналган тапшырмага мектепке чейинки билим берүүдөгү мектепке чейинки педагогдордун айрым бир жоопторун, музыка угуу процессиндеги иштеринен мисал келтирип өтөлү. Уктурууга А. Огонбаевдин «Эсимде» аттуу ыры элдик аспаптар сыбызгы менен чопо чоордун аткаруусунда.

*Айкен З. (*эксперименттик топ, музыкага болгон кызыгуусу жакшы, музыка уктурулуп атканда көңүл кою менен угуп, айрым бир ритмикалык

кыймылдарды башынын кыймылы менен берип, кызыгуу менен укту): - «бул чыгарманы укканда мен кандайдыр бир сыйкырдуу дүйнөгө түшкөндөй болдум, кооз обон, музыкалык аспаптар да сайрап аткан куштардай келишип турат. Темпи жай, ритм созулуңку, кайгылуу мүнөздө, бирок жакшы сезим калтырды».

*Бактыгул Ж.* (экспериментттик топ, музыкалык көрсөткүчтөрү начар жана өзүнүн музыкага болгон кызыгуусу да жок): «мага музыка жакты, бирок эч нерсе түшүнгөн деле жокмун, эмне үчүн билбейм, ыр тексти менен болсо мүмкүн түшүнсөм керек».

А. Кыдырназаровдун "Кыргыз көчү" күүсүн мектепке чейинки педагогдор абдан жакшы кабыл алып, угуп, музыкалык викторина оюнунда дээрлик бардыгы туура табышты. Күү бир эле комузда эмес, кыргыз элдик аспаптарынын коштоосунда, жогорку деңгээлде жазылган.

А. Огонбаевдин "Маш ботой", "Кыз кербез", элдик күүлөр "Саринжи Бөкөй", "Кет Бука", Т. Сатылгановдун "Тогуз кайрык", А. Бейшүкүровдун "Көйрөң күү" сыяктуу күүлөр мектепке чейинки педагогдордун жакшы көргөн күүлөрүнө айланып, музыкалык табышмак оюнунда эч кыйынчылыксыз табууга, аспаптардын тембринен айырмалоого жетишишти. Бул эксперименттик, текшерүүчү топтордо дидактикалык оюндарды, белгиленген методдорду колдонуу менен ашырылды

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууга арналган эксперименттин калыптандыруучу этабында *орто деңгээлди* көрсөткөндөр музыкалык теориялык негизде талдоо, чыгармада кандай өзгөрүүлөр болду, кайсы бөлүгүндө, обондук өнүгүү, лад боюнча, ритм, темпи, динамикалык белгилер боюнча, музыкалык тилдин негизги каражаттары, чыгарманын мазмуну менен музыканын көркөм каражаттынын байланышы жөнүндө кандайдыр бир деңгээлде аракеттерин көрсөтүштү, ошондой болсо да жогорку деңгээлде тапшырмада коюлган талаптарга толук жооп бере алышпады.

Ал эми эксперименттин калыптандыруучу этабында улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруучу тапшырмалардын жыйынтыгында мектепке чейинки педагогдордун *жогорку деңгээлин* көрсөткөндөр теориялык негиздеги талдоолорду, бөлүктөрдөгү, обондук өнүгүү боюнча, кандай ладда жазылган, ритм, темпи, динамикалык белгилер, музыкалык тилдин негизги каражаттары жөнүндө жана чыгарманын мазмуну менен музыканын көркөм каражаттынын байланышы тууралуу тапшырмаларда коюлган талаптарга толук, жогорку деңгээлде жооп беришти.

Экспериментте улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда *жогорку деңгээлдеги* мектепке чейинки педагогдордун алдында максаттар пайда болуп улуттук музыкалык маданиятка кызыгууларына жол ачылды. Байкоолор көрсөткөндөй, калыптандыруучу эксперименттин аягында мектепке чейинки педагогдордун келечектеги кесибине болгон кызыгуусу артып, дарамети жогорулады. Бул алардын улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууга арналган атайын тапшырмаларды аткарууда изилдөөчүлүк-талдоо иштеринен, тапшырмаларды кызыгуу менен аткаруусунан, улуттук музыкага кызыгуусун арттырып өз алдынча иштөөсүнөн, кеп-кеңеш алуусунан, тапшырмалар боюнча билдирүү, талдоолорду жасоолорунан байкалды.

Экспериментте улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда *орто деңгээлдеги* мектепке чейинки педагогдор эксперимент үчүн берилген тапшырмалар боюнча кыйынчылык жараткан учурлары боюнча өз алдынча билим алып, окутуучудан сунуштарды алып турушту.

*Төмөн* деңгээлдеги мектепке чейинки педагогдордо алынган билимдер, көндүмдөр менен кошо чыгармачыл дарамети да сакталган, бирок алар өз алдынча аларды иш жүзүнө ашырууда чабалдыгын көрсөтүштү.

**Таблица 2. – Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун өсүш көрсөткүчтөрү (калыптандыруучу этап)**

| Жыйынтыктары % менен | Жогорку деңгээл | Орто деңгээл | Төмөнкү деңгээл |
|---|---|---|---|
| Эксперименттик топ | 16,7 | 58,3 | 25 |
| Текшерүүчү топ | 21, 8 | 62,2 | 16 |

Мектепке чейинки педагогдорду улуттук музыкага кызыктыруунун башкы максаты – алардын улуттук музыкага кызыгусу жогорку деңгээлге өтүүгө умтулуусуна шарт түзүүнү, окуу жылдарында алган билимдеринин жыйындысын толугу менен турмушта, кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана билүүсүн көздөйт.

Атайын колдонулган тапшырмалардын спецификалык өзгөчөлүгү мазмунду, окутуу методун, таанып-билүү ишмердүүлүгүн туура уюштура билүү болуп саналат (улуттук музыкадан тандалып алынган репертуардык материалдын негизиндеги лекциялар, практикалык сабактар, дидактикалык оюндар, топтук аңгемелешүүлөр жана талкуулар, тегерек үстөл, ролдоштурулган оюндар, изилдөө иштери ж. б.).

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун калыптанышын аныктоо үчүн семинар-практикумдар, тренингдик көнүгүүлөр, өз алдынча иштер үчүн тапшырмалар түзүлдү.

Алардын улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу процесси *төрт этапта жүргүзүлдү:*

1. Бул этапта улуттук музыкага кызыгууга чыгармачыл жагдай түзүүнүн мотивациялык-стимулдаштыруучу абалын түзүү. Мында педагогикалык ишмердүүлүктү калыптандыруучу компонент ишке ашырылат. Ошондой эле бул этапта изилдөөдө биринчи педагогикалык шарт болгон мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкалык билимдердин топтолушу жана кесиптик таанып-билүүсүн өнүктүрүү жүргүзүлөт. Биз мектепке чейинки педагогдордун өз алдынча билим алуусунда улуттук музыкага кызыгуусун, таанып-билүүсүнүн дараметин эске алуу менен баштадык. Бул этапты ишке ашыруу үчүн “Эстетикалык билим берүү (музыка)” курсу үчүн атайын улуттук музыканын бардык жанрларын камтыган лекциялар, практикалык сабактардын пландары иштелип чыккан жана ноталык материалдар топтолуп, окутуу мезгилинде аткарууга, үйрөнүүгө жетишип, музыкалык ишмердүүлүктөрдүн негизинде чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүүгө аракет кылынды. Мунун максаты улуттук музыканын бай, көркөм дүйнөсү аркылуу мектепке чейинки

педагогдордун улуттук музыкалык билимин тереӊдетип, эли-жерине болгон сүйүүсүн, улуттук баалуулуктарга болгон урмат-сыйын, өз күчүнө ишенимин, чыгармачыл иштеринин ишке ашырылышын, өзүнүн дараметин өнүктүрүүсүн туура жолго коюу.

Мектепке чейинки педагогдорду “Эстетикалык билим берүү (музыка)” курсун окутуу процессинде активдүү практикалык ишмердүүлүк камтылды. Бул биз изилдөөдө белгилеген шарт алардын улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн музыкалык ишмердүүлүктүн бардык түрүн камтыган чыгармачыл тапшырмалардын системасын колдонуу (музыка угуу, аткаруучулук – ырдоо, бийлөө, музыкалык аспаптарда ойноо, чыгармачылык – ырчылык, бийчилик, импровизация жана музыкалык билим алуучу ишмердүүлүк); практикалык сабактарда түрдүү методдор колдонулду.

2. Мектепке чейинки педагогдордун технологиялык-инновациялык даярдыгын калыптандыруу. Окуу ишмердүүлүгүнүн башкы жыйынтыгы болуп илимий билимдердин негизинде ой жүгүртө билүүсү эсептелет. Бул этапта чыгармачыл изденүүгө өзгөчө маани берилет. Билим алуучуга окуу сабактарын долбоорлоо эле эмес, өзүн дагы толугу менен чыгармачылыкка даярдоо керектиги. Бул биз белгилеген педагогикалык шарттардын бири – *улуттук музыкалык чыгармаларды угуу, талдоо, ырдоо, бийлөө, улуттук аспаптарда ойноо.*

3. Мектепке чейинки педагогдордун чыгармачыл потенциалын улуттук музыка аркылуу өстүрүү. Бул этаптын максаты катары кесиптик жөндөмдүн өнүгүүсү, алардын педагогикалык тажрыйбасынын рефлексиясын атоого болот. Ошондой эле бул этапта белгиленген педагогикалык шарт – улуттук музыканын бардык багыттары боюнча окуу процессинде жана *өз алдынча иштөөдө билимин өркүндөтүү* ишке ашыруу жүргүзүлдү. Негизинен эки багытта иш алынып барылды. *Биринчиси* мектепке чейинки педагогдор “Эстетикалык билим берүү (музыка)” курсун окууда атайын билимдерге ээ болушту, өз алдынча иштөөдө ар кандай долбоорлорду ишке ашырышты, улуттук музыканын үлгүлөрүн камтыган сабактын пландарын иштеп

чыгышты, *экинчиси* алынган билимдердин бардыгы активдүү практикалык иште колдонулду.

4. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун жана чыгармачыл өз алдынчалуулугун рефлексияга жалпылаштыруу, баалоо.

Эксперименттик жана текшерүүчү топтордун жыйынтыктарынын айырмасы көрсөткөндөй, белгиленген педагогикалык шарттар, иштелип чыккан методдор эксперименттик топтун улуттук музыкага кызыгуусунун калыптануусунун сапатына таасир этти. Алынган жыйынтыктардын негизинде белгиленген педагогикалык шарттардын таасир этүүсүн текшердик.

Калыптандыруучу этаптын жыйынтыгында мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун деңгээлин аныктоо үчүн улуттук музыкалык жанрларды аныктоо, талдоо, улуттук музыка боюнча алган билимдеринин сапаты, тереңдиги, балдар менен иштөөдө музыкалык билим берүүнүн ар түрдүү методдору, интерактивдүү методдорду колдоно билүүсү текшерилди.

Окуу процессиндеги мектепке чейинки педагогдордун иштери бааланып, мында биз белгилеген акыркы педагогикалык шарт *баалоо аркылуу* улуттук музыкага кызыгуусун активдештирүү ишке ашырылды. Окуу процессинде мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу процессинин ишке ашырылышын этаптуу калыптандырууну биз ар жактуу деп таптык.

Экспериментте пайдаланылган тапшырмалардын сериясы мектепке чейинки педагогдор келечекте кесиптик иштөөсүндө практикалык негизде колдонуусу да эске алынды, себеби бардык бала бакчада атайын музыкалык билими бар педагогдор жетишсиз. Тапшырмаларда калыптанган көндүмдөр, билгичтиктер аркылуу “Эстетикалык билим берүү (музыка)” курсунда каралган балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн ар биринде колдонулган окутуунун атайын музыкалык методдору менен балдардын музыкалык кабыл алуусун, ой жүгүртүүсүн, музыкалык тилди түшүнө билүүсүн, мазмундук кабыл алуусун, музыканын көркөм каражаттарын пайдаланып иш алып барууга шарт түздү.

**Эксперименттик иштин жыйынтыктары.** Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктоочу этабынын милдети алардын улуттук музыкага кызыгуусунун өсүш деңгээлин аныктап, эксперименттик топ менен текшерүүчү топтун жыйынтыктарын салыштыруу менен талдоо.

Жыйынтык чыгарууда аныктоочу этапта белгиленген *үч деңгээлдик* (жогорку, орто, төмөн) негиздеги салыштыруу колдонулду.

Жыйынтыктоочу этапта мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага болгон кызыгуусу ойгонуп, улуттук музыкага болгон көз караштары өзгөрүп, элибиздин улуттук музыкасын угуп, билимдерин тереңдеген.

Жалпы музыкалык билимин текшерүү үчүн аныктоочу этапта берилген тапшырмалар колдонулду: элдик музыканын жанрларын, формаларын аныктоо, улуттук музыкалык аспаптардын бөлүнүшүн так туура айтып берүү, элдик ырлардын негизги жанрларын аткарып берүү, ошону менен бирге "Эстетикалык билим берүү (музыка)" курсун окутууда колдонулган музыканы окутуунун негизги методдорун өздөштүрүү деңгээли белгиленген педагогикалык шарттардын негизинде текшерилди.

Окуу процессинде топтолгон билим жана көндүмдөрдүн негизинде мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусунун калыптанышы кыйла өскөн, алар улуттук музыкалык чыгармалардын жанрларын, формаларын, түрлөрүн эч кыйынчылыксыз аныктап бере алышты.

Жыйынтыктоочу этапта аныктоочу жана калыптандыруучу этапта колдонулган тапшырмалардын сериясы колдонулду.

Баштапкы жалпы музыкалык маданиятын жана улуттук музыкага кызыгуу деңгээлин аныктоочу бүтпөгөн ойду улоо анкеталарына терең, мазмундуу жоопторду жазышты.

Жыйынтыктоочу этапта эксперименттик топтогу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыка, анын жанрлары, аваздык жана аспаптык түрлөрү, аваздык жана аспаптык улуттук музыканын багыттары жөнүндө билимдери тереңдеп, аларды угуу аркылуу кабыл алуусу калыптанып, маани-

мазмундук негизин айтып берүүсү байып, кызыгуусу калыптанган. Уктурулган улуттук музыкалык чыгарманы кунт коюу менен угуп, аларда баа берүү менен музыка угуу жөндөмү калыптанды. Уктурулган чыгарманы талдоодо мектепке чейинки педагогдор эч кыйынчылыксыз чыгарманы, анын авторун, аспаптык же аваздык жанрын, кандай аспапта аткарылып атканын аныктай алышты. Улуттук музыкага кызыктырууга тандап алынган уктурууга берилген комуз күүлөрүнүн сюжеттик программаларын, комуздун жаралыш тарыхын, комуздун толгонуш ыкмалары жөнүндө мазмундуу айтып бере алышат. Өзгөчө алар сюжеттик-мазмунун билген *программалуу күүлөргө* тартылышты. А. Огонбаев “Ак тамак, көк тамак”, “Кыз кербез”, К. Орозов “Кара Өзгөй”, Ы. Туманов “Боз салкын”, К. Кыдырназаров “Кыргыз көчү” ж.б.

Ушул сыяктуу мектепке чейинки педагогдор бешик ырынын түрлөрүнө да кызыгууларын, аларды андан ары үйрөнүп, өнүктүрүүгө умтулгандарын билдиришти. Аларды кызыктырган өзгөчө “алдей-алдей” ырлары жана каалоо ирээтинде ырдалган кыз жана эркек балага арналган бешик ырлары болду.

Тапшырмалардын дагы бир сериясы мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусу калыптанып, алган билимин практикалык негизде пайдалана билүүсүнө арналып, окутуунун акыркы этабында мектепке чейинки педагогдор таанып-билүүчү, бала бакчада көңүл ачуучу иш-чаралардын, майрамдардын сценарийлерин түзүшкөн, “Эстетикалык билим берүү (музыка)” курсун окууда өз алдынча сабактардын конспектилерин иштеп чыгышкан, топторго бөлүнүп улуттук музыканын үлгүлөрүн пайдаланып бала бакчада өткөрүлгөн майрамдардын сценарийлерин түзүшкөн. Мына ушуларды алар бала бакчанын майрамдарында балдар менен иштөөдө пайдаланышты. Практикада балдар менен улуттук музыкалык жанрлар тууралуу, музыкалык чыгармалар тууралуу аңгемелешүүлөрдү кызыгуу менен жүргүзүштү (улуттук музыкалык аспаптар, балдар ырлары, комуз күүлөрүнүн түрлөрү, элдик ырлар). Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун практикалык иштердин жыйынтыгында жогорку деңгээлде деп бааланды, себеби алар балдар менен уюштурулган майрамдык иштерде, сабак учурунда

балдар менен бирдикте бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүндө (угуу, ырдоо, бийлөө, аңгемелешүү, түшүндөрүү, салыштыруу жана оюн ишмердүүлүгү аркылуу ачып берүү ж. б.) активдүүлүктөрүн, кызыгууларын, жакшы билим деңгээлин көрсөтө алышты.

Текшерүүчү жана эксперименттик топтордо алынган жыйынтыктарды салыштыруу менен бирге төмөнкү жыйынтыктарга ээ болдук.

Биз түзгөн педагогикалык шарттардын жана тандап алынган педагогикалык технологиялардын негизинде мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу ийгиликке жетти.

Жыйынтыгында биз мындай корутундуга келдик, мектепке чейинки билим берүү адистигинин мисалында мектепке чейинки педагогдорду даярдоодо "Эстетикалык билим берүү (музыка)" курсун окутууда улуттук музыканы таанытып, билимдерин, чыгармачыл активдүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча туруктуу иш алып баруу жакшы натыйжасын берет.

Ошондой эле окутуунун жыйынтыктарын талдоо көрсөткөндөй, сабакта ар түрдүү музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрү менен иш алып барылган эксперименттик топто мектепке чейинки педагогдордун жетишкендиктери кыйла жогорулады. Өтүлгөн темалардан кийин негизги музыкалык түшүнүктөрдү өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында тесттердин ар кандай түрлөрүн колдондук. Белгиленген педагогикалык шарттар менен методикаларды колдонуу аркылуу музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча иштердин жыйынтыгында мектепке чейинки педагогдордо өтүлгөн темаларды жакшы жана эң жакшы өздөштүргөндүгүн жыйынтыктар көрсөттү.

Бул иштин жүрүшүндөгү *биринчи педагогикалык шарт* сабакты алып баруудагы окутуунун *техникалык каражаттарын* кеңири пайдалануу менен, төмөндөгү *кийинки педагогикалык шарттар* аркылуу ишке ашырылды:

– улуттук музыкага болгон кызыгууну калыптандырууда музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө туура тандалып алынган методдор;

– улуттук музыкага боюнча теориялык билимдердин топтолушу үчүн тандалып алынган улуттук музыканын негизги үч бөлүгүн камтыган *чыгармачыл тапшырмалар*;

– улуттук музыканын бардык багыттары боюнча окуу процессинде жана өз алдынча иштөөдө билимин өркүндөтүү ар бир теманы толуктоо максатында *кошумча аудио же видео көрүү жана музыкалык адабият китептерин окуу аркылуу жүргүзүлдү*;

– мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн музыкалык ишмердүүлүктүн бардык түрүн камтыган *жеке чыгармачыл тапшырмалардын системасын* колдонуу (музыка угуу, аткаруучулук – ырдоо, бийлөө, музыкалык аспаптарда ойноо, чыгармачылык – ырчылык, бийчилик, *импровизация жана музыкалык билим алуучу ишмердүүлүк);*

*– баалоо аркылуу* улуттук музыкага кызыгуусун активдештирүүдө ар бир мектепке чейинки педагогдордун теориялык жана практикалык иштери, кошумча өз алдынча иши бааланып, алардагы шыктанууга шарт түзүп турду.

Эксперименттик иштердин жыйынтыктарын сандык жактан баалоо бири-бирине айкалыштыруу методу менен ишке ашырылды, б. а. пайыздык катыш менен. Сапаттык өсүштүн жүрүшү эксперименттик иштин этаптарын салыштыруу менен ишке ашырылды.

Жыйынтыктоочу этапта калыптандыруучу этаптагы иш процесстеринен кийин мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун талдоодо эксперименттик топтун улуттук музыкага кызыгуу, музыкалык маданияты бир кыйла жогорку ченемге көтөрүлгөн.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун, чыгармачыл шык-дараметтин жана жалпы музыкалык билим деңгээлин эксперименттин негизинде аныктоо үчүн биз баалоонун *3 баскычын* жана алардын *көрсөткүчтөрүн* иштеп чыкканбыз, ошол ар бир баскыч боюнча эксперименттик жана текшерүүчү топтун иштериндеги жетишкендиктер да кыйла жогрулаган:

*Биринчи баскыч* боюнча мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык түшүнүктөрүн жана билимдерин, кандай музыкага баа берелерин (элдик, профессионалдык, заманбап) тактоого багытталган жана улуттук баалуулуктарга болгон көз караштарынын жыйындысын түзгөн тапшырмаларды аныктоочу этап менен салыштырганда текшерүүчү этапта эксперименттик жана текшерүүчү топто да алдыга карай өзгөрүүлөр болгон.

Ошол сыяктуу эле *экинчи баскыч* боюнча да мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага болгон кызыгуусун калыптанышы жана баалоо көрсөткүчтөрү. Бул баскычта мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага болгон кызыгуусун калыптанып, музыкалык чыгармачыл ишмердикке умтулуусу бир кыйла өскөн. Бул баскычтын көрсөткүчтөрү улуттук музыкага болгон туруктуу кызыгуунун болуусу, дайыма улуттук музыкалык маданият боюнча билимин толуктоосу, улуттук музыкалык чыгарманы талдай билүүсү жана аны пайдалануу аркылуу чыгармачыл мотивдин, максаттын болушу эле, ал мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыканын үлгүлөрүн музыкалык ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүндө колдоно билүүсүндө ачык көрүнүп турду.

*Үчүнчү баскычта* мектепке чейинки педагогдорго таандык кесиптик көндүмдөрдүн жана билимдердин топтолушу жана аны практика учурунда колдоно билүүсү да жакшы натыйжасын көрсөттү. Аларда балдардын музыкалык жөндөмдүүлүктөрү жана бала бакчада балдардын музыкалык ишмердүүлүгү боюнча билимдери камтылган.

Бул баскычтын көрсөткүчтөрүн талдаганда мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуу аркылуу окуу-тарбиялык иштерге жаңы нерселерди киргизүү мүмкүнчүлүгү, педагогикалык ишмердүүлүктүн ыргагы менен иштей алуусу, чыгармачыл ой-жүгүртүүгө, коммуникативдүүлүккө жөндөмдүүлүгү бир кыйла жогорку деңгээлди көрсөттү.

Эксперименттик жана текшерүүчү топтун айырмачылыгы улуттук музыканын негизги үч багытында камтылган жанрлар боюнча көрсөткүчтөрдө

терең билимдердин камтылбаганы, ал улуттук музыкаларды музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө жеткиликтүү деңгээлде колдонууда, практикада балдар менен музыкалык-дидактикалык оюндарды уюштурууда, бала бакчада өткөрүлгөн ар кандай майрамдык иш-чараларда музыкалык репертуар тандап, балдар менен музыкалык ишмердүүлүк уюштурууда жана майрамдардын сценарийин түзүүдө болду. Бул алардын улуттук музыканын төмөндөгү багыттары боюнча билимдеринин терең эместиги жана практикалык иштөөдө музыкалык чыгармачыл ишмердүүлүктөрдүн камтылбаганынан кабар берет:

– жалпы улуттук музыкалык өнүгүш жана анын багыттары боюнча;

– улуттук музыканын аспаптык музыкасы жана аспаптары боюнча;

– улуттук музыканын аваздык музыкасы жана анын багыттары боюнча;

– музыкалык чыгармаларды угуп, сезимдик талдоо жасоодо;

– жакшы көргөн, улуттук музыкалык чыгармалардын сандык жана сапаттык болушу.

Төмөндөгү таблица менен диаграммада эксперименттик топ менен текшерүүчү топтун айырмачылыктары көрүнүп турат. Текшерүүнүн жыйынтыктары эксперименттин аныктоочу этабындагы *деңгээлдер* менен салыштырылып талданды. Төмөндөгү таблицада *аныктоочу* эксперименттин жыйынтыгы менен *жыйынтыктоочу* эксперименттин жыйынтыгы жалпыланган негизде берилди.

**Таблица 3. – Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы**

| Деңгээлдери | Эксперименттин этаптары | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аныктоочу этап | | | | Жыйынтыктоочу этап | | | |
| | Эксп. топ | | Текш. топ | | Эксп.топ | | Текш. топ | |
| | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| Жогорку | 0 | 0 | 0 | 0 | 47 | 78,6 | 18 | 29,6 |
| Орто | 15 | 25 | 20 | 33,3 | 13 | 21,4 | 35 | 59,3 |
| Төмөн | 45 | 75 | 60 | 66,7 | 0 | 0 | 7 | 11,1 |

**Диаграмма 2. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун өсүш деңгээли жыйынтыктоочу этапта (Эксперименттик жана текшерүүчү топ).**




Бул маалыматтардын негизинде биз эки топтогу жүргүзүлгөн байкоолорду жыйынтыктадык. Таблица менен диаграммада көрүнгөндөй мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу боюнча иш өз натыйжасын бергени көрүнүп турат.

Улуттук музыкага кызыгуунун *жогорку деңгээли* көрсөткөн мектепке чейинки педагогдордун саны аныктоочу этап менен салыштырганда бир кыйла өскөн. Улуттук музыкага кызыгуунун *жогорку деңгээлине эксперименттик топтун* 78,6 %ы, *орто деңгээлине* 21,4% мектепке чейинки педагогдор ээ болушту. *Төмөнкү деңгээли* көрсөткөндөр жок болду.

Ал эми улуттук музыкага кызыгуунун *жогорку деңгээлине* мектепке чейинки педагогдордун *текшерүүчү топтун 29,6%*ы, *59,3%ы орто*, *төмөнкү деңгээлге 11,1% ы* ээ болду. Ошентип, 29%га төмөнкү деңгээлдеги студенттер азайды, орто денгээлдеги студенттердин саны 11% га өстү, жогорку деңгээлдеги студенттердин саны 17% га көбөйдү.

Жыйынтыктап айтканда, биз өзүбүздүн изилдөөбүздө мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу боюнча жүргүзгөн эксперименттик ишибиз алардын чыгармачыл активдүүлүгүн, улуттук музыкага кызыгуусун жогорулатуудагы негизги каражат болуп, алардын улуттук музыка боюнча билимдеринин топтолушуна түзүлгөн педагогикалык шарттар жана белгиленген педагогикалык технологиялардын натыйжалуу экендигин далилдедик.

## ҮЧҮНЧҮ ГЛАВА БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫК

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн белгиленген педагогикалык шарттардын жана белгиленген педагогикалык технологиялардын натыйжалуулугун далилдеп, бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүндө улуттук музыканын бардык багыттары боюнча педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү.

Эксперименттик иште мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыканын багыттары боюнча чыгармачылык активдүүлүктөрү калыптанып, кызыгуулары ойгонуп, билим деңгээлдери өскөндүгү байкалды. Бул алардын атайын "Эстетикалык билим берүү (музыка) курсу үчүн иштелип чыккан улуттук музыканы камтыган тапшырмалар системасынын, жеке чыгармачыл тапшырмалар, тесттер, аткаруучулук ишмердүүлүктөрдөн, практикалык сабактардын, анкеталардын, аңгемелешүүлөрдүн, тесттердин анализинде байкалды.

Бала бакчада музыка сабагында колдонулган балдардын музыкалык ишмердүүлүгү (музыка угуу, ырдоо, аткаруу, музыкалык-ритмикалык кыймылдарды жасоо, импровизация, ырчылык, бийчилик, балдардын музыкалык аспаптарда ойноосу) боюнча өтүлгөн сабактарда улуттук музыканын үлгүлөрү колдонулган, булар мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык маданиятка болгон көз караштарын өзгөртүп, улуттук баалуулуктарды баркта п, келечек муундарды тарбиялоодо пайдалана турганы алардын эрудицияларынан, сезимдик баалоолорунан, музыкалык ишмердүүлүктөрүнөн байкалды.

Эксперименттик иште мектепке чейинки педагогдордун музыкалык чыгармачыл ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн түзүлгөн педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгү аныкталды: музыка угууда баалоо жана музыкалык талдоо берүү менен угууга, аткаруучулук ишмердүүлүктө атайын спецификалык методдор менен пайдалана билүүсүндө, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүчү тапшырмалар системасын, тесттерди

аткарууда, бала бакчада уюштуруулучу майрамдардын сценарийлерин түзүүдө, жалпы музыкалык билимдерге ээ болуусунан өсүш кыйла байкалып турду.

Изилдөөнүн аныктоочу этабынын жыйынтыгында мектепке чейинки педагогдордун жалпы музыкалык жана улуттук музыка боюнча билимдерин баалоо боюнча берилген тесттер, бүтпөгөн ойду толуктоо анкеталары, аңгемелешүүнүн жыйынтыктары алардын улуттук музыкага кызыгууларынын деңгээлин эч көрсөтө алган эмес, ошондой эле негизги музыкалык маалыматтарды билбегендери аныкталган.

Калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктары мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн аныкталган педагогикалык шарттарга жана белгиленген педагогикалык технологияларга таянуу менен алып барылган иштин оң натыйжа бергенин көрсөтүп турат. Педагогикалык шарттардын жана иштелип чыккан методдордун негизинде балдардын музыкалык ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндө *(музыка угуу, аткаруучулук - ырдоо, музыкалык-ритмикалык кыймылдар, чыгармачылык жана музыкалык билим берүүчүлүк ишмердүүлүктөр)* мектепке чейинки педагогдордун музыкалык чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн улуттук музыканын бардык багыттарын колдонуу аркылуу калыптандырууга жасаган ишибиз өз натыйжасын берди.

Өздөштүрүлгөн музыкалык материал аркылуу алардын улуттук музыкага кызыгуусу гана жогорулабастан, жалпы музыкалык маданиятка болгон кызыгуулары да жогорулагандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Улуттук музыканын үлгүлөрүн системалуу колдонуу билим, билгичтик жана көндүмдөрдү жогорулатууга, улуттук музыкага кызыгууну калыптандырууга гана көмөктөшпөстөн, жалпы улуттун тарыхын, маданиятын, салт-санасын, адеп-ахлагын, улуттук көрөңгөнү жандандыруучу каражат катары да кызмат кылат, себеби кыргыз эли өзүнүн башынан өткөргөн жашоо-турмушун, кайгы-капасын, кубанычын, сүйүүсүн, тарыхый басып өткөн жолун жазуусу жок, оозеки түрдө, өзү ойлоп тапкан музыкалык

аспаптардын коштоосунда муундан-муунга өткөрүп келе жатат. Эксперименттик иште колдонулган улуттук музыканын үлгүлөрү – аспаптык музыканын туу чокусу – комуз күүлөрү, кыл кыяк күүлөрү, сыбызгы, чоор, темир жана ооз комуз, керней, сурнай үчүн жазылган музыкалык чыгармалар улуттук көрөңгөнүн бай казынасынан. Андыктан улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн жүргүзүлгөн эксперменттик иш мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыка боюнча, ал музыкалардын жаралыш тарыхы, жаратуучулары, аткаруу ыкмалары, мазмундук маани-маңызы боюнча билимдерин толуктап, кызыгууларын ойготууга шарт түздү деп айта алабыз.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөбүздө жүргүзүлгөн эксперименттик иштин негизинде улуттук музыканын негизги багыттары мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгууларын жогорулатып, калыптандыруучу негизги каражат экендигин далилдедик.

**ИЗИЛДӨӨГӨ ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыктыруунун маани-маңызын теориялык жактан талдоодо музыкага кызыгуу инсандын психологиялык, сезимдик абалынан, таанып билүүчүлүк аракетинен, музыканы кабыл алууга түзүлгөн педагогикалык шарттардан жана туура белгиленген педагогикалык технологиялардан көз каранды экендиги аныкталды. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусу улуттук музыканын ар кандай жанрлары аркылуу музыкалык чыгармачыл жөндөмдүүлүктү калыптандыруудан, жеке чыгармачыл активдүүлүгүнөн, эң негизгиси билимдердин, билгичтиктердин топтолуусунан көз каранды.

Диссертациялык изилдөөдө мектепке чейинки билим берүү адистигинин мисалында мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн теориялык материалдарды үйрөнүү, көйгөйдү ар тараптан изилдөө жана аны экспериментте текшерүү төмөндөгүдөй **жыйынтыктарды чыгарууга** алып келди:

1. Мектепке чейинки педагогдорго кесиптик билим берүүдөгү улуттук музыканын негизги орду катары төмөндөгүлөрдү баса белгилейбиз: *улуттук музыка* жалпы жана профессионалдык компетенцияларын калыптандырууда күчтүү каражат; ички жана сырткы гармониялуулукка жол ачкан руханий-педагогикалык билимдердин булагы боло алат; инсандык, гумандуулук, нравалык, профессионалдык маданиятынын калыптанышына чоң таасир берип педагогикалык чеберчиликтерин калыптандырат; адеп-ахлагын калыптандырып, эли-жерин сүйүүгө, элдик каада-салттарды билүүгө, сактоого шарт түзүп, чыгармачыл ишмердүүлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө жол ачып, көркөм-эстетикалык табиттерин өстүрөт.

2. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу өз ара бири-бири менен тыгыз байланыштагы аксиологиялык, когнитивдик, практикалык, эмоционалдык, рефлексивдик сыяктуу компоненттердин байланышынан тургандыгы аныкталды: Бул аныкталган

компоненттер улуттук музыканы үйрөнүүнү шарттап, ал аркылуу келечек муундарды тарбиялоочу билгичтиктер менен көндүмдөрдүн тутумун түзөт.

Ал эми критерийлик мүнөздөмөнүн көрсөткүчү мектепке чейинки педагогдор улуттук музыкадагы этнопедагогиканын осуяттарын окуп-үйрөнүп, билим жана билгичтиктери менен бала бакчада балдардын адеп-ахлактык, этномаданий, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык көз караштарын камсыз кылып, көркөм-эстетикалык табиттерин калыптандырып, таалим-тарбиянын маани-мазмундук касиеттерин билип, интерпретациялап педагогикалык технологиялар менен иш алып бара алышат.

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага болгон кызыгуулардын көрсөткүчтөрүнүн негизинде *жогорку, орто, төмөн деңгээлин* аныкталып, жогорку деңгээл аныктоочу этапта о%, калыптадыруучу этапта 16,7%, жыйынтыктоочу этапта 78,6%, орто деңгээл аныктоочу этапта 25%, калыптандыруучу этапта 58,3%, жыйынтыктоочу этапта 21,4%, төмөнкү деңгээл аныктоочу этапта 75%, калыптадыруучу этапта 25%, жыйынтыктоочу этапта 21,4% көрсөттү.

3. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу тандалып алынган педагогикалык методдордон, шарттардан көз каранды, алардын негизинде кесиптик компетентүүлүктөрү, кызыгуулары калыптандырылат. Изилдөөдө негизги беш педагогикалык шартты аныктадык:

– *техникалык каражаттар* – улуттук музыкага кызыгууну калыптандырууда чоң мааниге ээ, себеби, ар бир уктурулган музыкалык чыгарманы терең ачып берүүдө, талдоодо, жеткиликтүү кабыл алууда чоң жардамчы катары эффективдүүлүктү күчөтөт.

– педагогикалык методдор – кызыгууну арттырып, билим жана билгичтиктерди калыптандырууда туура тандалган методдор зарыл, ар бир улуттук музыкалык чыгарманы терең ачып берүү үчүн окутуунун салттык жана интерактивдик методдору колдонулду.

– улуттук музыканы камтыган тапшырмалардын системасы – улуттук музыканын аспаптык жана аваздык бөлүктөрүнүн жанрларын айырмалоо,

классификациялоо, чыгармаларды талдоо, ырларды жаттоо, кластер түзүү, кроссворд толтуруу, репертуар тандоо, сценарий түзүү, тест, эссе жазуу, ж.б.

– өз алдынча аткаруу боюнча тапшырмалар, тесттер системасы – улуттук музыканын аспаптык жана аваздык бөлүктөрү, комузчу, аткаруучулар, чоорчулар боюнча ар кандай булактардан окуу, билимдерин баютуу, чыгармаларды талдоо, ырларды жаттоо, кластер түзүү.

– баалоонун формативдик *(түздөн-түз байкоо жүргүзүү, дил баян, кыскача эссе, тест, оозеки экзамен,билц-суроо, портфолио, өз ара баалоо, өзүн-өзү баалоо)* жана суммативдик баалоо *(билим жыйынтыгын, компетенцияларын аныктоо)* түрлөрү.

4. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгында мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусу салыштырмалуу бир кыйла жогорулады. Улуттук музыкага кызыгуунун жогорку деңгээлине эксперименттик топтун 78,6 %ы, орто деңгээлине 21,4% мектепке чейинки педагогдор ээ болушуп, төмөнкү ченемди көрсөткөндөр жок болду. Ал эми текшерүүчү топто жогорку деңгээлге мектепке чейинки педагогдордун 29,6%ы, 59,3%ы орто, төмөнкү деңгээлге 11,1% ы ээ болду. Ошентип, 29%га төмөнкү деңгээлдеги көрсөткүч азайды, орто денгээлдеги көрсөткүч 11% га өстү, жогорку деңгээлдеги көрсөткүч 17% га көбөйдү.

Изилдөөнүн максаты катары алган мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда улуттук музыканын орду, мазмуну, критерийлик көрсөткүчтөрү, деңгээлдери ачып көрсөтүлдү, аныкталган педагогикалык шарттар улуттук музыкага болгон жаңы кызыгууларга жол ачып, колдонулган педагогикалык технологиялар оң натыйжасын берип, улуттук музыкага кызыгуу бир кыла жогорулады.

**Практикалык сунуштар:**

1. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн музыкалык ишмердүүлүктүн бардык түрүндө иш алып баруу үчүн шарт түзүү зарыл.

2. Улуттук музыканы камтыган ноталык адабияттарды, аудио, видео жазууларды (CD, DVD), көрсөтмө куралдарды бала бакча үчүн чыгаруу керек.

3. Бала бакчада улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуп, музыкалык-дидактикалык оюндарды, музыкалык викториналарды уюштуруу зарыл.

4. Илимий изилдөөнүн натыйжаларын улуттук баалуулуктарды жандандыруу, сактоо максатында мектепке чейинки педагогдорду даярдаган жогорку жана орто окуу жайларына жайылтуу зарыл.

5. Мектепке чейинки педагогдорду даярдаган жогорку жана орто окуу жайлары үчүн улуттук музыканы камтыган методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу керек.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абдиев, Т. Залкарлар [Текст] / Т. Абдиев // Ала Тоо. – 1993. – №1.
2. Абдыраимова, Р.А. Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей [Текст]: монография / Р.А. Абдыраимова. – Киев, 1997. – 187 с.
3. Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М. Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 480 с.
4. Абышев, К.Н. Эстетическое воспитание студентов педвузов средствами киргизского музыкально-песенного фольклора [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / К.Н. Абышев. – М., 1987. – 17 с.
5. Айтматов, Ч. Мурас – биздин жалпы кенчибиз [Текст] / Ч. Айтматов // Китепте «Кожожаш» Эл адабияты» сериясына жазылган баш сөз. – Бишкек, 1996. – 6-9-бб.
6. Айтмамбетов, Д. Культура киргизского народа во второй половине 19 и в начале 20 века [Текст] / Д. Айтмамбетов. – Фрунзе, 1967. – 83 б.
7. Акматалиев, А. Баба салты, эне адеби: Элдик салт [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек, 1993. – 229 б.
8. Алагушев, Б. Кыргыз элдик музыкалык аспаптары [Текст] / Б. Алагушев. – Фрунзе, 1974. – 60 б.
9. Алагушев, Б. Комузчулар өнөрү [Текст] / Б. Алагушев. – Фрунзе, 1976. – 60 б.
10. Алагушев, Б. Кыргыз музыкасынын чалгынчысы [Текст] / Б. Алагушев. – Фрунзе, 1969.
11. Алагушев, Б. Кыргыз композиторлору [Текст] / Б. Алагушев. – Фрунзе, 1964.
12. Алагушев, Б. Кыргыз комузчулары жана комуз күүлөрү [Текст] / Б. Алагушев. – Фрунзе, 1961.
13. Алагушев, Б. Музыка боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү [Текст] / Б. Алагушев. – Фрунзе, 1974.
14. Алагушев, Б. Кыргыз музыкасы [Текст]: энциклопедия / Б. Алагушев. – Бишкек, 2007. – 532 б.

15. Алагушев, Б. Карамолдонун күүлөрү [Текст] / Б. Алагушев, Т. Медетов. – Фрунзе, 1978.
16. Алиев, Ю.Б. Методика музыкального воспитания детей от детского сада к начальной школе [Текст] / Ю.Б. Алиев. – Воронеж: Модэк, 1998. – 350 с.
17. Алиев, Ю.Б. Формирование музыкальной культуры школьников-подростков [Текст]: автореф. дис. … д-ра пед. наук: 13.00.01 / Ю.Б. Алиев. – М., 1987. – 32 с.
